# Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) “2024-жылы адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин абалы жөнүндө” баяндамасы

## МАЗМУНУ:


**Кириш сөз** ..................................................................................................... 5

**Акыйкатчынын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Токтому менен бекитилген сунуштамаларынын аткарылышы** .................................... 7

**1-ГЛАВА. Акыйкатчы Институтунун ишинин сереби** ................................... 8
1.1. Жарандардын кайрылуулары ................................................................ 14
1.2. Эл аралык кызматташуу ........................................................................ 21
1.3. Мыйзамдарды өркүндөтүү ...................................................................... 22
1.4. ЖМК менен кызматташуу ........................................................................ 26

**2-ГЛАВА. Жарандык жана саясий укуктардын сакталышы** ............................ 35
2.1. Сөз эркиндигине жана тынч чогулуштарга болгон укуктар ........................ 35
2.2. Жарандардын шайлоо укугу .................................................................. 37
2.3. Өзгөчө кырдаалдар пайда болгон учурда өмүрдү, ден соолукту жана жеке мүлктү коргоого укугу ........................................................................... 39

**3-ГЛАВА. Сотко чейинки сот өндүрүшүндө жарандардын укуктарынын сакталышы** ............................................................................................. 41
3.1. Адамдардын сотко чейинки процесстеги укугу ........................................ 41
3.2. Эркиндигин чектөө жана ажыратуу жайларындагы адамдардын укугу .......... 45

**4-ГЛАВА. Сот өндүрүшүндө жарандардын укуктарынын сакталышы** .............. 50
4.1. Иштердин өз убагында каралуусуна укук................................................ 50
4.2. Сот процессинин катышуучуларынын укуктарын камсыз кылуу .................. 54

**5-ГЛАВА. Социалдык, экономикалык укуктардын сакталышы** ......................... 60
5.1. Саламаттыкты сактоого укук.................................................................. 60
5.2. Билим алууга болгон укук....................................................................... 62

**6-ГЛАВА. Аялдардын жана балдардын укуктарынын сакталышы** .................... 70
6.1. Үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган аялдардын укугу .................................. 70
6.2. Эрте никеге туруунун кесепеттери ........................................................ 75
6.3. Жатак мекемелериндеги балдардын укуктары ........................................ 77
6.4. Балдардын мүлктүк укуктары................................................................. 81

**7-ГЛАВА. Жарандардын айрым категорияларынын укуктарынын сакталышы** ........................................................................................................85
7.1. Майыптыгы бар адамдардын укуктары (сот адилеттигине жеткиликтүүлүк) ..85
7.2. Психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктары ...............................92
7.3. Мигранттардын укуктары ...........................................................................95
7.4. Аскер кызматчыларынын укугу......................................................................97

**№1 Тиркеме.** 2024-жылы жарандардын укуктарын бузган жана КР Акыйкатчысынын сунуштамаларын аткарбаган мамлекеттик органдардын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана алардын кызмат адамдарынын тизмеги.............102

**№2 Тиркеме.** 2024-жылы жарандардын укуктарын бузган, КР Акыйкатчысынын сунуштамаларын аткарган мамлекеттик органдардын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана алардын кызмат адамдарынын тизмеги.............104

**№3 Тиркеме.** КР Акыйкатчы Институтунун 2024-жылга бюджеттик сметасынын аткарылышы жөнүндө отчету.........................................................................105

**Кыскартуулардын тизмеси:**

**АВЖ –** Аудио-видео жазуу;
**МБАА** – Майыптыгы бар балдардын ата-энелеринин Ассоциациясы;
**КБӨА** – Кыргызстанда билим берүүнү өнүктүрүү Ассоциациясы;
**АТФ** – Азия-Тынч океан форуму;
**АЭҮ** – Автоматтык эсептөө үкөктөрү;
**АДК** – Аскердик-дарыгерлик комиссия;
**АИЖВ** – Адамдын иммуно-жетишсиздик вирусу;
**КР ЖС** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту;
**КР ПА** – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы
**ЖОЖ –** Жогорку окуу жайы;
**КР ЖС караштуу СЖМ –** Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу Сот адилеттиги Жогорку мектеби;
**МКЮЖ** – Мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам;
**КР УКМК –** Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети;
**КР БП –** Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы;
**КР ЖПК –** Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодекси;
**ДНК** – Дезоксирибонуклеиндик кислотасы;
**ККД** – Калкты каттоо департаменти;
**ЖТБМ –** Жатак тибиндеги балдар мекемеси;
**ЕАЭБ –** Евразиялык экономикалык бирлик;
**ЕБС –** Европа бирлиги;
**КР ЖК –** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши;
**УКЖ –** Убактылуу кармоочу жай;
**БИК –** Балдар иштери боюнча комиссия;
**КР МК –** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети;
**КР ББИМ –** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги;
**КР ИИМ –** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги;
**КР КМ –** Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги;
**АЭМУ –** Эл аралык миграция уюму;
**ЖСУЭП –** Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт;
**ЖӨБ –** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу;
**МСЭК –** Медициналык-социалдык эксперттик комиссиясы;
**КР ЭСКММ –** Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги;
**КР СӨМ –** Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги;
**КР ӨКМ –** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги;
**КР ЮМ –** Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги;
**КЭУ –** Коммерциялык эмес уюму;
**ЧУА –** Ченемдик укуктук акт;
**УККУ –** Улуттук укук коргоочу уюм;
**БУУ –** Бириккен Улуттар уюму;
**ЖРТ –** Жалпы республикалык тестирлөө;

**КРӨ –** Кыргыз Республикасынын Өкмөтү;
**ПМПК –** Психологиялык-медициналык-педагогикалык консультация;
**ПССМ –** Психоневрологиялык социалдык-стационардык мекемелер;
**РИИБ –** Райондук ички иштер бөлүмү;
**РПО –** Республикалык психиатриялык оорукана;
**РПНБ –** Республикалык психиатрия жана наркология борбору;
**КР ЮМ караштуу ЖАК –** Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу жаза аткаруу кызматы;
**ЖМК –** Жалпыга маалымдоо каражаттары;
**КМШ –** Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги;
КР ИИМ КК **–** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин күзөт кызматы;
**ККК –** Күзөт жана коштоо кызматы;
**ССМ –** Социалдык-стационардык мекеме;
**КР ЮМ караштуу СЭК –** Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Соттук-эксперттик кызмат;
**ИИБ –** Ички иштер башкармалыгы;
**БУУ КЖКБ –** Бириккен Улуттар Уюмунун качкындардын иши боюнча Башкы комиссарынын башкармалыгы;
**БУУ АУЖКБ –** Бириккен Улуттар Уюмунун адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгы;
**ШММБ –** Шарттуу-мөөнөтүнөн мурда бошотуу;
**ШУ –** Шайлоо участогу;
**УҮИ –** Ультра-үндүк изилдөө;
**КР КЖАК –** Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза аткаруу кодекси;
**КР КЖК –** Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодекси;
**КР КЖПК –** Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза процесстик кодекси;
**АУЫ –** Адам укуктары боюнча Ыйгарым укуктуу;
**КР БШК –** Кыргыз Республикасынын Борбордук Шайлоо комиссиясы;
**ЮНИСЕФ –** Бириккен Улуттар Уюмуна караштуу Эл аралык балдарга жардам көрсөтүү өзгөчө фонду (United Nations Children's Fund);
**КР ИИМ КК ТБ –** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин күзөт кызматынын түштүк башкармалыгы.

# КИРИШ СӨЗ

**Урматтуу Төрага!**

**Урматтуу депутаттар!**

Сиздердин карооңуздарга «КР Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык, «2024-жылы адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин абалы жөнүндө» баяндаманы сунуштаймын.

Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарын сактоо абалынын олуттуу жакшырганына карабастан, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин натыйжалуу коргоону камсыз кылууда көйгөйлөр сакталып калууда. Орун алган чакырыктарга кошумча, адам укуктарынын жана эркиндиктеринин ар кыл чөйрөлөрүндө орун алган көйгөйлөр жана коомдун бул багытта улам күчөп бараткан суроо-талаптары мамлекеттик институттардын ырааттуу, натыйжалуу жана тутумдуу иштөөлөрүн талап кылууда. Биринчи кезекте, колдонуудагы мыйзамдарды жана иш-тажрыйбаны өркүндөтүү, мамлекеттик эмес субъекттер менен өнөктөштүк мамилелерди жакшыртуу, адам укуктарынын жана эркиндиктеринин ишке ашырылышын көзөмөлдөө, адам укуктарынын жана демократиянын деңгээли боюнча эл аралык рейтингдерде жана индекстерде өлкөнүн аброй, беделин арттырууга көмөктөшүү зарыл.

Кыргызстандын бардык облустарындагы жарандар менен жолугушуулар айрым социалдык-экономикалык мүнөздөгү, укук коргоо жана сот органдарынын иш-аракеттерине даттануулар, үй-бүлөлүк зомбулук, ошондой эле мигранттарга байланыштуу маселелердин актуалдуулугу сакталып турганын көрсөтүүдө.

Акыйкатчы Институту мындай маселелерди чечүүдө адам укуктарын бузуу жүйөлөрү боюнча жарандардын кайрылууларын кабыл алуу жана кароо, мониторинг жүргүзүү жана адам укуктарынын бузулушун алдын алуу үчүн мамлекеттик мекемелерди инспектирлөө, мыйзамдарды жана эл аралык кызматташтыкты өркүндөтүү боюнча иштерди күчөтүү аркылуу жүзөгө ашырууда.

2024-жылы жарандардын кайрылууларын кароо боюнча иштерге өзгөчө көңүл бурулду. Натыйжада, мурунку жылга салыштырмалуу бузулган укуктарды калыбына келтирүүнүн үлүшү үч эсе өстү. Ошого жараша, Көңүл буруу актыларынын саны да үч эсе көбөйдү, мында алардын мамлекеттик органдар тарабынан аткарылышы дагы бир кыйла жогорулады.

Системдүү көйгөйлөрдү табуунун жана адам укуктарынын бузулушунун алдын алуунун негизги аспабы катары мониторингдер, инспектирлөө жана иликтөөлөр бир кыйла кайтарымдуу пайдаланыла баштады жана алардын саны 2023-жылдын көрсөткүчтөрүнө караганда эки эсе арбыды.

Адам укуктары жаатындагы мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча мамлекеттик органдар менен да өз ара аракеттенүү бир кыйла жакшырды. Акыйкатчы Институту мурунку жылга караганда, 2024-жылы дээрлик үч эсе көп ченемдик укуктук актылардын талдоосун жана экспертизасын өткөрдү. 2023-жыл үчүн жылдык баяндамада чагылдырылган Акыйкатчынын сунуштамаларынын аткарылышы, биринчи жолу анын жалпы санынын үчтөн экисин түзгөнүн белгилей кетүүм керек.

Жарандардын бузулган укуктарын калыбына келтирүүнүн дагы бир механизмине – жалпыга маалымдоо каражаттары менен өз ара аракеттенүүгө чоң көңүл бурулууда. Өз ара аракеттенүүнүн натыйжалуу жолго коюлган тутуму, тигил же бул көйгөйгө карата ыкчам чара көрүүгө жана салыштырмалуу кыска мөөнөттө

тийиштүү натыйжага жетишүүгө мүмкүнчүлүк түзүүдө. Адам укуктарын бузуунун тигил же бул одоно фактыларына карата Акыйкатчынын көпчүлүк эл алдына ачык чыгуулары жана чакырыктары резонанс жаратып, мамлекеттик органдар тарабынан токтоосуз чара көрүлүшүнө олуттуу түрткү болууда.

Мындан тышкары, КР Министрлер Кабинетине караштуу адам укуктары боюнча Координациялык кеңештин ишине катышуу адам укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу жана коргоо механизмдерин өркүндөтүүгө жана адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык милдеттенмелерди ишке ашырууга жардам берүүдө.

Акыйкатчы Институту 2024-жылы мигранттардын укуктарын коргоодо КМШ адам укуктары боюнча Комиссиясынын аянтын жигердүү пайдаланды. КМШ мейкиндигиндеги мигранттардын укуктарын талдоо жана алардын абалын жакшыртуу боюнча Акыйкатчы Институту даярдаган сунуштамалар Комиссия тарабынан көңүлгө алынды жана мыйзамдарды өркүндөтүүдө пайдаланууда эске алуу үчүн мамлекеттик органдарга жиберүү сунушталды.

Акыйкатчы Институту «Кыргызстан – Европа Биримдиги» алкагында кызматташуучу мамлекеттик органдардын курамына кирди, бул дагы адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоодо чоң өбөлгө болмокчу.

Жетишкен ийгиликтерге карабастан, колдо болгон мүмкүнчүлүк, аспаптарды пайдалануунун натыйжалуулугун дагы арттыруу, ири кайтарым-натыйжаларга жетишүү, Акыйкатчы Институтунун ишин өркүндөтүү жана иштин жаңы формаларын издеп табуу талап кылынат.

Адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо бардык мамлекеттик органдар үчүн артыкчылыктуу багыт болуп саналат, анткени адамдын укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет, алар түздөн-түз колдонулат, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишинин маңызын жана мазмунун аныктайт.

**Урматтоо менен**
**Дж. А. Джаманбаева**

## Акыйкатчынын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин "2024-жылдын 22-майында № 2079-VII" Токтому менен бекитилген сунуштарынын аткарылышы

Мыйзамдарды жана укук колдонуу иш-тажырыйбасын өркүндөтүү үчүн, адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун натыйжалуулугун арттыруу максатында, иштин жыйынтыгы боюнча Акыйкатчы 2023-жыл үчүн мамлекеттик органдарга сунуштарды берген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2024-жылдын 22-майында Акыйкатчынын жылдык баяндамасын угуп, № 2079-VII Токтому менен мамлекеттик органдарга тиешелүү сунуштарды жана тапшырмаларды жиберген.

Ушул токтомдун 4-пунктун аткаруу үчүн Акыйкатчы Институту алардын тийиштүү мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана токтомдун 2-пунктунда көрсөтүлгөн башка субъекттер тарабынан аткарылышына мониторинг жүргүзгөн.

Ошентип, Акыйкатчынын 65 сунуштарынын ичинен – 42 аткарылган, 2 – аткарууда, 15 – аткарылбаган, 6 мамлекеттик органдар сунуштардын аткарылышы тууралуу маалыматтарды беришкен эмес.

**Сунуштарды аткарбагандар:**

- КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги – 3 пункт боюнча;
- КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги, КР Финансы министрлиги менен биргеликте – 1 пункт боюнча;
- КР Финансы министрлиги – 1 пункт боюнча;
- КР Коргоо министрлиги – 2 пункт боюнча;
- КР Юстиция министрлиги – 1 пункт боюнча;
- КР Саламаттыкты сактоо министрлиги – 2 пункт боюнча;
- КР Жогорку соту – 2 пункт боюнча;
- КР Башкы прокуратурасы – 1 пункт боюнча;
- КР Ички иштер министрлиги – 1 пункт боюнча.

**Маалымат бергендер эмес:**

- КР Министрлер Кабинети – 2 пункт боюнча;
- КР Жогорку соту – 3 пункт боюнча;
- КР Билим берүү жана илим министрлиги, КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги менен биргеликте – 1 пункт боюнча.




# 1-ГЛАВА.
# АКЫЙКАТЧЫ ИНСТИТУТУНУН ИШИНИН СЕРЕБИ

Адам укуктарын коргоонун улуттук тутуму адам укуктарынын жана эркиндиктеринин кепилдиктеринин мамлекет тарабынын аткарылышын, адам укуктары жана эркиндиктери жаатында эл аралык ченемдерди жана принциптерди сактоодо өзүнө алган милдеттенмелерди аткаруусун көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Акыйкатчы Институтунун ишинин негизги багыттары, биринчи кезекте, ага мыйзамдарда жүктөлгөн милдеттер менен аныкталат. «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө» Мыйзамга ылайык, Акыйкатчы Институтунун негизги милдеттери адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин сактоого, адамдын жана жарандын бузулган укуктарын калыбына келтирүүгө көмөктөшүү; адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери жөнүндө КР мыйзамдарын Конституцияга, ушул жааттагы эл аралык стандарттарга ылайык келтирүүгө көмөктөшүү; адамдын жана жарандын укуктарынын жана

эркиндиктеринин маселелери, аларды коргоонун формалары жана усулдары боюнча калкты укуктук жактан агартуу жана кабарландыруу; адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жаатында эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү болуп саналат.

Отчеттук мезгилде Институт тарабынан аткарылган милдеттер тутумдук, институционалдык жана түзүмдүк-функционалдык маселелерди чечүүгө, адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин абалы жөнүндө комплекстүү жагдайды түзүү үчүн тийиштүү шарттарды түзүүгө багытталган.

Адам укуктарын бузуу жүйөлөрү боюнча жарандардын кайрылууларын кароо, жеке кабыл алууларды, мониторингдерди жүргүзүү жана адам укуктарын бузулушун алдын алуу үчүн мамлекеттик мекемелерди инспектирлөө, мыйзамдарды жана эл аралык кызматташтыкты өркүндөтүү - Акыйкатчы Институтунун негизги аспаптары болуп саналат.

Жарандардын Акыйкатчыга кайрылууларынын саны – калктын өсүп бара жаткан укуктук сабаттуулугунун, алардын Акыйкатчы Институту тууралуу кабардар болгондугунун жана ага карата ишеним деңгээлинин жогорулап бараткандыгынын көрсөткүчү болуп саналат. Акыйкатчы Институтуна 2024-жылы 9283 кайрылуу келип түшкөн, алардын: 2663 (23,5%) жазуу жүзүндө (анын ичинде 78 жамааттык), 6620 (53,7%) оозеки кайрылуу.

Колдонуудагы мыйзамдарга ылайык, кайрылууларды кароонун жыйынтыктары боюнча Акыйкатчы чечимдеринде же аракеттеринде (аракетсиздиктеринде) адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузуулар байкалган мамлекеттик органдарга, муниципалдык органдарга, уюмдарга, кызмат адамдарына **Көңүл буруу актыларын** жиберет.

Отчеттук мезгилде 140 Көңүл буруу актысы жиберилген, алардын ичинен: 125 (89,3%) мамлекеттик органдар тарабынан каралган, бузулган укуктарды калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлгөн; 9 (6,4%) боюнча чара көрүлгөн эмес; 6 (4,3%) кароодо турат. Көрүнүп тургандай, Көңүл буруу актыларынын көпчүлүк бөлүгү оң чечилген, бул аларда камтылган талаптардын канааттандырылышына алып келген. Натыйжада бузулган укуктар калыбына келтирилген же жооптуу адамдар жоопкерчиликке тартылган.

Адам укуктарынын бузулушун алдын алуу максатында, ошондой эле жарандардан келип түшкөн даттануулар боюнча Акыйкатчы Институту тарабынан 420 **мониторинг жана инспектирлөө** өткөрүлгөн. Анын ичинде мажбурлап кармоо жайларына – 258, саламаттык сактоо мекемелерине – 24, социалдык стационардык мекемелерине – 30, билим берүү жана башка мекемелерге – 16 испекциялык чыгуулар болгон. Жарандардын айрым категорияларынын укуктарынын жана эркиндиктеринин абалы жөнүндө – 20 иликтөө өткөрүлгөн.

Кайрылуулар менен иштөөдө ченемдик деңгээлде жөнгө салууну талап кылган системдүү көйгөйлөр табылганда, бийлик органдарына укуктарды ишке ашыруунун жана коргоонун **ченемдик механизмдерин өркүндөтүү** боюнча сунуштар жөнөтүлгөн. Акыйкатчы Институту тарабынан келип түшкөн ченемдик укуктук актылардын 101 долбоорунун экспертизасы өткөрүлгөн, алардын 38 боюнча сунуштар жана ой-пикирлер берилген.

«Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө» КР Мыйзамынын айрым ченемдеринин иш жүзүндө ишке ашырылышын талдоо орун алган КР Конституциясынын ченемдерине шайкеш эместиктерди, ошондой эле Акыйкатчынын макамын жана ыйгарым укуктарын адам укуктары боюнча улуттук органдардын ролун, түзүмүн, жоболорун жана иш-милдеттерин аныктоочу эл аралык принциптерге ылайык келтирүүнүн зарылдыгын көрсөттү. Натыйжада, КР Жогорку Кеңешинин депутаттары тарабынан адам укуктары боюнча көз карандысыздыгын

жана кеңири мандатын, ошондой эле Акыйкатчыны тандоонун жана шайлоонун ачык-айкын жана инклюзивдик процесстери каралган «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө» КР Конституциялык Мыйзамынын долбоору иштелип чыкты.

Институттун жарандарды адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери жөнүндө, аларды ишке ашыруунун жана коргоонун формалары жана жолдору жөнүндө **укуктук агартуу жана кабарландыруу** боюнча иштери, Акыйкатчынын жарандардын укуктук маданиятын жогорулатуу аркылуу, бузуулардын алдын алууга өбөлгө болуучу ишмердигинин түзүүчү негизи катары каралат. Институттун кызматкерлери тарабынан тигил же бул даталарга арналган акциялардын алкагында тийиштүү иш чаралар өткөрүлөт. Жарандарга алардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча консультациялар, түшүндүрүүлөр жана сунуштамалар берилет. Алып айтсак, ЖОЖдордун 2,5 миңден ашуун студенттери жана орто мектептердин жогорку класстарынын окуучулары үчүн 49 лекция\семинарлар өткөрүлгөн.

2024-жылдын отчеттук мезгилинде Кыргызстанда жана анын чегинен тышкары **жалпыга маалымдоо каражаттарында,** ошондой эле КМШ өлкөлөрүнүн социалдык тарамдарында КР Акыйкатчысынын ишмердиги жөнүндө интервью, басма-сөз релиздери, комментарийлер, ток-шоу, маалыматтык программалар, берүүлөр, актуалдуу ток-шоу түрүндө **2000** материал жарыяланган, ошондой эле Акыйкатчынын жана институттун кызматкерлеринин катышуулары менен түз эфирлер өткөрүлгөн. Алардын ичинде: **74** басма-сөз релиздери, **120** макала, 5**0** видео материал, ошондой эле **40** видео- жана радиоэфирлер бар. Институттун расмий сайтына жарыяланган маалыматтар Google жаңылыктарына чыгат, ал эми Институттун таратылган басма-сөз релиздери көпчүлүк убактарда кеңири коомдук резонанс жаратат жана мамлекеттик органдардын олуттуу иш-аракеттерине негиз болот.

Акыйкатчы Институтунун **жарандык жана саясий укуктарды** коргоо багытындагы иши жарандардын кайрылууларын кароодон, сөз эркиндигине, жарандардын тынч чогулуштарына жана шайлоо укуктарына байланыштуу кырдаалдарды байкоодон турат.

Адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулуулары табылган фактылары боюнча мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына – 3, БШК – 1, БП – 1, Судьялар кеңешине – 1 Көңүл буруу актысы жиберилген.

**Сөз эркиндигинин** көйгөйлөрү кайрылууларды кароонун, сөз эркиндигине укуктун сакталышына мониторингдердин алкактарында ашкереленет. Кайрылууларга, социалдык тармактарга, басма сөз жана интернет-басылмаларга талдоолор жүргүзүлөт, кызматкерлер конференцияларга, тегерек столдорго, жумушчу топторго жана башка ушул маселелер боюнча өткөрүлгөн иш чараларга катышат. Кээ бир учурларда ЖМК чыгарылган билдирүүлөрдөгү укук бузуулар боюнча жарандардын кайрылууларын күтпөстөн, текшерүүлөрдү жүзөгө ашырууга жана аларды калыбына келтирүүгө карата чараларды көрүүгө, тийиштүү көйгөйгө мамлекеттик органдардын көңүлүн бурууга мүмкүнчүлүк берет.

Акыйкатчы Институту ар түрдүү тараптардын катышуусу менен, «Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» КР Мыйзамынын долбоорун коомдук талкуулоо үчүн аянтча уюштурган. Талкуунун жыйынтыктары боюнча КР Жогорку Кеңешине аны ийине иштеп чыгуу боюнча сунуш киргизилип, натыйжада курамына Институттун кызматкерлери да кирген жумушчу топ түзүлгөн.

Мындан тышкары, Акыйкатчы Институту КР Укук бузуулар жөнүндө кодексине сунушталып жаткан түзөтүүлөрдөгү мазактоо, жалаа жабуу, жалган маалыматтарды

таратуу үчүн жоопкерчиликке тартууну караган жазалардын тең эместиги жөнүндө өз көз карашын жана башка бир катар сын-пикирлерин ачык билдирген.

Институттун коммерциялык эмес уюмун түзүү менен байланышкан иш-аракеттер үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигин алып салуу, ошондой эле саясий катышуунун формаларын конкреттештирүү тууралуу сунуштары мыйзам долбоорунун демилгечиси тарабынан эске алынган.

**Тынч чогулуштардын эркиндигине** укук дагы Акыйкатчы Институтунун көңүл борборунда турат. Чектөөлөргө карабастан, бийлик тарабынан эч кандай тоскоолдуктарсыз Бишкек шаарында жарандардын тынч чогулуштарынын өтүүсү уланууда, жарандардын алардагы талаптары негизинен социалдык-экономикалык мүнөздө болууда.

Тынч чогулуштарды өткөрүүгө тыюу салган\чектеген соттук чечимге даттанууга конституциялык укукту ишке ашыруу максатында, Юстиция министрлигине «Тынч чогулуштар жөнүндө» КР Мыйзамына ар бир адамдын тынч чогулуштарды өткөрүүгө тыюу салуу\чектөө жана мындай соттук чечимдердин мөөнөтүн узартуу жөнүндө соттук чечимге даттануу укугун караган өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө сунуштар жиберилген.

Жарандардын **социалдык-экономикалык укуктарын** ишке ашыруу көйгөйлөрүнүн актуалдуулугу сакталып калууда. Акыйкатчыга кайрылууларда эмгек укуктарын коргоо, турак жай жана жер талаш-тартыштарын чечүү, саламаттыкты сактоо, билим алуу укуктарын сактоо маселелери козголгон.

Медициналык мекемелерде, атайын жана социалдык мекемелерде текшерүүлөр жана мониторингдер жүргүзүлүп, консультациялар берилип, социалдык жана экономикалык укуктарды коргоо жаатында тегерек столдор өткөрүлгөн.

Бузуулардын көпчүлүк бөлүгү **социалдык мекемелерде турган адамдардын** жарандык жана социалдык-экономикалык укуктарын ишке ашырууга тийиштүү, алардын көпчүлүгүнүн өздүгүн ырастоочу документтеринин жоктугунан улам пенсиялык камсыз кылуу, майыптуулугу боюнча жөлөкпул алуу, шайлоолорго катышуу жана башка ушуга байланыштуу көйгөйлөр жаралат.

Жарандардын **турак-жайга болгон укуктарын** ишке ашырууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан сот органдарынын чечимдерин аткарбагандыгы аныкталган бузуулардын предмети болгон.

Соттук жана укук колдонуу иш-тажрыйбалары, даттанууларды кароонун натыйжалары жарандардын турак-жай укуктарын сактоодо жана коргоодо бир катар актуалдуу көйгөйлөрдү бөлүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Турак-жай маселелери боюнча даттанууларды талдоо, мындагы бузуулар жеке менчикке болгон укукту белгилөөчү документтерди берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдардын сакталбаганына байланыштуу экенин көрсөттү. Кайрылуулар менен иштөөдө бул багыттагы иштер - чыгып текшерүүлөрдү кошуп алганда, «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө» КР Мыйзамында берилген инструменттердин алкактарында жүргүзүлдү.

Саламаттыкты сактоо маселелеринин актуалдуулугун жана масштабын эске алуу менен, 2024-жылы психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктарын коргоо боюнча бөлүм Адамдын ден-соолугуна болгон укуктарын коргоо Кызматы болуп кайра уюштурулду. Институт тарабынан жарандардын **саламаттыгын сактоо** жана медициналык жардам чөйрөлөрүндөгү укуктарынын кепилдиктерин арттыруу максатында иш чаралар өткөрүлдү. Жарандардын укуктарынын сакталышына байланыштуу кырдаалдарга мониторинг жүргүзүү үчүн бир катар саламаттыкты сактоо мекемелерине чыгуулар жүзөгө ашырылды.

Бейтаптарды даарылоо шарттары, медициналык кызматкерлердин жетиштүүлүгү жана санитардык-гигиеналык шарттар изилдөөгө алынды.

**Билим алууга укукту** камсыз кылуу максатында, Акыйкатчы Институту арыздарды жана даттанууларды кылдат карап, билим берүү мекемелеринде ар түрдүү иш-чараларды өткөрдү.

ӨКМ, ББИМ, ССМ менен биргеликте мектептерде балдардын окуп-билим алуулары үчүн коопсуздук шарттарынын абалын, ошондой эле алардын коопсуздугун арттыруу боюнча рейддер жана сурамжылоо жүргүзүлдү. Облустарда Акыйкатчынын өкүлдөрү координаторлор катары чыгышты. Мониторингдин жыйынтыктары боюнча КР ЖК социалдык маселелер боюнча комитетине сунуштамалар менен отчет берилди, пленардык жыйында депутаттар тарабынан КР Министрлер Кабинетинин аткаруусу үчүн КР ЖК токтому кабыл алынды.

**Эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалган адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин сактоону камсыз кылуу** Акыйкатчы Институтунун ишинин маанилүү багыттарынын бири болуп саналат. Кайрылуулардын талдоосу көрсөткөндөй, бузуулар тергөө иш чараларынын жүрүшүндө, тергөөнү создуктуруу, айыпталуучулардын өз укуктарын коргоодо келтирген жүйөлөрүн эске албоо, тоготпоо, териштирүүнү айыптоого ык коюу менен жүргүзүү, тергөө органдары тарабынан орой мамиле жасоо сыяктуу иш-аракеттерде орун алат.

Келип түшкөн даттануулар боюнча мажбурлап кармоо жайларына 258 инспекциялык чыгуулар өткөрүлгөн. Аныкталган бузуулар боюнча мамлекеттик органдарга 36 Көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн. Камакта кармалып турган адамдардын, аларды күзөттөп коштоп жүрүү убагындагы укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзүлгөн, соттолуучуларды КР паспорттору менен документтештирүү, шарттуу-мөөнөтүнөн мурда бошотууну колдонуу маселелери изилдөөгө алынган.

**Сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү -** укуктун үстөмдүгүнүн негизги принциби болуп саналат. Сот адилеттигин ишке ашыруу процесси калыс жана басмырлоосуз болушу керек.

Сот отурумдарына Акыйкатчынын өкүлүнүн катышып берүүсү жөнүндө өтүнүч менен 981 жаран кайрылган. Жарандардын соттук чечимдер менен макул эместиги жөнүндө, судьялардын аракеттери\аракетсиздиктери же мамлекеттик органдардын соттун чечимдерин аткарбаганы жөнүндө кайрылуулары бир кыйла аз.

Аялдарга жана балдарга карата **үй-бүлөлүк зомбулук** фактылары боюнча кайрылуулардын актуалдуулугу сакталып калууда. Көпчүлүк даттануулар соттук-медициналык экспертизалардын жыйынтыктарына, коргоо ордерлеринин өз убагында берилбегендигине, иштердин сот өндүрүшүндө кыскартылышына, жосундардын квалификацияларынын өзгөртүлүшүнө, тергөө амалдарынын жактоочусуз жүргүзүлүшүнө ж. б. карата келип түшкөн.

Кайрылууларда көрсөтүлгөн фактылар абдан дыкат каралып, бузуулар аныкталган учурда, мамлекеттик органдарга бузулган укуктарды калыбына келтирүү боюнча чараларды көрүү үчүн Көңүл буруу актылары жиберилген.

Мындан тышкары, аялдарды жана алардын балдарын кризистик борборлорго жайгаштырууга токтоосуз жардамдар көрсөтүлгөн, ошондой эле юридикалык кеңештер берилген.

«Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» КР Мыйзамынын аткарылышынын мониторинги көрсөткөндөй, бардык эле укук колдонуу субъекттери бул мыйзамдын талаптарын аткара беришпейт.

Институт ЖМКда кеңири жайылтылган жана коомдук резонанс жараткан аялдарга карата зомбулук учурларын үзгүлтүксүз өз көзөмөлүндө кармайт.

Ошону менен бирге, Акыйкатчы Институту Үйбүлө кодексинин жаңы редакциясынын долбооруна баланын эң мыкты кызыкчылыктарын камсыз кылуу принциптерин сактоо, турмуштук оор кырдаалда турган жана мыйзам менен чатагы бар балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, ошондой эле эл аралык бала асырап алуу учурларындагы ж.б. коррупциялык көрүнүштөрдү болтурбоо тууралуу сунуштарды киргизген.

Жарандын жана адамдын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышын парламенттик көзөмөлдү жүзөгө ашыруу менен, Акыйкатчы **майыптыгы бар адамдардын укуктарын** коргоого өзгөчө көңүл бурат. Институт 2024-жылы майыптыгы бар адамдардын сот адилеттиги тутумуна, ошондой эле билим алуу жеткиликтүүлүгүнө изилдөө жүргүзгөн.

Акыйкатчы Институту КР эл аралык уюмдар менен **эл аралык кызматташууну** жүзөгө ашырат, чет өлкөлүк омбудсмендер менен өз ара аракеттенет жана КМШ адам укуктары боюнча Комиссиясынын ишине катышат.

2024-жылы БУУ Качкындардын иштери боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгы (КЖКБ), БУУ караштуу балдарга жардам көрсөтүү Эл аралык өзгөчө фонду (ЮНИСЕФ) менен кызматташуу пландарына колтамга коюлду, Эл аралык Миграция уюму менен кызматташуу планы даярдалууда.

КМШ адам укуктары боюнча Комиссиясынын Иш планын аткарууда Беларусь Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын мигранттардын укуктары жаатындагы ченемдик укуктук актыларын талдоо жүргүзүлгөн, ошондой эле Армения Республикасынын, Тажикстан Республикасынын жана Өзбекстан Республикасынын миграциялык мыйзамдарынын сереби даярдалган. Эки документ боюнча тең баяндамалар сунуштамалары менен, Акыйкатчы тарабынан Комиссиянын экинчи жана үчүнчү отурумдарында айтылган. Адам укуктарын сактоо индексинин усулдугунун долбоору иштелип чыккан. Комиссиянын маселелери боюнча өз ара аракеттенүүнүн алкактарында аналитикалык материалдар үзгүлтүксүз даярдалат жана биргелешкен иш чаралар, анын ичинде чет жакта жүргөн мекендештерди биргелешкен кабыл алуулар өткөрүлөт.

Чет өлкөлүк омбудсмендери менен өз ара аракеттенүү Кыргызстандан барган мигранттардын көйгөйлөрүн бир кыйла натыйжалуу чечүүгө мүмкүнчүлүк берет. Акыйкатчы 2024-жылдын январынан тартып ар кыл эл аралык аянттарда жана эки тараптуу форматта Туркиянын, Монголиянын, Марокконун, Италиянын, Венгриянын, Сербиянын, Россиянын, Азербайжандын, Казакстандын, Өзбекстандын, Түркмөнстандын жана Тажикстандын омбудсмендери менен жолугушууларды өткөрдү, аларда адам укуктарын коргоонун актуалдуу маселелери, кызматташуу жана тажрыйба алмашуу маселелери талкууланган.

Укуктук жардамдын жеткиликтүүлүгүнүн жана калктын өз укуктары жөнүндө маалымдуулугунун деңгээлдерин арттырууну камсыз кылуу максатында, 2024-жылы Акыйкатчы аймактык мамлекеттик, укук коргоо органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин катышуусунда **облустардын жашоочулары менен жолугушууларды** өткөрдү. Жолугушууларга жалпысынан 2,5 миңге жакын киши катышкан.


Жолугушуулардын жүрүшүндө 109 арыз кабыл алынган. Ар бир кайрылган жаранга кеп-кеңештер, суроолоруна тийиштүү жооптор берилген. Жолугушууларда калктын көптөгөн даттануулары угулган, алардын көпчүлүгү жергиликтүү бийлик органдарынын өкүлдөрү менен биргеликте жеринде чечилген.

Мамлекет тарабынан айыл жерин колдоо боюнча көрүлүп жаткан чараларга карабастан, жашоочулардын бакубат жашоо-тиричилигин жакшыртуунун олуттуу фактору катары социалдык камсыз кылуу жаатында бир топ көйгөйлөр орун алган.

Жарандардын кайрылууларынан көрүнүп тургандай, социалдык жана медициналык камсыз кылуу, билим берүү, турак-жай, жумуш менен камсыз кылуу, сот адилеттигине жана адилеттүү соттук териштирүүгө карата жеткиликтүүлүк, транспорттук камсыз кылуу жана аймактарды өнүктүрүү ж. б. маселелерде олуттуу көйгөйлөр сакталып калууда.

## 1.1. Жарандардын кайрылуулары


Акыйкатчы Институтуна 2024-жылы ***9283 кайрылуу*** келип түшкөн, алардын ичинен: 2663 (23,5%) жазуу жүзүндөгү (анын ичинде 78 жамааттык), 6620 (53,7%) оозеки кайрылуулар болгон. «115 шыр байланыш» телефонуна 2562 (22,6%) адам кайрылган.




*Акыйкатчыга жазуу жүзүндө кайрылуу үчүн жарандар байланыштын ар түрдүү каналдарын пайдаланышып:*




Жазуу жүзүндөгү кайрылуулардын саны 2023-жылга салыштырмалуу 2024-жылы мурунку деңгээлинде калган (2023-жылы жазуу жүзүндө – 2620 кайрылуу келип түшкөн). Алардын ичинен 1612 (60,5%) Акыйкатчынын борбордук аппаратында, облустар боюнча өкүлчүлүктөрдө – 1051 (39,5%) каралган.




2024-жылы каралган жазуу жүзүндөгү даттануулардын 58,9% арызданууучулардын пайдасына чечилип, укуктары калыбына келтирилген. Кайрылуулардын 15,4% боюнча бузуулар тастыкталбагандыктан түшүндүрмөлөр берилген.

12,3% учурларда бузуулар тастыкталган, бирок сотко кайрылуу же даттануу мөөнөттөрү өтүп кеткенине, ошондой эле укук бузган кызматкерлердин эмгек мамилелеринин токтотулганына байланыштуу укуктарды калыбына келтирүү мүмкүн болгон эмес. Мында арызданууучуларга алардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо үчүн мүмкүн болуучу жана зарыл чаралар боюнча юридикалык кеңештер жана жазуу жүзүндөгү сунуштамалар берилген.

Мыйзамдарда белгиленген тартипте, 359 жарандын кайрылуулары, КР укуктук ченемдик актыларында берилген ыйгарым укуктардын алкагында кароо үчүн мамлекеттик органдарга жана мекемелерге жиберилген.




Институт жарандарды жеке, анын ичинде чет өлкөлүк омбудсмендер менен биргеликте кабыл алууларга чоң маани берет.

Акыйкатчы Институту 2024-жылы 4058 жаранды кабыл алган, анын ичинде 233 жаран Акыйкатчынын, 120 жаран орун басарлардын кабыл алуусунда болушкан.

Акыйкатчыга негизинен калктын социалдык жактан корголбогон катмарлары – пенсионерлер, майыптуулугу бар адамдар, туруктуу жашаган жерлери жок, эркиндигинен ажыратуу жайларындагы адамдар кайрылышат. Талдоо көрсөткөндөй, кайрылуулардын тематикалык түзүмү негизинен мурунку бойдон калууда, мурунку жылдарга салыштырмалуу анда олуттуу өзгөрүүлөр байкалбайт.


**Жарандардын социалдык курамы**

| | Саны |
|---|---|
| Пенсионерлер | 492 |
| Жумушсуздар | 518 |
| Бюджеттик уюмдардын кызматчылары | 103 |
| Майыптыгы бар адамдар | 88 |
| Кармалгандар, жоопко тартылгандар, айыпталуучулар, соттолуучулар, соттолгондор | 173 |
| Жактоочулар | 175 |
| Саясий партиялардын жана КЭУ мүчөлөрү | 19 |
| Ишкерлер | 52 |
| Фермерлер | 13 |
| Студенттер | 7 |
| Жогорку Кеңештин жана жергиликтүү кеңештердин депутаттары | 15 |
| Социалдык макамын көрсөтүүсүз | 1008 |
| **Баары** | **2663** |


Акыйкатчыга кайрылгандарынын ичинен: 1614 (60,6%) – айыл жергесинен, 1049 (39,3%) – шаарлардын жашоочулары.

Кайрылуулардын басымдуу көпчүлүгү Кыргызстандын жашоочуларынан келип түшкөн, чет өлкөлөрдөн (анын ичинде КМШ) – 5, Россия Федерациясынан – 3, Монголиядан – 1, Пакистандан – 1.

*Кайрылуулардын мүнөзү боюнча бийлик органдарына карата даттануулар төмөнкүдөй:*



## Жарандардын жазуу жүзүндөгү кайрылууларынын мүнөзү



Жазуу жүзүндөгү 2663 кайрылуунун ичинен 981 (36,8%) Акыйкатчынын өкүлүн соттук отурумга жиберүү өтүнүчүнө тийиштүү болгон. Кайрылуулардын негизги себеби, жарандар өздөрү көрсөткөндөй, сот тутумуна ишенбөөчүлүк, алардын соттук инстанцияларда ишти адилет жана ачык-айкын териштирүү укуктарынын бузулушу болуп саналат.

Даттануулардын олуттуу бөлүгүн кылмыш-жаза процессинде (сотко чейинки өндүрүштө) адамдын укуктарын коргоо боюнча – 415, (тергөөнү создуктуруу, бир тараптуу кароо), камактагы кармоо шарттарына наразычылык – 139, алардын ичинен кыйноолорго даттануулар – 36 ээлейт.

Жарандардын социалдык жана экономикалык чөйрөсүндө укуктарын коргоо жаатындагы кайрылууларынын 78 пенсиялык камсыз кылуу, улгайган жарандарды жана майыптыгы бар адамдарды социалдык тейлөөгө тийиштүү, бул мындан ары жарандардын ушул чөйрөдөгү укуктарынын жана эркиндиктеринин кепилдиктерин өнүктүрүү жана чыңдоо боюнча тутумдук жумуштарды күчөтүүнүн зарылдыгын көрсөтөт.

Экономикалык укуктарды коргоо чөйрөсүндө жеке менчикти коргоого, келтирилген зыяндын ордун толтурууга ж. б. байланыштуу – 113 кайрылуу келип түшкөн.

Үй-бүлөлүк укуктарды коргоо чөйрөсүндө 136 даттануу жана кайрылуу келип түшкөн, алардын ичинен алименттик милдеттенмелерди аткаруу маселелери боюнча – 30, балдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча – 54, үй-бүлөлүк зомбулук боюнча – 31, үй-бүлөнүн социалдык укуктарынын камсыз кылынышын сактоо менен байланышкан маселелер (кош бойлуулук боюнча жана бала төрөлгөндөгү, камкорчулук жана көзөмөлчүлүк боюнча жөлөк пулдарды төлөө ) боюнча – 21 кайрылуу келип түшкөн.

### Көңүл буруу актылары

Адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушунун аныкталган фактылары боюнча, ошондой эле аларды четтетүү максатында Акыйкатчы тарабынан мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына Көңүл буруу актылары жиберилет.

2024-жылы бардыгы 140 Көңүл буруу актылары жиберилген, алардын ичинен:



Канааттандырылган Көңүл буруу актылары – 125 (89,3%), кароодо тургандары – 6 (4,3%), аткарылбагандар – 9 (6,4%).

Акыйкатчынын сунуштамаларын аткарбаган мамлекеттик органдар: КР ЖС жана сот органдары – 4, ИИМ – 1, прокуратура органдары – 2, ССМ – 1, ӨКМ – 1.

Акыйкатчынын кийлигишүүсүнүн натыйжасында адам укуктарынын бузулушуна жол берген бир катар кызмат адамдары жоопкерчиликке тартылышкан (1 жана 2-Тиркемелер).

## 1.2. Эл аралык кызматташуу

Колдонуудагы мыйзамдарга, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерге ылайык, адам укуктары жаатындагы эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү Институттун ишинин негизги багыттарынын бири болуп саналат. Бул эл аралык форумдарга, конференцияларга жана жумушчу топторго катышууга, ошондой эле адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоого адистешкен уюмдар жана институттар менен жигердүү тажрыйба алмашууга дагы тийиштүү.

Институт чет өлкөлүк омбудсмендер, эл аралык уюмдар менен өнөктөштүгүн жана КМШ адам укуктары боюнча Комиссиясындагы ишин улантууда.

Адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун актуалдуу маселелерин талкуулоо максатында эки тараптуу жумушчу жолугушууларды өткөрүү эл аралык кызматташтыктын негизги өңүттөрүнүн бири болуп саналат. Сүйлөшүүлөр видео-конференц-байланыш, телефон аркылуу сүйлөшүүлөр, эл аралык иш-чаралардын аянттарында эки тараптуу жолугушуулар форматында жүргүзүлгөн. Ошондой эле Россиянын адам укуктары боюнча Ыйгарым укуктуусу Т. Москалькова менен биргеликте Россиянын аймагында эмгек миграциясында жүргөн КР жарандарын кабыл алуу жүргүзүлгөн. Мындай ар бир жолугушуунун жүрүшүндө укук коргоо маселелери боюнча эки тараптуу кызматташтык маселелери талкууланган.

Эл аралык кызматташтыктын алкагында Акыйкатчы Институту Омбудсмендердин Евразиялык Альянсына, УККУ Азия-Тынч океан форумуна, Омбудсмендердин Азиялык Ассоциациясына, Омбудсмендердин Европалык Институтуна кирет, алардын негизги максаты ар түрдүү өлкөлөрдүн Омбудсмендеринин ортосунда туруктуу кызматташтыкты илгерилетүү, биздин мамлекеттердин жарандары кириптер болгон көйгөйлөрдү чечүүнүн биргелешкен жолдорун иштеп чыгуу болуп саналат. Декабрда БУУ АУЖКБ, БУУнун өнүктүрүү программасынын жана АТФ өкүлдөрү менен Акыйкатчы Институтунун Париж принциптерин аткаруудагы даражасын баалоону жүргүзүү боюнча сүйлөшүүлөр болду. Институттун бардык кызматкерлери, мамлекеттик мекемелердин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, БУУ агенттиктеринин жана жарандык коомдун өкүлдөрү менен маектешүүлөр күтүлүүдө.

Акыйкатчы КМШ катышкан мамлекеттердин адам укуктары боюнча өздөрүнө алган милдеттенмелерин аткарууларына байкоо жүргүзүү үчүн консультативдик орган катары, КМШ мамлекет башчыларынын Кеңешинин 2022-жылдын 14-октябрындагы чечими менен түзүлгөн КМШ адам укуктары боюнча Комиссиясында КР Өкүлү катары кирген. Негизги максат – КМШ катышкан-мамлекеттердин жарандарынын саясий, экономикалык, социалдык жана башка укуктарын камсыз кылуу.

КМШ адам укуктары боюнча Комиссиясынын Иш планын аткарууда Беларустагы, Казакстандагы, Кыргызстандагы жана Россиядагы мигранттардын укуктары жаатындагы ченемдик укуктук актыларына талдоо жүргүзүлгөн, ошондой эле Армениянын, Тажикстандын жана Өзбекстандын миграциялык мыйзамдарынын

сереби даярдалган. Алар боюнча баяндамалар сунуштамалары менен, Акыйкатчы тарабынан Комиссиянын экинчи жана үчүнчү отурумдарында баяндамалар жасалган. Адам укуктарын сактоо Индексин иштеп чыгуу боюнча жумуштар жүргүзүлүүдө. Комиссиянын маселелери боюнча өз ара аракеттенүүнүн алкагында башка аналитикалык материалдар даярдалууда жана биргелешкен иш-чаралар өткөрүлүүдө.

Акыйкатчы Институту КР адам укуктарынын абалы жөнүндө талкууларды өткөрүүгө өзгөчө маани берет. Адам укуктарынын күнүнө (10-декабрь) карата, ошондой эле «Зордук-зомбулукка каршы 16 күндүк активдүүлүк» акциясынын алкагында, Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө Конвенциянын 45 жылдыгына арналган «Гендердик теңчилик жана аялдардын укуктары тууралуу улуттук диалог» тегерек стол өткөрүлгөн. Тегерек столго мамлекеттик түзүмдөрдүн, жарандык коомдун жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү катышкан. Мындай иш-чараларды өткөрүү өлкөдө жана дүйнөдө адамдын жана жарандын укуктарын таануу, сактоо жана коргоо маселелери боюнча КР көз карашын, позициясын кеңири эл аралык аудиторияга жеткирүүгө жакшы мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

Институт укук коргоо күн тартибинин бардык багыттары боюнча адам укуктарын колдоо жана каргоо максатында, эл аралык уюмдар жана омбудсмендердин интеграциялык бирикмелери менен өз ара аракеттенүүнү мындан ары карай дагы кеңейтүү боюнча иштерди жигердүү жүзөгө ашырууну көздөйт.

## 1.3. Мыйзамдарды өркүндөтүү

Институт 2024-жылы мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча жигердүү иштерди жүзөгө ашырды. Мыйзам чыгаруу демилгесинин субъекттеринен ченемдик укуктук актылардын 101 долбоору келип түштү, алардын ичинен 38 долбоор боюнча конкреттүү сунуштар жана сын-пикирлер иштелип чыгып, жөнөтүлдү.

**Акыйкатчы Институтуна келип түшкөн ЧУА долбоорлорунун саны**

| № | Жөнгө салуу чөйрөсү | Келип түшкөн ЧУА долбоорлорунун жалпы саны | Сунуштар жана пикирлер берилген ЧУА долбоорлорунун саны |
|---|---|---|---|
| **1** | Социалдык маселелер | 2 | 2 |
| **2** | Эмгек укуктары | 3 | 2 |
| **3** | Кылмыш-жаза, кылмыш-процесстик жана кылмыш-жаза аткаруу укугу | 8 | 5 |
| **4** | Сот тутумун жөнгө салууга байланыштуу маселелер | 3 | |
| **5** | Балдардын укуктары | 1 | 1 |
| **7** | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды өркүндөтүү | 36 | 5 |
| **8** | Бюджет маселелери | 8 | 2 |
| **9** | Үй-бүлө маселелери | 3 | 2 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **10** | Саламаттык сактоо маселелери | 7 | |
| **11** | Маалыматка жеткиликтүүлүк укугу | 3 | 1 |
| **13** | Коопсуздук маселелери | 1 | 1 |
| **14** | Жарандуулук маселелери | 1 | 1 |
| **15** | Башкалар | 25 | 16 |
| **Баары:** | | **101** | **38** |

Мындан тышкары, жарандардын айрым кайрылууларын кароонун жыйынтыктары боюнча КР мыйзамдарындагы боштуктарды четтетүү максатында, мыйзам чыгаруу сунуштары иштелип чыккан жана мыйзам чыгаруу демилгесинин субъекттерине жөнөтүлгөн.

***Жакын тууган эмес мураскорлордун укуктарын коргоо боюнча***

Мисалы, жаранга компетенттүү мамлекеттик органдар тиешелүү документти бербегендигинен улам, ал нотариуска мурас калтыруучунун өлгөндүгү жөнүндө маалымдаманы көрсөтө албаган учурлар (мурасты алуу үчүн) кездешет, анткени «Жарандык абалдын актылары жөнүндө» КР Мыйзамынын 9-бер., 2-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык, ал жаран мураскор, бирок калтыруучунун жакын тууганы болуп саналбайт.

Ошентип, мындай учурларда мураскерлердин (мурас калтыруучунун жакын тууганы болуп саналбаган) мураска калтыруу керээзи боюнча мүлктү алууга укуктары бузулат жана мураска калтыруучунун өзүнүн мүлкүн КР Конституциясынын 40-бер., жана КР ЖК 1127-бер. 3-бөл. каралган, өзү каалаган кишиге берүү укугун ишке ашырууда тоскоолдуктар жаралат.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, мураскордун мүлктү алууга укуктарын ишке ашырууга тоскоолдук кылган укуктук боштуктарды четтетүү үчүн Институт «Жарандык абалдын актылары жөнүндө» КР Мыйзамынын 9-бер., 2-бөл. нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн керээзи бар адам үчүн мурас калтыруучунун өлгөндүгү жөнүндө күбөлүк алуу укугун караштырган пункт менен толуктоону сунуштаган.

## СУНУШТАР:

**КР Министрлер Кабинетине:**

«Жарандык абалдын актылары жөнүндө» КР Мыйзамынын 9-бер., 2-бөл. төмөнкүдөй мазмундагы 3-1-пункт менен толуктоо каралган мыйзам долбоорун демилгелесин: «*3-1) нотариалдык күбөлөндүрүлгөн керээзи бар адамга (керээз калтыруучунун өлгөндүгү жөнүндө күбөлүк)*».

***КР ЖАК менен башка мыйзамдардын ортосундагы укуктук коллизияларды четтетүүнүн зарылдыгы жөнүндө***

Акыйкатчы Институтуна эркиндигинен ажыратуу жайларындагы пенсионерлерден жаш курагы, майыптуулугу боюнча пенсияларды (социалдык жөлөкпулдарды) төлөөдөн баш тартуу маселелери боюнча төмөнкүдөй укуктарынын бузулушуна байланыштуу даттануулар келип түшөт.

КР ЖАК 98-бер. 2-п. ылайык, эркиндигинен ажыратууга соттолгондор **курагы, майыптыгы,** багуучусунан ажыраган учурлар боюнча жалпы негиздерде мамлекеттик пенсия менен камсыз кылынууга жана мыйзамдарда каралган башка

учурларда, анын ичинде жазасын өтөп жаткан убакта эмгекке жөндөмдүүлүгү жоголгон учурларда социалдык жөлөк пулга укугу бар.

Бирок, КР ЖАК жогоруда көрсөтүлгөн талаптарга карабастан, эркиндигинен ажыратылган, мурун ички иштер органдарынын кызматкери болгон адамдарга курагы боюнча пенсияларын төлөп берүүдөн баш тарткан учурлар орун алган.

Мында баш тартуу «Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө» КР Мыйзамынын 59-беренесинин жоболоруна шилтеме берүү менен жүйөлөнөт, ага ылайык пенсионер эркинен ажыратылган учурда ага чектелген пенсияны төлөп берүү эркинен ажыратылган мезгилге токтотулат.

Бирок, бул учурда КР ЖАК жогоруда көрсөтүлгөн жоболорунун жана «Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө» КР Мыйзамынын ортосундагы коллизия ачык көрүнүп турат. «Ченемдик укуктук актылар жөнүндө» КР Мыйзамынын 6 жана 32-беренелерине ылайык, коллизиялар келип чыккан учурда, Мыйзамдын эмес, КР ЖАК ченемдери (кыйла жогорку юридикалык күчкө ээ) колдонулушу керек.

Ошондой эле, КР ЖАК 98-бер. 2-п. соттолгон, эркиндигинен ажыратуу жайларындагы соттолгондордун майыптыгы боюнча пенсияларын (жөлөк пулдарын) төлөп берүү кепилдиктерин камсыз кылуу тууралуу талаптарынын болгонуна карабастан, укук колдонуу практикасында «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» КР Мыйзамынын мамлекеттик жөлөк пул алуучу аныкталган учурда мамлекеттик жөлөк пулду төлөөнү токтотуу каралган 14-беренесинин 10-пунктуна шилтеме кылуу менен, эркиндигинен ажыратуу жайларында турган адамдардын ушул категорияларына пенсияларды (жөлөк пулдарды) төлөөдөн баш тарткан учурлар орун алууда.

Көрсөтүлгөн учурларда соттолгон адамдардын кээ бир категорияларына карата басмырлоолор байкалат, бул КР Конституциясынын 24-бер., ылайык жол берилгис жагдай болуп саналат.

Ошол эле убакта, Конституциянын 19-бер., негизинде Кыргыз Республикасы социалдык кызматтардын, медициналык тейлөөнүн тутумун өнүктүрөт, **мамлекеттик пенсияларды, жөлөк пулдарды** жана башка социалдык коргоонун **кепилдиктерин камсыз кылат.**

«КР ченемдик укуктук актылары жөнүндө» КР Мыйзамынын 32-бер., 4-бөл. ылайык, ченем жаратуучу органдар өздөрүнүн компетенциясынын чөйрөсүнө кирген ченемдик укуктук актылардагы коллизияларды жоюу үчүн мындай актыларга карата туруктуу негизде мониторинг жүргүзүп турууга милдеттүү.

## СУНУШТАР:

**КР Министрлер Кабинетине:**

КР ЖАК 98-бер. 2-п. жана «Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө» КР Мыйзамынын 59-бер. жана «КР мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 14-бер., 10-п. ортосундагы укуктук коллизияларды четтетүү каралган мыйзам долбоорун демилгелесин.

### *Айыпталуучуну кылмыш-жаза ишинин кайра башталганы жөнүндө токтомдун көчүрмөсүн алуу укугу менен камсыз кылуунун зарылдыгына байланыштуу*

Адамды кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартууга байланыштуу маселелер менен бир катарда кылмыш-жаза процесстик мыйзамдар айыпталуучуга негизсиз айыптоолордон коргонуу менен өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдөө мүмкүнчүлүгүн карайт.

КР ЖПК 44-бер., негизинде шектүү кылмыш-жаза ишин козгоо жөнүндө токтомдун көчүрмөсүн алууга укуктуу, ал эми ушул эле Кодекстин 46-бер. ылайык айыпталуучу адамды айыпталуучу катары тартуу жөнүндө токтомдун көчүрмөсүн алууга укуктуу.

Козголгон кылмыш-жаза ишинин алкагында жогоруда аталган токтомдор менен таанышуу айыпталуучуга коюлуп жаткан айыптоолордун маңызын билүүгө жана аларда баяндалган жүйөлөрдү жана фактыларды четке кагууга мүмкүнчүлүк берет.

Андан ары реабилитациялоочу негиздер боюнча кылмыш-жаза иши токтотулганда, мурун айыпталуучу катары тартылган адам күнөөсүз болуп эсептелет, бул анын токтоосуз жана толук реабилитациялануусуна алып келет.

Ошентсе да, эгерде андан ары кылмыш-жаза ишин кыскартуу жөнүндө токтомду жокко чыгаруу тууралуу токтом кабыл алына турган болсо жана ал боюнча өндүрүш кайра жаңыдан башталса (мындан ары – кылмыш-жаза ишин кайра жаңыдан баштоо жөнүндө токтом), анда мурун кылмыш-жаза куугунтугу жүргүзүлгөн жаран кайрадан айыпталуучу болуп калат. Мында КР ЖПК 46-бер., айыпталуучунун кылмыш-жаза ишин кайра жаңыдан баштоо жөнүндө токтомдун көчүрмөсүн алуу укугу каралган эмес, ал эми КР ЖПК 260-бер., кылмыш-жаза ишин кайра жаңыдан башталганы жөнүндө (анын ичинде айыпталуучуну) кабарландыруу тууралуу талапты гана карайт. Ушуга байланыштуу, укук колдонуу практикасында айыпталуучуга кылмыш-жаза ишин кайра жаңыдан баштоо жөнүндө токтомдун көчүрмөсүн берүүдөн баш тартылган учурлар дагы орун алууда.

Бул жагдай айыпталуучунун кылмыш-жаза ишин кайра жаңыдан баштоонун себептерин жана негиздерин аныктоого жеткиликтүүлүгүнүн укуктук мүмкүнчүлүгүн жана даттануу укугун негизсиз чектейт.

## СУНУШТАР:

**КР Министрлер Кабинетине:**

КР ЖПК 46-бер. 1-бөл. 1-п. төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча мыйзам долбоорун демилгелесин:

- ✓ *«айыпталуучу катары тартуу жөнүндө»* деген сөздөрдөн кийин *«кыскартылган иштер боюнча кылмыш-жаза өндүрүшүн кайра баштоо жөнүндө»*.

### ***Аттракциондорду эксплуатациялоо шарттарынын коопсуздугун камсыз кылууга байланыштуу***

2024-жылдын 6-июлунда Аламүдүн районунун Татыр айылында *«банджи-джампинг»* механикалаштырылбаган экстремалдык аттракциондо адам өлүмү менен байланышкан кайгылуу окуяга байланыштуу Акыйкатчы 2024-жылдын 12-июлунда КР Министрлер Кабинетине КР Мыйзамдарында аттракциондун ушул түрлөрүн эксплуатациялоонун коопсуз шарттарын уюштурууну жөндөөчү эрежелердин жоктугу боюнча кайрылуу жиберген.

Ушундан кийин 2024-жылдын 23-июлунда №410 токтом кабыл алынып, ага ылайык банджи-джампинг, роуп-джампинг аттракциондорунун тиби механикалаштырылбаган аттракциондордун тизмегине киргизилген.

Бирок, аталган токтомго жүргүзүлгөн талдоо, аттракциондун жогоруда көрсөтүлгөн түрү, аларды пайдалануучулардын өмүрүн жана саламаттыктарын сактоо үчүн абдан маанилүү болуучу, аны эксплуатациялоонун коопсуз шарттарын камсыз кылуу боюнча тиешелүү талаптарды карабастан, болгону формалдуу гана киргизилгенин көрсөткөн.

Белгилей кетчү нерсе, «банджи-джампинг» дүйнө жүзү боюнча кеңири таралууда жана 1990-ж., тартып белгиленген эрежелерге ылайык, ар бир аркан 400 секирүүдөн кийин алмаштырылышы керек (бул аркандын жалпы ресурсунун 30%га жакынын түзөт).

Ошондой эле, аттракциондун баштапкы аянтына (старттык элемент) коё берүү боюнча пайдалануучулардын курагы, дене салмагы, оорулуу абалынын айкын белгилери болгон учурда жана аялдардын кош бойлуулук белгилери, ошондой эле адамдын алкоголдук мас абалы же башка мастыгы боюнча чектөөлөр бар.

Ушундан кийин, Акыйкатчы банджи-джампинг, роуп-джампинг механикалаштырылбаган аттракциондордун тибин эксплуатациялоонун коопсуз шарттарын камсыз кылуунун тиешелүү ченемдик талаптарын иштеп чыгуунун жана бекитүүнүн зарылдыгы боюнча кайрадан дагы КР Министрлер Кабинетине кайрылуу жөнөткөн, ал шарттар өз ичине төмөнкү жагдайларды камтышы керек:

- кооптуу компоненттер – иштебей калышы адамдын өлүмүнө алып келүүчү же адамдын саламаттыгына оор залал келтирүүчү, түзүлмөнүн бөлүгүн, аттракциондун түйүнүн же деталын;
- кооптуу көрсөткүчтөр – аттракциондун же алардын бузулушу адамдын өлүмүнө алып келиши же адамдын саламаттыгына оор залал келтириши мүмкүн болгон кооптуу бөлүгүнүн олуттуу мүнөздөмөсүн;
- аттракциондун чектик абалы – анын кооптуу (критикалык) бөлүктөрүн кошуп алганда, андан ары пайдаланылышы мүмкүн болбогон, иштөөгө жөндөмдүү абалын калыбына келтирүү мүмкүн эмес же максатка ылайыктуу болбогон аттракциондун, анын түйүндөрүнүн жана механизмдеринин техникалык абалын;
- аттракциондун кооптуу критикалык бөлүктөрүнө жана кооптуу көрсөткүчтөрүнө карата анын техникалык абалын текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартибин.

Бирок, ушул убакытка чейин КР Министрлер Кабинетинин эксплуатациялоонун коопсуз шарттарын камсыз кылуу боюнча талаптар каралган токтому кабыл алына элек.


## СУНУШТАР:

**КР Министрлер Кабинетине:**

КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-апрелиндеги токтому менен бекитилген Аттракциондорду коопсуз эксплуатациялоо Эрежеленине банджи-джампинг, роуп-джампинг механикалаштырылбаган аттракциондорун эксплуатациялоонун коопсуз шарттарын камсыз кылуу боюнча тиешелүү толуктоолор иштелип чыгып, киргизилсин.

## 1.4. ЖМК менен кызматташуу

Акыйкатчы Институтунун ишмердүүлүгүн чагылдырууда мекеменин басма сөз кызматы өлкөдөгү басылмалар жана журналисттер менен тынымсыз иш алып барат. Институттун расмий маалыматтары Кыргызстандын бардык жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяланып келет.





2024-жылы жергиликтүү жана чет элдик жалпыга маалымдоо каражаттарында, ошондой эле социалдык тармактарда Акыйкатчы институтунун иши тууралуу маек, пресс-релиздер, комментарий, ток-шоу жана маалымат түрүндө 2000ден ашуун материал жарыяланган. Андан сырткары, Акыйкатчынын жана институттун кызматкерлеринин катышуусунда түз эфирлер, атайын берүүлөр өткөрүлгөн.





Алардын 74ү эки тилде даярдалган пресс-релиз, 120сы - макала, 50ү -видео материал, 40ы - теле жана радиоэфир.


Улуттук телеканалда жума сайын институттун кызматкерлеринин катышуусунда адам укуктарына жана эркиндиктерине байланышкан актуалдуу темаларга ток-шоу уюштурулду.




Институттун ар бир расмий маалыматы социалдык тармактарда кеңири тарап, коомдо чоң талкуу жаратып келет. Институттун пресс-релиздери миллиондогон аудиториялуу ар кыл басылмаларда, социалдык тармактарда жана ЖМКда жарыяланат. Видео форматтагы материалдар, комментарийлер интернетте көп жолу каралып, миңдеген көрүүчүлөрдү топтоду.

### Айрым мисалдарды келтирели:

Акыйкатчынын Сокулуктагы 13 жашар кыздын окуясына байланыштуу кайрылуусуна кыргызстандык эле эмес, миллиондогон аудиториялуу россиялык, казакстандык блогерлер дагы көңүл бөлүп, өспүрүмдүн укугун коргоого чакырышкан.



Омбудсмен ...
kyrtag.kg

**Омбудсмен заявила, что в Сокулуке 13-летнюю девочку систематически насиловали 9 мужчин и потребовала защитить ее права**

Дата: 17:27, 20-03-2024.

**Бишкек. 20 марта. КирТАГ** - Омбудсмен КР Джамиля Джаманбаева требует от генерального прокурора и руководства МВД КР незамедлительно принять меры для обеспечения защиты прав 13-летней девочки, которую почти год систематически насиловали девять мужчин.

Как сообщили в ведомстве, сегодня на личном приеме у омбудсмена были родители девочки. Они обратились с просьбой защитить права их ребенка, так как правоохранительные органы не принимают мер для привлечения к уголовной

В Сокулуке ...
vesti.kg

**В Сокулуке 9 парней почти год насиловали 13-летнюю девочку**

Среда, 20 марта 2024 13:58

Только актуальные новости в Telegram

**Школьница три раза пыталась совершить суицид**

В Сокулуке 9 парней почти год насиловали 13-летнюю девочку. Мать пострадавшей обратилась за помощью к омбудсмену КР.

По ее словам, ее дочь с апреля 2023 года систематически насиловали 9 парней в возрасте 19-22 лет. Они угрозами и шантажом заставляли ее молчать. Девочка боялась рассказать родителям. За это время она три ра

госинфо В Ынтымак-Ордо началось 12...

**Сокулукта 13 жаштагы кызды 9 бала колдон-колго өткөрүп зордуктап жүрүшкөн**

Окуялар 4006 20 март 2024 14:12

Негизги жаңылыктар кыскача Telegram каналында

СУРООҢУЗ БОЛСО, БИЗДЕН СУРАҢЫЗ!
БИЛЕСИҢБИ

Сокулукта 13 жаштагы окуучу кыз дээрлик 1 жылдай зордукталып келген. Анын ата-энеси акыйкатчы Жамиля Жаманбаевага кайрылып, укуктарын коргоп берүүнү суранды. Алар укук коргоо органдары күнөөлүү адамдарды кылмыш жоопкерчилигине тартуу үчүн чара көрбөй жатышканын айтып арызданышты.

Акыйкатчы институтунан билдиришкендей, окуучуну 9 эркек системалуу түрдө зордуктап жүрүшкөн. Бул маселе боюнча акыйкатчы


БАШКЫ БЕТ > Жаңылыктар

Сокулук: 13 жаштагы кыздын зордукталышы боюнча иш сотко өттү

Осмонова Айдана 04.04.2024

ЖАҢЫЛЫКТАР

Иллюстративдик сүрөт

**Сокулукта 13 жаштагы кызды зордуктоо фактысы боюнча козголгон кылмыш иши сотко жөнөтүлдү. Бул тууралуу Чүй облустук ички иштер башкы башкармалыгынын басма сөз кызматы 4-апрелде кабарлады.**


Маалыматка караганда, аталган факты боюнча Сокулук райондук ички иштер бөлүмү иш алып барган. Шектүү катары 19 жаштагы М.Т. жана 20 жаштагы Т.Д. камакка алынган. Тергөөнүн жыйынтыгы менен аларга Кылмыш- жаза кодексинин 154-беренеси ("Зордуктоо") жана 157-беренеси "(Он алты


Настоящее Время

КЫРГЫЗСТАН

В Бишкеке 13-летнюю девочку почти год насиловали 10 мужчин. Когда родители сообщили в милицию, им начали угрожать

11 апреля 2024 года 10:17 мск



Акыйкатчы Сокулукта 13 жашар кызды 9 киши зордуктап жүргөнүн айтты. Милиция эмне дейт?

Автор: Айчурок Кенжекулова - 20/03/2024

Акыйкатчы Жамиля Жаманбаева Башкы прокурордон жана Ички иштер министрлигинин жетекчилигинен бир жылдан бери тогуз эркек такай зордуктап жүргөн 13 жаштагы кызды коргоо боюнча тез арада чара көрүүнү талап кылды.

Андан сырткары, кызды көптөгөн жаштар дагы колдоого алып, жалпысынан социалдык тармакта 900дөн ашык видео кайрылуу жайгаштырылды.

КРнын Коргоо министрлигинин Аскер госпиталындагы мониторингдин жыйынтыгы боюнча берилген маалымат дагы коомдо кызуу талкуу жаратты. Мониторинг аскер кызматкерлеринин укуктары бузулуп жатканын көрсөткөн.


SPUTNIK КЫРГ

Кыргызстан

Ийне жутуп, кабыргасы сынып... Акыйкатчы жоокерлердин укугун сактоону талап кылды

13:56 10.05.2024

© Sputnik / Табылды Кадырбеков

Жазылуу

Укук коргоочулар аскердик госпиталга мониторинг жүргүзүп, 15 жоокердин кабыргасы сынып, буту-колу жабыркаганын аныктаган.


Институт омбудсмена провел мониторинг в Военном госпитале, куда в первом квартале обратились 15 солдат с различными травмами

Общество

14:28, 10 мая 2024 1979


Кыргызча


politica.kg Подписаться



302 24

politica.kg Омбудсмен Джамиля Джаманбаева призывает государственные органы в Кыргызстане обеспечить соблюдение прав военнослужащих.
Как отметили в пресс-службе акыйкатчи, вопрос соблюдения прав призывников, рядовых и офицеров требует принятия срочных мер.
Правозащитники провели мониторинг в Военном госпитале Министерства обороны. С 1 января по 26 марта туда обратились 607 человек, 139 из которых — солдаты.



Акыйкатчы призвала госорганы обеспечить соблюдение прав военнослужащих

11 мая 2024 09:00 1956 0





Радио Азаттык

НОВОСТИ


Омбудсмен КР: Некоторые солдаты даже после сильного избиения не рассказывают о случившемся

10 мая 2024

Смотреть комментарии

Омбудсмен КР Джамиля Джаманбаева призвала госорганы обеспечить соблюдение прав военнослужащих.

Ее цитирует Институт акыйкатчы, который представил итоги своего мониторинга в Военном госпитале Министерства обороны



super.kg

Кирүү

Сыр сөзүм кандай эле? Каттоо



Акыйкатчы мамлекеттик органдарды аскер кызматкерлеринин укуктарын камсыздоону талап кылды

13 Shares

Каттоо журналындагы маалыматка ылайык, аскер госпиталына 2024-жылдын 1-январынан 26-мартына чейин бардыгы болуп 600дөн ашуун аскер кайрылган, алардын ичинен 139у (21%ы) аскердик милдетин аткарып жаткан жоокерлер болушкан.

Институттун расмий маалыматы ЖМК жана социалдык тармактарда жарыялангандан кийин, бир катар телеканалдарда жана радиодо түз эфирлер жана ток-шоулор өткөрүлгөн. Анда тиешелүү мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, эксперттер армиядагы жоокерлерге карата зомбулуктун алдын алуу үчүн кечиктирилгис чараларды көрүүнүн зарылдыгын жана өзгөчө маанилүүлүгүн талкуулашкан.

Институттун Кадамжай психоневрологиялык социалдык станционардык мекемесинде жүргүзгөн мониторингинин жыйынтыгы боюнча пресс-релиз дагы чоң коомдук талкуу жаратканын белгилей кетүүбүз керек.

Мекемедеги 19 адамдын паспорту жоктугу аныкталган. 15 эркек жана 4 аялдын айрымдары көп жылдан бери кармалып келгендигине карабай алардын тек-жайы жана аты-жөнү белгисиз бойдон калган.

Бул мекемеде 2011-жылдан бери өздүк иш кагаздарында «Белгисиз Жоро» катары катталган кишинин таржымалы көптөгөн адамдарды кайдыгер калтырган жок.


Мониторингдин жыйынтыгы менен Акыйкатчы психикалык оорулар менен жабыркаган адамдардын укуктарын сакталышын камсыздоого чакырды. Анткени аярлуу жарандар орой мамилеге жана кыйноолорго кириптер болбошу керек. Демек, алардын укуктары толук корголушу шарт.

Расмий маалымат боюнча, психоневрологиялык социалдык стационардык мекемелердеги 150 кишинин паспорту жок.

Акыйкатчынын демилгеси менен ченемдик укуктук базаны иштеп чыгуу үчүн Мекемелер аралык жумушчу топ түзүлгөн.

Акыйкатчы Дж. Джаманбаева иш чаралардагы, жолугушуулардагы билдирүүлөрү, сүйлөгөн сөздөрү чет өлкөлүк медиада дагы чагылдырылып келет.

Мисалы, Акыйкатчынын 27-июнда Санкт-Петербургда өткөн КМШ өлкөлөрүнүн Адам укуктары боюнча комитетинин отурумундагы билдирүүсү, тагыраак айтканда, КМШ жана Евразиялык экономикалык бирликтин өлкөлөрүндөгү эмгек мигранттарынын укуктук абалына тийиштүү ченемдик актыларды кайра карап чыгуу боюнча сунушу, ТАСС, «Петербургский дневник», «Смоленская Народная газета», «Ордо Казахстан», The Village деген сыяктуу Россиянын, Казакстандын жана Өзбекстандын медиа ресурстарына чыккан.


Yarach Новости

Поиск по архиву новостей | Найти

Yarach Новости / ТАСС

**Киргизия предложила странам СНГ и ЕАЭС пересмотреть положения о правах мигрантов**

Подборка: Общество

На чтение примерно 6 сек.

Омбудсмен страны Джамиля Джаманбаева также предложила активизировать работу по "взаимному признанию водительских удостоверении и правил их обмена без сдачи экзамена"


Газета Телеграм Подкаст

10 октября 2024, 01:20 / Общество

**Омбудсмены из СНГ объединяются для борьбы с деструктивным контентом**

*В Москве прошло третье заседание Комиссии по правам человека СНГ*

Прочту позже

Яна Суринская

*Комиссия по правам человека СНГ предложила выработать единые механизмы по борьбе с деструктивным интернет-контентом / Максим Стулов / Ведомости*

Омбудсмены из стран СНГ обратились к компетентным государственным органам своих стран для выработки механизмов по

vedomosti.ru


МНЕНИЕ

**Кыргызстан попросил у РФ улучшить положение мигрантов**

28.06.2024

"Поводами для запрета на въезд в РФ иногда становятся и незначительные нарушения мигрантами правил дорожного движения. Эти нормы надо пересмотреть", – заявила омбудсмен Кыргызстана Джамиля Джаманбаева в Санкт-











Акыйкатчынын дагы бир – узак убакыт бою сексуалдык кулчулукта болгон, Ош шаарындагы 15 жашар кыздын үрөй учурган окуясы жөнүндө кайрылуусу – Кыргызстандын жалпыга маалымдоо каражаттарында эле эмес, ошондой эле чет өлкөлүк медиада: «Казинформ», weekly.uz, «Холод Медиа», nur.kz, «Ордо Казакстан», tengrinews, Kun.uz жана башкаларда кеңири чагылдырылган.

Акыйкатчынын Алматы шаарындагы Be Women аялдар форумунда жана Бангкок шаарындагы болгон Улуттук укук коргоочу мекемелердин Азия-Тынч океан ар жылдык форумунун отурумунда сүйлөгөн сөздөрү дагы ЖМКда кеңири чагылдырылды. Анда Жамиля Жаманбаева гендердик теңдик жана эрте никелешүү жаатындагы олуттуу көйгөйлөрдү козгогон.






Акыйкатчы Институтунун басма сөз кызматы тарабынын даярдалган расмий маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарында кеңири чагылдыруунун жана журналисттердин ырааттуу, иш-билги аракеттеринин натыйжасында жарандардын укуктары жана эркиндиктери өз убагында натыйжалуу корголууда.

Мисалы, Акыйкатчынын банджи-джампингдерди эксплуатациялоонун коопсуз шарттарын караштыруу менен, аны механикалаштырылбаган аттракциондордун түрүнө киргизүү сунушу дагы коомдо колдоого алынды. Натыйжада КРнын Министрлер Кабинети тарабынан тийиштүү чечим чыгарылды.

Дагы бир мисал: Акыйкатчынын интернетте жалган жалаа жабууга айып пул салуу мыйзам долбоору боюнча кайрылуусу жарандык сектор, журналисттер жана эл аралык өнөктөштөр тарабынан чоң колдоо тапкан.



**Омбудсмен заявила, что законопроект о СМИ нуждается в доработке**

55 просмотров 1 г. назад Ещё

Kloop News 2 Подписаться

КЫР ENG АРХИВ НАШИ УСЛУГИ

Рубрикатор

**Акыйкатчи призывает Минкультуры доработать законопроект о клевете**

12:24, 27 сентября 2024, Бишкек - 24.kg, Гульмира МАКАНБАЙ КЫЗЫ

Омбудсмен Джамиля Джаманбаева призывает Минкультуры доработать законопроект, предусматривающий штрафы за клевету, оскорбление и распространение ложной информации. Об этом она сообщила на круглом столе, где обсуждались указанный проект закона и реализация права на свободу слова в Кыргызской Республике.

Отметим, законопроектом, внесенным в Жогорку Кенеш, предлагается дополнить Кодекс о правонарушениях статьей 107-1, предусматривающей наложение штрафа на физических лиц в 100 тысяч сомов, на юридических — 200 тысяч за клевету и оскорбление в [redacted] информации,

**Омбудсмен назвала предлагаемые штрафы за клевету огромными и несоразмерными**

Политика 5518 27 сентября 2024 12:50

Kaktus

Все самое интересное в Telegram

MEGA Бирге болобуз 2025

Омбудсмен Кыргызстана Джамиля Джаманбаева выступила с обращением к инициаторам поправок, предусматривающих штрафы за клевету и оскорбления, призвав их отозвать на [redacted] в Кодекс о

Натыйжада Институттун сунуштары эске алынып, айып санкцияларынын өлчөмү 100–200 миң сомдон 20–65 миң сомго чейин төмөндөтүлдү.

Мындан тышкары, бир жыл бою зордуктоого кириптер болгон 13 жашар кыз жана Сокулук районунун Ички иштер бөлүмүнүн убактылуу кармоочу жайындагы кармалган жарандын өз өмүрүнө кол салуусу боюнча маалымат таркатылгандан кийин гана ИИБ начальниги жана орун басары тартип жоопкерчилигине тартылышкан.

Дагы бир мисал – 2024-жылдын августунда жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгында Баткен облусунун Баткен районундагы Зардалы айылынын жашоочуларынын бир катар социалдык-экономикалык укуктары бузулгандыгы айгинеленген. Айыл тургундары уюлдук байланыш, электр энергиясы жок жашап келишкен. Мындан тышкары, балдардын билим алууга жана айыл жашоочуларынын медициналык жардамга укуктары чектелген.



AKИpress

Жители села Зардалы рассказали омбудсмену о проблемах с дорогами и доступом к электричеству

Общество
11:23, 19 сентября 2024 (обновлено в 11:26)
1347
Кыргызча



ECONOMIST
деньги | общество | власть
Войти

ОБЩЕСТВО

Без дорог, света, учебников и лекарств: как выживают жители Зардалы, рассказала омбудсмен – фото

by Иван Донис 19 сент. 2024 - 13:10

0 Поделиться

Омбудсмен КР Джамиля Джаманбаева призывает власти обратить внимание на критические проблемы жителей отдаленного села Зардалы в Баткенской области, которые остаются нерешенными



17:21 LTE

KG

Рубрикатор

Без связи, дорог, врачей, учителей. Омбудсмен подняла проблему села Зардалы

21:39, 19 сентября 2024, Бишкек - 24.kg, Бактыгуль ОСМОНАЛИЕВА

Обеспечить соблюдение прав детей села Зардалы призывает чиновников омбудсмен. Джамиля Джаманбаева также призывает руководителей соответствующих государственных органов обеспечить соблюдение прав жителей этого населенного пункта.

По данным пресс-службы акыйкатчи, уполномоченный представитель по Баткенской области посетил Зардалы, и местные жители рассказали о проблемах, которые остаются нерешенными долгие годы.

Одной из самых острых проблем в селе все еще остается отсутствие электроэнергии и дорог.

В Зардалы можно добраться только по одной каменистой дороге, передвижение по которой

Мындан тышкары, айылга баруучу автожол 6 ай гана ачык болуп, калган убакта татаал, тар жолдор менен жөө гана жетүүгө мүмкүн. Акыйкатчы ЖМК аркылуу айыл тургундарынын жана балдардын ушул жааттардагы укуктарын камсыз кылууга чакырды.

Акыйкатчынын Ысык-Көл, Нарын, Чүй, Жалал-Абад, Ош жана Баткен облустарына сапарлары жөнүндө маалыматтар аймактык жана республикалык дагы медиага жарыяланган.





# 2-ГЛАВА.
# ЖАРАНДЫК ЖАНА САЯСИЙ УКУКТАРДЫН САКТАЛЫШЫ

## 2.1. Сөз эркиндигине жана тынч чогулуштарга болгон укуктар

Сөз эркиндиги - демократиялык баалуулук катары жарандардын аң-сезиминде кыйла бекем жетиштүү орногон. Институт коомчулук үчүн ачык, бул жааттагы конференцияларга, тегерек столдорго, жумушчу топторго жана сөз эркиндигинин, аны чыңдоонун кепилдиктеринин жолдорун издөө, табуу маселелери талкууланган башка форматтагы иш чараларга жигердүү катышууга өзгөчө көңүл бурулат жана артыкчылык берилет.

Акыйкатчы Институту келип түшкөн кайрылууларды, социалдык тармактарды, мезгилдүү басма сөз жана интернет-басылмаларын талдоого алат, басма сөз конференцияларын уюштурат жана укук бузууларды аныктап, аларды калыбына келтирүү боюнча тийиштүү чараларды көрөт. Мында орун алган көйгөйлөргө мамлекеттик органдардын көңүлүн бурат.

Акыйкатчы Институту 2024-жылы кеңири коомдук резонанска негиз болгон «Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» КР Мыйзамынын долбоорун талкуулоо боюнча жигердүү иштерди жүргүздү, мыйзам долбоорун ийине жеткире иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун ишине катышты. Акыйкатчы Институту

тарабынан даттануу мүмкүнчүлүгүсүз, ЖМК каттоодон баш тартуу; соттун тиешелүү чечимисиз ЖМК ишин токтотуу, токтото туруу; түз эфирде чындыкка дал келбеген маалыматтарды жайылткандыгы үчүн жоопкерчилик каралган ченемдерди алып салуу боюнча сын-пикирлер жана сунуштар киргизилди, алар негизинен эске алынды.

Акыйкатчы Институту ошондой эле мазактоо, жалаа жабуу, жалган маалыматтарды тараткандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуу боюнча Укук бузуулар жөнүндө кодексине сунушталган түзөтүүлөрдөгү жазалардын тең өлчөмдөш эместигине өз көз карашын жана башка бир катар сын-пикирлерди дагы ачык билдирген.

Тынч чогулуштар эркиндигинин абалы да Акыйкатчы Институтунун көңүлүнүн борборунда турат. «Тынч чогулуштар жөнүндө» КР Мыйзамы чогулуштарды убактылуу чектөөгө же тыюуга мүмкүнчүлүк берет, бирок ал үчүн мыйзамдуу негиздер болгондо гана. Тынч чогулуштарга тыюу салуу же чектөө жөнүндө чечим сот тарабынан кабыл алынышы мүмкүн.

Бишкек ш., Биринчи май райондук муниципалдык администрациясынын сунуштамасы боюнча 2023-жылы борбор шаардын борбордук бөлүгүндө митингдерди жана башка тынч чогулуштарды өткөрүүгө киргизилген тыюу салуу Бишкек ш., Биринчи май райондук сотунун 2024-жылдын 27-декабрындагы чечими менен 2025-жылдын мартынын аягына чейин узартылган. Жарандар борбор шаарда эч кандай тоскоолдуксуз эле тынч чогулуштарды өткөрүүдө, алар негизинен социалдык-экономикалык мүнөздү алып жүрөт.

Акыйкатчы Институтуна 2024-жылы сот органдары тарабынан «Тынч чогулуштар жөнүндө» КР Мыйзамынын талаптары бузулуп жаткандыгы жөнүндө кайрылуулар келип түшкөн.

«Тынч чогулуштар жөнүндө» КР Мыйзамынын 14-бер., 6-пунктуна ылайык, биринчи инстанциядагы соттун чогулуштарга тыюу салуу же чектөө жөнүндө чечимине ал чыгарылган күндөн тартып 24 сааттын ичинде жогору турган сотко даттанылышы мүмкүн. Соттун чогулуштарга тыюу салуу же чектөө жөнүндө чечимине даттануу жогору турган соттор тарабынан ал берилген күндөн тартып 24 сааттын ичинде каралат. Соттордун чечимдери алар чыгарылган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кайрылууларды кароонун жүрүшүндө апелляциялык жана кассациялык соттордо биринчи инстанциядагы соттордун чечимдерине даттанууларды алар чыгарылган күндөн тартып 24 сааттын ичинде кароонун мөөнөттөрү бузулганы ашкереленген.

Акыйкатчы Институту тарабынан КР Судьялар кеңешине бузууларга жол беришкен Бишкек шаардык сотунун жана Бишкек ш. Биринчи май райондук сотунун судьяларын тартип жоопкерчилигине тартуу жөнүндө Көңүл буруу актылары жиберилген.

Судьялар кеңешинин коллегиясы тарабынан Көңүл буруу актылары канааттандыруусуз калтырылган.

Бул чөйрөдөгү укук колдонуу иш-тажрыйбасын талдоо, тынч чогулуштарды өткөрүү жана тынч чогулуштарга укукту соттук коргоонун кепилдиктерин ишке ашыруу менен байланышкан көйгөйлөрдү бөлүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

КР Конституциясы (39, 61-бер.) ар бир адамга тынч чогулуштар эркиндигин сот аркылуу коргоого кепилдик берет. «Тынч чогулуштар жөнүндө» КР Мыйзамынын 14-бер., 7-п., ылайык, чогулушка тыюу салуу же чектөө жөнүндө соттордун чечимдери жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана ички иштер органдары тарабынан, чогулуштун уюштуруучуларына жана катышуучуларына гана ал чыккан күндөн тартып 24 сааттын ичинде оозеки жана жазуу жүзүндө жеткирилет.

Натыйжада, калк соттук чечимге даттануу укугунан ажырап калууда, анткени, соттук процесстин тарабы болуп саналбайт; сот чечимине даттануу үчүн мөөнөт жетишсиз, ыйгарым укуктуу органдар аны калкка жеткиришпейт.

Акыйкатчы Институту 24 сааттык мөөнөт жарандардын соттун чечимине даттануу укуктарын ишке ашырууну бир топ кыйындатат деп эсептейт.

Ушуга байланыштуу, «Тынч чогулуштар жөнүндө» КР Мыйзамына биринчи инстанциядагы соттун тынч чогулуш өткөрүүгө тыюу салуу же чектөө жөнүндө чечимине, ал расмий жарыяланган күндөн тартып жогору турган сотко даттануу мөөнөтүн 72 саатка чейин узартуу жөнүндө өзгөртүү киргизүү зарыл. Биринчи инстанциядагы соттун чогулушка 15 күнгө чейин же андан ашык мөөнөткө тыюу салуу же чектөө жөнүндө чечими КР Жогорку сотунун расмий сайтына расмий жарыяланган күндөн тартып, 5 жумушчу күндүн ичинде жогору турган сотко даттанылышы мүмкүн.

## СУНУШТАР:

**КР Министрлер Кабинетине:**

“Тынч чогулуштар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 14-пунктунун биринчи сүйлөмүн төмөнкүдөй мазмундагы текст менен алмаштырууну караган мыйзам долбоорун киргизсин: “Чогулушка 14 күнгө чейинки мөөнөткө тыюу салуу же чектөө жөнүндө биринчи инстанциядагы соттун чечими ал расмий жарыяланган күндөн тартып 72 сааттын ичинде жогору турган сотко даттанылышы мүмкүн. Биринчи инстанциядагы соттун чогулушка 15 күн жана андан ашуун мөөнөткө тыюу салуу же чектөө жөнүндө чечими, ал КР Жогорку сотунун расмий сайтына расмий жарыяланган күндөн тартып 5 жумушчу күндүн ичинде жогору турган сотко даттанылышы мүмкүн”.

## 2.2. Жарандардын шайлоо укугу

Шайлоо укугу жарандарга бийлик органдарын түзүүгө жана мамлекетти башкарууга катышуу мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуучу, демократиялык процесстин негизи болуп саналат. Аларды коргоо жана сактоо – укуктук мамлекеттин өнүгүү деңгээлинин негизги көрсөткүчү.

Акыйкатчы Институту 2024-жылы КР ЖК мөөнөтүнөн мурда шайлоолорго төмөнкү бир мандаттуу округдар боюнча мониторингдерди жүргүзгөн:

- 2024-жылдын 28-апрелинде – Баткен №2, Ош №7, Кара-Суу № 9;
- 2024-жылдын 30 июнунда – Ноокат №5, Ысык-Көл №36, Свердлов №29;
- 2024-жылдын 22-сентябрында – Сузак №13.

Мониторингде шайлоолорду мыйзамдарда белгиленген тартипте даярдоо, уюштуруу жана өткөрүү маселелерине өзгөчө көңүл бурулган.

Жогоруда аталган бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча мөөнөтүнөн мурда шайлоолордун мониторингдеринин жүрүшүндө биометрикалык идентификациялоого, документтердин жогунан (катталган добуш берүү жайынан тышкары добуш берүү үчүн арыздарга карабастан) добуш берүү мүмкүнчүлүгү болбогонуна, ошондой эле шайлоочулардын активдүүлүктөрүнүн төмөнкү деңгээлине жана байкоочулардын жетишсиз даярдыктарына байланыштуу кемчиликтер байкалды. Аныкталган кемчиликтер боюнча БШК Көңүл буруу актысы жана сунуштамалар менен каттар жиберилген.

Акыйкатчы Институтунун Көңүл буруу актысында жана башка каттарында камтылган сунуштамалар КР БШК тарабынан эске алынганын белгилеп коюу керек.

«Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештерин таркатуу жана Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө» КР Президентинин 2024-жылдын 6-сентябрындагы Жарлыгына ылайык, 2024-жылдын 16-17-ноябрында жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоолор өткөрүлдү.

Шайлоолордун жүрүшүндө 122 шайлоо участкасында, алардын ичинде облустарда 45, Бишкек ш., 77 ШУ байкоолор жүргүзүлгөн, бул республика боюнча жалпы ШУ 5%, Бишкек боюнча 29% түзөт.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо боюнча 2024-жылдын 16-17-ноябрында өткөрүлгөн шайлоолордун буга чейинки шайлоолордон айырмалуу өзгөчөлүгү аралыктан добуш берүү жана жаңы шайлоо жабдууларын пайдалануу болгонун белгилей кетүү керек.

Аралыктан добуш берүү – туруктуу катталган жери боюнча өз ШУ добуш берүү мүмкүнчүлүгү болбогонунан, шайлоо күнү тизмеге киргизилген жана аралыктан добуш берүү үчүн арыз берген жарандарга добуш берүү жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга багытталган.

Аралыктан добуш берүүнү каалаган шайлоочулар атайын уюштурулган ШУ добуш берүү мүмкүнчүлүгүн алышты (Бишкекте 4 ШУ, облустарда 6 ШУ).

Байкоолорго анча көп эмес ШУ камтылганына карабастан, Акыйкатчы Институтуна 44 актынын көчүрмөлөрү келип түштү. Алардын ичинен шайлоочуларды идентификациялоо боюнча жабдуулардын жана автоматтык эсептөөчү үкөктөрдүн ишинде катталган техникалык үзгүлтүктөргө байланыштуу 29 акты УШК мүчөлөрү жана АЭҮ операторлору, 15 акты байкоочулар тарабынан түзүлгөн.

Мисалы, чек жана бюллетень берүүчү аппараттын төмөнкүдөй иштөө кемчиликтери добуш берүү укугунун жана жарандык парызды аткаруу мүмкүнчүлүгүнүн чектелишине алып келген. Алар:

- шайлоочуга башка шайлоочунун чегин берүү;
- партиянын аталышы жок бюллетенди берүү;
- чекте жана бюллетенде башка дата жана убакыттын көрсөтүлүшү;
- бир шайлоочуга эки чектин басылышы;
- талапкердин фамилиясы жок бюллетендин чыгышы;
- шайлоочуга чектин жана бюллетендин берилиши, бирок монитордо башка шайлоочунун сүрөтүнүн көрүнүшү;
- шайлоо чегинин добуш берген шайлоочуга кайталанып берилиши;
- аппараттын белгиленбеген формадагы жана башка шайлоочунун аты-жөнү менен бюллетенди бериши.

Ошондой эле, УШК мүчөлөрү, АЭҮ операторлору жана байкоочулар тарабынан түзүлгөн актыларда баштапкы чектер берилбей, техникалык шайлоо жабдуусу өчүп калган (19:55 өчүп калып, 50 мүн кийин 20:45те кайра жанган), көчмө үкөктөрдөн алынган бир нече бюлеттендин АЭҮ өтпөй калган учурлары көрсөтүлгөн.

Алдыда турган президенттик жана парламенттик шайлоолорду эске алганда, шайлоо жабдууларын пайдалануу жана аларды иштетүүгө жооптуу адистерди сапаттуу даярдоо абдан маанилүү жана жоопкерчиликтүү маселелерден болуп саналат.

## СУНУШТАР:

**КР БШК:**

1. Шайлоолор үчүн жаңы жабдуулардын иштөөсүн жакшыртууга жана оптималдаштырууга өзгөчө көңүл бурсун.

2. БШК тутумдук администраторлору жабдуулардын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу максатында орун алган техникалык көйгөйлөрдү талдоону жүргүзсүн жана аларды чечтетүү жолдорун тапсын.

## 2.3. Өзгөчө кырдаалдар пайда болгон учурда өмүрдү, ден соолукту жана жеке мүлктү коргоого укугу

Жер титирөө, бороон-чапкын жана сел каптоо сыяктуу табигый кырсыктар калктын жашоо-тиричилигине жана инфратүзүмгө эбегейсиз чоң зыяндарды келтирет. Алдын алуунун кайтарымсыз тутуму, табигый кырсыктардын кесепеттерин өз убагында четтетпөө, калк арасында курмандыктардын санынын өсүшүнө жана социалдык чыңалууга алып келиши мүмкүн.

Мындай учурларда өмүрдү, саламаттыкты жана жеке мүлктү сактоо укугу адамдын негизги укуктарынын бири болуп саналат. Табигый кырсыктардын алдын алуу жана ыкчам чара көрүү – калктын коопсуздугун камсыз кылуунун жана зыянды азайтуунун негизги элементтери болуп саналат.

Ош облусунун бир катар райондорунда 2024-жылдын 14-июнунда болуп өткөн катуу селдин натыйжасында турак үйлөр, чарбалык объекттер, электр зым карагайлары кыйраган, Ош ш., борбордук базарында 842 соода контейнерин, Кара-Суу районунун Төлөйкөн айылында жайгашкан «Рахат», «Мөл-Булак», «Бөрүбай-Ата» жана «Ак-Тилек» эс алуу жайларын сел каптап кеткен. Кырсыктын натыйжасында бир канча киши каза болгон.

«Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаалдар министрлиги жөнүндө» жобого ылайык, КР ӨКМ жарандык коргоо, өрт коопсуздугу, суу объекттеринде адамдардын коопсуздугу жана гидрометеорология жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгууну жана ишке ашырууну жүзөгө ашырат. КР ӨКМ коркунучтуу жаратылыш, технотектүү процесстерге жана кубулуштарга мониторингди жана болжолдоону жүзөгө ашыруу, жарандык коргоо, өрт коопсуздугу, суу объекттеринде адамдардын коопсуздугу жана гидрометеорология жаатында иш-чараларды пландаштырууну, башкаруу органдарын, жарандык коргонуу күчтөрүн жана калкты өзгөчө кырдаалдар учурунда аракеттенүүгө даярдоо боюнча милдеттер жүктөлгөн.

Баяндалгандын негизинде, Акыйкатчы Институту КР ӨКМ табигый кырсыктардын келип чыгуу тобокелдиктерин төмөндөтүү жана жарандардын өмүрүнө коркунучтарды азайтуу боюнча жүргүзүлгөн чаралар жөнүндө маалымат берүүнү сурап кайрылган.

Институттун кайрылуусу боюнча КР ӨКМ мурдатан тиешелүү органдарга берилген аткаруу үчүн милдеттүү болгон алдын алуулардын жана көрсөтмөлөрдүн аткарылбаган фактыларын көрсөткөн. Ошентип, ӨКМ өзгөчө кырдаалдар боюнча облустук башкармалыктары жана райондук бөлүмдөрү берген алдын ала эскертмелер жана көрсөтмөлөр райондук мамлекеттик администрациялар, Ош ш. мэриясынын башкы суу чарба башкармалыгы, айрым айыл өкмөттөрү ж. б тарабынан аткарылбаган. Ошол эле убакта, ӨКМ жетекчилиги тарабынан жооптуу кызмат адамдарынын жоопкерчиликтерин кароо боюнча сунуштар киргизилген эмес.

«Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаалдар министрлиги жөнүндө» жобого ылайык, КР ӨКМ КР Министрлер Кабинетине жана укук коргоо органдарына өзгөчө кырдаалдар пайда болгондо жарандык коргоо жаатындагы мыйзамдарды, ченемдик талаптарды, эрежелерди жана стандарттарды бузгандыктары үчүн кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуштарды киргизүүгө милдеттүү.

Акыйкатчы Институту тарабынан КР ӨКМ Көңүл буруу актысы жолдонуп, ал эске алынган.

Акыйкатчы Институту табигый кырсыктардын кесепеттерин жоюу менен катар эле, алардын пайда болуу тобокелдиктерин төмөндөтүү, жарандардын өмүрүнүн жана саламаттыгынын коопсуздугуна келтирилүүчү коркунучтарды азайтуу боюнча алдын алуу чараларын жүргүзүүнү зарыл деп эсептейт.

## СУНУШТАР:

**КР Министрлер Кабинетине:**

Калктын өмүрүнө жана коопсуздугуна коркунуч келтирүүчү жаратылыш кырсыктарынын алдын алууга багытталган ӨКМ тиешелүү актыларын токтоосуз жана кыйшаюусуз аткарууну камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн.

**КР Өзгөчө кырдаалдар министрлигине:**

1. Жарандык коргоо жаатындагы алдын ала эскертмелерди жана көрсөтмөлөрдү аткарбоо фактылары жана ага күнөөлүү жеке жана юридикалык жактарды жоопкерчиликке тартуу жөнүндө тийиштүү укук коргоо органдары кабарландырылсын.

2. КР Министрлер Кабинетине КР мыйзамдарын, ошондой эле жарандык коргоо, өрт коопсуздугу, суу объекттеринде адамдардын коопсуздугу, гидрометеорология жаатындагы ченемдерди, эрежелерди жана стандарттарды бузгандыгы үчүн аткаруу бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилерин, чарба жүргүзүүчү субъекттердин жетекчилерин жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуштарды белгиленген тартипте киргизсин.



# 3-ГЛАВА.
# СОТКО ЧЕЙИНКИ СОТ ӨНДҮРҮШҮНДӨ ЖАРАНДАРДЫН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

## 3.1. Адамдардын сотко чейинки процесстеги укугу

КР Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине ылайык, сотко чейинки өндүрүш дегенде кылмыш жөнүндө билдирүүнү каттоодон, тергөөгө чейинки текшерүүдөн, тергөөдөн жана маңызы боюнча кароо үчүн прокурордун иштин материалдарын сотко жиберүүсүнөн турган кылмыш-жаза сот өндүрүшү болуп саналат.

«Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө» Мыйзамына ылайык, Акыйкатчы сот өндүрүшүнүн маселеси болуп калган даттануулар боюнча иштин жагдайларын карабайт.

Бирок, Акыйкатчы Институтуна даттануулардын бир кыйласы мына ошол сотко чейинки өндүрүшкө тийиштүү жагдайлар боюнча келип түшөт.

Институтка келип түшкөн **2663** жазуу жүзүндөгү кайрылуулардын **415** (16%) – сотко чейинки өндүрүштүн объективдүү эмес жүргүзүлгөнүнө даттанууларды түзгөн. Алардын ичинен **271** кайрылуу шектүүлөрдүн жана айыпталуучулардын

кызыкчылыгында, **144** жабырлануучулардын жана жабыркагандардын кызыкчылыгында келип түшкөн.

Келип түшкөн даттануулардын **265** (64%) – ички иштер органдарынын, **71** (17%) – прокуратура органдарынын, **54** (13%) – тергөө судьялардын, **25** (6%) – УКМК органдарынын иш-аракеттерине тийиштүү.

Статистика көрсөткөндөй, арыздардын жана даттануулардын көпчүлүгү **(64%)** КР ички иштер органдарына туура келет.

КР КЖПК ылайык сотко чейинки өндүрүш боюнча көзөмөлгө алууну КР прокуратура органдары жүзөгө ашыраарын белгилеп кетүү зарыл. Процессуалдык мыйзамдарга ылайык тергөө жана өндүрүш багыттары жөнүндө тергөө амалдарын, мыйзам менен прокурордун макулдугун же тергөө судьясынын чечимин алуу каралган учурларды кошпогондо, тергөөчү өз алдынча аныктайт.

Жарандардын арыздарында негизинен тергөөчүлөрдүн тергөөнү создуктурушканы, айыпталуучулардын өз укуктарын коргоого келтирген жүйөлөрүн тоготушпаганы, териштирүүнү айыптоого ык алуу менен жүргүзүшкөнү, орой мамилелери жөнүндө, же болбосо тескерисинче, күнөөлүү адамдарга карата тийиштүү чараларды көрүшпөгөнү, аларды кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартпай жатышканы жөнүндө кырдаалдар сыпатталып жазылат. Белгиленген маселелер кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдардын алкагынан чыкпастан чечилиши керек деп эсептейбиз.

Талдоо көрсөткөндөй, жарандардын тергөө органдарына ишенбөөчүлүк көрсөтүшкөнү айрым учурларда негиздүү.

*Алып айтканда, Акыйкатчы Институтуна медициналык мекемеде кызынын өлгөн фактысы боюнча тергөөнүн объективдүү жүрбөй жана тиешелүү чаралар көрүлбөй жатканы боюнча А. И. жарандын арызы Жогорку Кеңештин депутаты тарабынан жиберилген.*

*Аныкталгандай, 2023-жылдын 25-июлунда ичи катуу ооруп жатканына байланыштуу У. Т. Ак-Суу райондук ооруканасына кайрылган. Ооруканадан ага дары жазып берилген. Бирок көрсөтүлгөн аракеттер У. Т. жардам берген эмес, жана У. Т. кайрадан, 27-июлда райондук ооруканага кайрылган. Дарыгерлер тийиштүү чараларды көрүшпөгөндүктөн, У. Т. 2023-жылдын 29-августунда Ысык-Көл облустук ооруканасына которулган. 2023-жылдын 5-сентябрында У Т. Улуттук ооруканада каза болуп калган.*

*Бул факты боюнча 2023-жылдын 28-августунда Ак-Суу районунун РИИБ тарабынан КР КЖК 146-бер., боюнча (медициналык кызматкердин өзүнүн кесиптик милдеттерин талаптагыдай эмес аткаруусу) кылмыш иши козголгон. Бирок, 2023-жылдын 27-октябрында күнөөлүү адамдар аныкталбаганына байланыштуу териштирүү токтотулган. Акыйкатчы Институту кайрылгандан кийин гана териштирүү кайрадан башталган жана 2024-жылдын 8-февралында үч медициналык кызматкерге КР КЖК 146-бер. 2-б., каралган кылмышты жасагандыгына айып коюлган. Учурда кылмыш иши Ак-Суу райондук сотунда каралууда.*

Акыйкатчы Институтуна *Э.М. аны Россия Федерациясынын компетенттүү органдарына өткөрүп берүүгө (экстрадициялоо) каршы экени жөнүндө арызы менен кайрылган.*

*РФ Москва ш., Тверь райондук сотунун 2024-жылдын 27-июнундагы токтомунун негизинде Э. М. федералдык издөө жарыяланган. 2024-жылдын 21-октябрында Э. М. кармалган жана Ош ш., ИИБ УКЖ киргизилген. 2024-жылдын 18-ноябрында КР Башкы прокуратурасына РФ Башкы прокуратурасынан соттун чечимин аткаруу үчүн Э. М. Россия Федерациясына өткөрүп берүү жөнүндө кат*

*келип түшкөн. 2024-жылдын 3-декабрында Ош шаардык сотунун токтому менен Э. М. карата экстрадициялык камакка алуу колдонулган.*

*КР КЖПК 532-бер. ылайык, эгерде КР жараны болуп саналган адамга карата чет өлкөлүк мамлекеттин суроо-талабы келип түшсө, өткөрүп берүүгө жол берилбейт. Э.М. өз арызына, РФ Новосибирск шаарындагы КР консулдугунун анын КР жараны болуп санала тургандыгы жөнүндө маалымдамасынын көчүрмөсүн тиркеген.*

*Акыйкатчы Институту 2024-жылдын 18-декабрында КР Башкы прокуратурасына КР жараны чет өлкөлүк мамлекетке өткөрүп берилиши мүмкүн эместиги жөнүндө кат жөнөткөн. Биздин катты кароонун натыйжалары боюнча КР Башкы прокуратурасы тарабынан 2024-жылдын 24-декабрында Э. М. РФ өткөрүп берүүдөн баш тартуу чечими кабыл алынган. Ошол эле күнү Э. М. камактан бошотулган.*

Даттануулардын санынын көпчүлүгү мыйзамсыз кармоо жана камакка алуу түрүндөгү баш коргоо чарасын тандоого тийиштүү.

КР КЖПК 106-бер. ылайык, камак түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонууда тергөөчү прокурордун макулдугу менен сотко тиешелүү өтүнүч келтирет. Өтүнүчтү козгоо жөнүндө токтомдо айыпталуучуга карата тиешелүү бөгөт коюу чарасын колдонуунун зарылдыгы келип чыккан жүйөлөр жана негиздер баяндалат. Токтомго өтүнүчтүн негиздүүлүгүн ырастоочу материалдар тиркелет. Ал үчүн кылмыш-жаза мыйзамында 5 жылдан ашык мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза каралган кылмыштарды жасагандыкка айыпталып жаткан адамдарга карата башка, кыйла жеңил бөгөт коюу чарасы мүмкүн болбогондо, камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасы колдонулат.

Иш жүзүндө, тергөө органдары 2021-жылы сотко бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө 8354 өтүнүч беришкен, алардын ичинен 83,4% камакка алуу жөнүндө өтүнүчтөргө тийиштүү, соттун өтүнүчтөрдү канааттандыруусу 87,1% түзгөн. 2022-жылы 7978 өтүнүч берилген, алардын ичинен 86,9% камакка алууга тийиштүү, канааттандыруу 84,6% түзгөн. 2023-жылы бөгөт коюу чарасы боюнча 8565 өтүнүч берилген, алардын ичинен 96% камакка алууга тийиштүү, соттун өтүнүчтөрдү канааттандыруусу 86,9% түзгөн. Ушундай эле тенденция 2024-жылы дагы сакталган, анда тергөөчүлөр 93,5% учурда камакта кармоо түрүндө бөгөт коюу чарасын тандоо жөнүндө өтүнүч келтиришкен.

| Жылдар | Бөгөт коюу чарасы боюнча чыгарылган өтүнүчтөрдүн саны | Камакка алуу жөнүндө өтүнүчтөрдүн үлүшү | Соттордун өтүнүчтөрдү канааттандыруусу |
|---|---|---|---|
| 2021 | 8354 | 83,4% | 87,1% |
| 2022 | 7978 | 86,9% | 84,6% |
| 2023 | 8565 | 96% | 86,9% |

Жогоруда көрсөтүлгөн сандар соттордун тергөө органдарынын камакка алуу түрүндө бөгөт чарасын тандоо жөнүндө өтүнүчтөрүн абдан көп канааттандырышары жөнүндө күбөлөп турат. Акыйкатчы Институту «соттук териштирүүнү күтүп жатышкан адамдарды камакта кармоо сөзсүз эреже болушу керек эмес» деген принцип, абакка камоо менен байланышпаган чараларга карата БУУ минималдуу стандарттык эрежелери сакталбай (Токио эрежелери), соттор тарабынан негизинен колдонулбаганына тынчсызданат.

Мисалы, *Акыйкатчы Институтуна № 21 ЖАК мекемесинде (мындан ары № 21 Мекемеде) камалып турган уулу Ж. А., кызыкчылыгында С. Л. кайрылуу келип түшкөн.*

*Кылмыш ишинин материалдарына ылайык, Ж. А. интернет аркылуу курамында баңгизат каражаты болуп саналган «Тианептин» (коаксил) камтылган «TIANEPTINE SODIUM TABLETS 12/5 mg TYNEPT» дары каражатына тапшырык берген.*

*Бул факты боюнча А. Ж. 2024-жылдын 24-сентябрында КР КЖК 283-бер., 2-б. негизинде шектүү катары кармалган жана ага карата камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасы колдонулган.*

*Энесинин түшүндүрмөсү боюнча анын уулу психикалык оору менен жабыркайт жана ал суракка чакырылып, камакка алынганда РПНБ стационардык дарылануда болгон. Камакка алынганга чейин А. Ж. жеке менчик медициналык мекемелерде дарыланып келген, анда ага карата: «Шизоаффективдик бузулуунун, депрессивдүү тиби» деген диагноз коюлган жана «Коаксил» (Tianeptine) аталышындагы дары жазылып берилген. Өз сөзүн бышыктоо үчүн Л. С. 2024-жылдын 11-июнунда дарыгер тарабынан жазылып берилген «Tianeptine» дары каражатына рецептти көрсөткөн.*

*Жогоруда көрсөтүлгөнгө байланыштуу, Бишкек ш. Октябрь райондук сотуна Акыйкатчы Институту тарабынан жогоруда баяндалган жагдайларды көңүлгө алуу жөнүндө тиешелүү кат жөнөтүлгөн.*

*Жыйынтыгында, Октябрь райондук сотунун 2024-жылдын 29-октябрындагы токтому менен Ж. А. карата бөгөт коюу чарасы үй камагына алмаштырылган. Андан ары, Октябрь райондук сотунун өкүмү менен, Ж.А. карата эркиндигинен ажыратуу менен байланышпаган жаза дайындалган.*

Ошентип, тергөө органдары жана сот бийлиги мурдагыдай эле сот адилеттигин жүзөгө ашырууга тийиштүү абакка камоо менен байланышпаган БУУ минималдуу стандарттык эрежелерин сактабай (Токио эрежелери) келишүүдө, бул жарандардын укук коргоо органдарына жана сот тутумуна карата болгон мамилелерине терс таасирин тийгизүүдө.

## СУНУШТАР:

**КР Башкы прокуратурасына:**

1. «КР Прокуратура жөнүндө» конституциялык Мыйзамда жана КЖПК каралган ыйгарым укуктардын алкагында укук коргоо органдары тарабынын мыйзамдардын кыйшаюсуз аткарылышы талап кылынсын жана кылмыштар жөнүндө билдирүүлөрдү кароодо жана кылмыш иштерин тергөөдө милдеттерин талаптагыдай аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчиликке тартылышына жетишсин.

2. Тергөөчүлөрдүн камакка алуу түрүндөгү бөгөт чарасын колдонуу жөнүндө өтүнүчтөрүн кароодо, аргасыз учурларда гана камакка алуу жөнүндө Токио эрежелерин эске алсын. Камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын тандоо тууралуу өтүнүч сот тарабынан негизсиз канааттандырылган учурда, КЖПК белгиленген тартипте сунуштама чыгарсын.

## 3.2. Эркиндигин чектөө жана ажыратуу жайларындагы адамдардын укугу

Эркиндигин чектөө жайларында турган адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу Акыйкатчы Институтунун ишинин маанилүү багыттарынын бири болуп саналат.

Алып айтсак, КР КЖАК 35-бер., талаптарына ылайык, КР Акыйкатчысы туруктуу негизде соттолгондордун, жазаларын жана кылмыш-жаза укуктук таасир этүү мажбурлоо чараларын өтөп жаткандардын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырат.

Азыркы учурда ЖАК тутумунда 10 түзөтүү абагы иштеп жатат, аларда 4,5 миңге жакын соттологондор жазаларын өтөөдө, ошондой эле 5 тергөө изолятору иштөөдө, алардын атайын контингенти 1,5 миң кишини түзөт. Мындан тышкары, 10 жатак-абактар иштейт, алардагы соттолгондордун саны 1,5 миңге жакынды түзөт. Ар бир облустук ички иштер башкармалыктарында жана райондук ички иштер башкармалыктарында убактылуу кармоочу жайлар бар.

2024-жылы Акыйкатчы Институту тарабынан ЖАК, ИИМ жана КР УКМК жабык жайларына 258 инспекция жана мониторингдер жүргүзүлдү, алардын натыйжалары боюнча тергөөдөгү-камактагылардан жана соттолгондордон 139 даттануу (алардын ичинен 36 кыйноолорго) келип түшкөн, бардыгы 6 Көңүл буруу актысы жолдонгон.

Белгилей кетсек, ЖАК мекемелеринин үзгүлтүксүз мониторинги, алардын техникалык абалы, ошондой эле ЖАК көптөгөн мекемелериндеги кармоо шарттары улуттук мыйзамдардын жана эл аралык стандарттардын ченемдерине жооп бербегенин көрсөтөт. Бул жалпы таанылган факт жана мамлекет финансылык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша бул көйгөйлөрдү чечүүгө аракет кылууда.

Алып айтсак, 2024-жылы Москва районунун Беловодск а., № 16 мекемени толук реконструкциялоо иштери башталды. Буга чейин Жалал-Абад ш., № 10 мекеме толук реконструкцияланган. Ал эми, Молдовановка а., № 31 мекеме толук капиталдык оңдоодон кийин дарылоо мекемеси болуп кайра өзгөртүлгөн.

Акыйкатчы Инстутуту 2024-жылдын 23-майында ЖАК №3 мекемесинде жазаларын өтөп жаткан соттолгондордун укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын сакталышына мониторинг жүргүзгөн.

Мониторингдин жүрүшүндө Акыйкатчы Институтунун кызматкерлерине *соттолгон У. А., кайрылган, ал жаза өтөө мөөнөтү бүткөнүнө карабастан, 23 күндөн ашык убакыттан бери эркиндигинен ажыратуу жайында отурганын билдирген.*

*Текшерүү учурунда Ысык-Көл облустук сотунун 2022-жылдын 22-декабрындагы өкүмү менен У. А. 2 жыл 1 айга эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза дайындалганы аныкталган.*

*Ошентип, өкүм күчүнө кирген учурда, колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жаза өтөө мөөнөтүнүн бүтүшү 2024-жылдын 11-сентябрына туура келген. Бирок, КР Конституциялык сотунун 2023-жылдын 29-мартындагы чечими менен, КР КЖК 80-бер. 5-бөл. КР Конституциясынын 56-бер. 2, 4-бөл. карама-каршы келет деп таанылган. Ушул чечимге ылайык, өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейинки камакта кармалган мөөнөттүн бир күнү эркиндигинен ажыратылган эки күнгө барабар эсептелүүсү тийиш.*

*Демек, У. А. жаза мөөнөтүнүн бүтүшү 2024-жылдын 30-апрелине туура келет. Акыйкатчы Институтунун кийлигишүүсүнүн натыйжасында, У. А. 2024-жылдын 25-майында эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза өтөөдөн бошотулган.*

*У. А. эркиндигинен ажыратуу жайында 24 күндөн ашуун мыйзамсыз кармалып турганына байланыштуу, 2024-жылдын 1-июлунда КР Башкы прокурорунун атына прокуратура органдарынын күнөөлүү кызмат адамдарына карата тартиптик өндүрүш козгоо жөнүндө сунуштама жолдонгон. Сунуштаманы кароонун натыйжалары боюнча адистештирилген прокуратуранын бир катар кызматчылары тартипке чакыруу ирээтинде жазаланган.*

Ошондой эле, бир кыйла көп сандагы даттануулар талаптагыдай медициналык тейлөөгө укуктардын сактылышына тийиштүү. Жабык мекемелерде талаптагыдай медициналык тейлөө ала албаган катуу оорулуу соттолгондор да болгон фактылар кездешет.

*Алып айтсак, № 8 мекеменин мониторингинин жүрүшүндө, мында көзүнүн көрүүсүнөн толук ажыраган соттолгон М. З. жазасын өтөп жатканы аныкталган. Мониторингдин жүрүшүндө көзүнүн оорусу күчөгөнүнө жана талаптагыдай медициналык жардам көрсөтүүнүн мүмкүн эместигине байланыштуу М. З. жеке менчик медициналык бейтапканага алынып келинген, анда ага 2024-жылдын 24-майында көзүнө операция жасалган. Операциядан кийин бейтапкананын дарыгерлери тарабынан М. З. 2024-жылдын 27-майында кайрадан сөзсүз түрдө милдеттүү медициналык изилдөөдөн өтүүсүнө жазма эскертме берилген. Бирок, белгисиз себептер боюнча М. З. ЖАК кызматкерлери тарабынан кайрадан медициналык изилдөөгө алынып келинген эмес. Натыйжада М. З. көзү көрүүсүнөн таптакыр ажырап калган. Жеке менчик бейтапкананын дарыгерлеринин түшүндүрүүсү боюнча, көрсөтүлгөн жагдай ЖАК кызматкерлеринин дарыгерлердин жазма эскертмесин аткарышпаганынан улам гана мүмкүн болуп отурат.*

*КР КЖАК 20-беренесине ылайык, соттолгондорго медициналык жардам, алардын уюштуруу-укуктук формаларына жана менчигинин формасына көз карандысыз, саламаттыкты сактоо мекемелеринде саламаттыкты сактоо жаатындагы мыйзамдарда белгиленген мамлекеттик кепилдиктердин көлөмүндө көрсөтүлүшү мүмкүн. Жазаларды жана кылмыш-жаза укуктук таасир этүү чараларын аткаруучу органдардын жана мекемелердин администрациясы соттолгондорго медициналык жана санитардык-эпидемиологиялык тейлөө үчүн шарттарды түзөт.*

*Мындан тышкары, КР КЖК 91-бер. ылайык, белгилүү убакытка эркиндигинен ажыратууга соттолгон адам өкүм чыгарылгандан кийин катуу оору жана өкүмдү аткарууга тоскоол болгон оору менен ооруп калганда, медициналык комиссиянын корутундусунун негизинде жазаны андан ары өтөөдөн сот тарабынан бошотулушу мүмкүн.*

*КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 29-ноябрындагы № 745 Токтому менен бекитилген оорулардын Тизмегине ылайык, эркиндигинен ажыратуу жайларында жазасын өтөө мезгилинде ооруп калган, эгерде жазасын өтөөдө аларда оорунун күчөөсүнүн натыйжасында, оору соттолгондорду жаза өтөөдөн бошотууга сунуштама берүү үчүн негиз болуп саналган мүнөзгө ээ болсо, ошондой эле соттолгонго чейин ооруп калган соттолгондор медициналык күбөлөндүрүлүүгө жатат. Ушул тизмекке ылайык, эки көздүн тең сокурлугу ушундай ооруларга кирет.*

*Соттолгон М. З. укуктарын камсыз кылуу максатында Акыйкатчы Институту тарабынан 2024-жылдын 25-октябрында КР ЖАК М. З. медициналык мекемеге өз убагында алып барылбаганынын фактысы боюнча кызматтык териштирүү жүргүзүү жөнүндө, ошондой эле ага карата медициналык күбөлөндүрүү өткөрүү жөнүндө маселени кароо жөнүндө сунуштама жолдонгон.*

*Сунуштаманы кароонун натыйжалары боюнча, № 8 мекемеден «Кудрет көз» медициналык бейтапканасына өз убагында коштоп алып барбаганынан улам ички кызматтын капитаны, фельдшер А. Т. эскертүү жарыяланган, ал эми М. З. карата медициналык күбөлөндүрүү жолжобосу башталган.*

Арызданууучулардын айрым кайрылуулары башка соттолгондордон коопсуздукту камсыз кылууга тийиштүү.

*Алып айтсак, ЖАК № 21 мекемесинде кармалып турган Р. Х., кызыкчылыгында адвокат М. С. кайрылган. М. С. сөзүнө караганда Р. Х. менен анын камералаштарынын арасында чыр-чатак чыккан, ушуга байланыштуу Р. Х. коопсуздугун камсыз кылуу максатында аны башка камерага которууну суранган. Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери Р. Х. барып көрүшкөндөн кийин мекеменин администрациясына аны башка камерага которуу сунушталган. Которуу боюнча бул сунуштама канааттандырылган.*

Акыйкатчы Институтуна ошондой эле, тигил же бул себептерден тууганы менен байланышын жоготуп алышканы жана аны менен жолугуша албай атышканы боюнча соттолгондордун туугандарынан кайрылуулар келип түшөт.

*Алып айтсак, М. С. Акыйкатчы Институтуна анын уулу Н. М. ЖАК № 1 мекемесинде жазасын өтөп жатканын, бирок мекеменин администрациясы себебин түшүндүрбөстөн эле аны уулуна киргизбей жатканы жөнүндө кайрылган. Текшерүүнүн жүрүшүндө Н. М., анын коопсуздугун камсыз кылуу максатында ЖАК № 1 мекемесинен ЖАК № 27 мекемесине которулганы аныкталган.*

*Акыйкатчы Институту тарабынан соттолгондун жолугушууга болгон укугун камсыз кылууга чаралар көрүлгөн жана Н. М., КР КЖАК 89-бер. ылайык, белгиленген тартипте өзүнүн ата-энеси менен жолугушкан.*

ЖАК мекемелеринин үзгүлтүксүз мониторинги, санитардык турмуш-тиричилик шарттарынан тышкары, даттануулардын бир кыйла олуттуу бөлүгү паспорттор менен камсыз кылууга тийиштүү, жаза мөөнөттөрүн эсептеп чыгаруу, материалдарды шарттуу-мөөнөтүнөн мурда бошотууга жиберүү жана жатак-абактарга которуу маселелери боюнча экенин көрсөтүүдө.

### Соттолгондорду паспорттоштуруу маселеси

Соттолгондорду кайра социалдаштыруу жана социалдык жактан көнүктүрүү кылмыш-жаза аткаруу мыйзамдарынын жана пенитенциардык тутумдун башкы максаттарынын жана милдеттеринин бири болуп саналат. Эркиндигинен ажыратуу жайларынан бошонгон адамдарды зарыл документтер менен толук камсыз кылуу бул багыттагы биринчи кадам болуп саналат.

Паспортсуз ишке орношуу, ар түрдүү жөлөкпулдарды жол-жоболоштуруу, нике каттоо, жарандык-укуктук бүтүмдөрдү жасоо мүмкүн эмес.

2024-жылдын 1-январына карата абал боюнча ЖАК мекемелеринде жазаларын өтөп жаткан 742 соттолгондун жалпы жарандык паспорттору жок болгон. Соттолгондорду паспорт менен камсыз кылуу боюнча көйгөйлөрдүн негизгилери төмөнкүлөр болуп саналат:

- соттолгондордо эч кандай документтердин, алып айтканда, паспорт берүү үчүн базалык документ болуп саналган, туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн жоктугу;
- соттолгондордо мамлекеттик алымды төлөө үчүн каражаттардын (621 сомдон 1276 сомго чейин) жоктугу.

Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери 2024-жылдын 5-февралында ЖАК аянтчасында түзөтүү мекемелеринде жазаларын өтөп жаткан адамдарга ID-карт жол-жоболоштуруу маселесин талкуулоо боюнча компетенттүү мамлекеттик органдар менен жолугушууга катышышты.

Талкуунун натыйжалары боюнча Акыйкатчы Институту тарабынан 2024-жылдын 8-февралында ЖАК, Калкты каттоо департаментине (ККД) жана Монополияга каршы жөнгө салуу кызматына соттолгондорду паспорттоштуруу маселеси боюнча каттарды жиберген. Мындан тышкары, 2024-жылдын 1-мартында ЖАК төрагасынын атына соттолгондорду паспорттоштуруу боюнча чараларды көрүү жөнүндө Көңүл буруу актысы жолдонгон.

Натыйжада, 2024-жылдын ичинде ЖАК мекемелери тарабынан 631 соттолгон паспорттоштурулган.

ЖАК №2 Мекемесиндеги мониторингдин жүрүшүндө Акыйкатчы Институтунун кызматкерлерине Өзбекстан Республикасынын жараны, соттолгон А. З. өзүнүн Панфилов районундагы жатак-мектептеги Д. З., 06.06.2007-жылы туулган, жашы жетелек кызына паспорт алууга көмөктөшүү өтүнүчү менен кайрылган. Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери соттолгондун кызын документтештирүүгө көмөк көрсөтүшкөн.

Натыйжада, 2024-жылдын 14-августунда ККД Д. З. жөнөкөйлөтүлгөн тартипте жарандыкка кабыл алуу үчүн документтери кабыл алынган.

### Шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотууну колдонуу маселеси

Талдоо көрсөткөндөй, жатак-абактардын администрациялары көпчүлүк учурларда шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотууга (мындан ары ШММБ) материалдарды тийиштүү мөөнөт келгенде даярдайт жана аларды соттун кароосуна жиберет.

Статистикалык маалыматтарга ылайык, 2022-жылы КР соттору тарабынан шарттуу-мөөнөтүнөн мурда бошотуу тууралуу 1159 материал каралган, алардын ичинен 436 (37,62%) канааттандырылган. 2023-жылы соттор тарабынын ШММБ тууралуу 957 материал каралган, алардын ичинен 369 (38,56%) канааттандырылган.

Пенитенциардык мекемелердин мониторингдеринин жүрүшүндө соттолгондор тарабынан ШММБ боюнча материалдардын объективдүү каралбай жаткандыгы жөнүндө көптөгөн даттануулар жана ушундай процесстерге мониторинг жүргүзүү боюнча өтүнүчтөр келип түшөт. Соттордо мындай өтүнүчтөрдүн болжолдуу 60% канааттандыруудан баш тартылат.

*Алып айтсак, Акыйкатчы Институтуна ЖАК №32 Мекемесинде жазасын өтөп жаткан соттолгон В. П., мекеменин администрациясы анын материалдарын ШММБ жибербей жатканы жөнүндө даттануу менен кайрылган. Арызды кароонун алкагында Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлери жерине барып соттолгондун өздүк иши менен таанышып, натыйжасында мекеменин администрациясы тарабынан ШММБ сунуштама Сокулук райондук сотуна жиберилип, жыйынтыгында сунуштама канааттандырылган.*

Ошондой эле, КР Акыйкатчы Институтуна *М. У. № 1 Мекемеде жазасын өтөп жаткан анын уулу – А. А. карата ШММБ колдонулбай жатканы жөнүндө кайрылган.*

*Текшерүү ага карата «1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин 75 жылдыгына жана 2010-жылдагы Элдик Апрель революциясынын 10 жылдыгына байланыштуу мунапыс жөнүндө» Мыйзамдын жоболору колдонулганын, бул ШММБ колдонуунун мөөнөтүнө таасир эткени аныкталган. КР Акыйкатчы Институтунун жообунун негизинде, Чүй облустук сотунун 2024-жылдын 14-октябрындагы аныктамасы менен А. А. карата ШММБ колдонулган, ал эми № 1 Мекеменин кызматкери А. Т. материалдарды сапатсыз даярдагандыгы үчүн эскертүү түрүндө тартиптик чара көрүлгөн.*

Айрым жаңы объекттердин курулушуна көңүл буруу күчөтүлгөнүнө карабастан, ЖАК курулмаларынын, анын ичинде мекемелердеги коопсуздук секторунун эскилиги жеткени олуттуу көйгөй бойдон калууда. ЖАК мекемелери адамдарды кармоонун

минималдуу стандарттарын кармап турууну камсыз кыла албайт. Бирок, КР кылмыш-жаза аткаруу (пенитенциардык жана пробациялык) тутумун өнүктүрүүнүн Мамлекеттик программасын ишке ашыруу боюнча иш чаралардын Планынын долбоорунун алкагында 2024–2028-жылдарда түзөтүү мекемелеринин жана тергөө жайларынын жаңы имараттарын куруу аркылуу камактагылардын кармоо шарттарын жакшыртуу каралган.

ЖАК мекемелерин инспектирлөөнүн жыйынтыктары боюнча соттолгондордун медициналык камсыз кылуунун жеткиликтүүлүгүнө даттанууларынын деңгээли жогору бойдон калууда.

## СУНУШТАР:

**КР Юстиция министрлигине караштуу жазаларды аткаруу кызматына:**

Соттолгондорго медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу жана берүү үчүн медициналык кызматкерлердин кесиптик квалификациясын жогорулатуу маселесин карасын.



# 4-ГЛАВА.
# СОТ ӨНДҮРҮШҮНДӨ ЖАРАНДАРДЫН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

Кыргыз Республикасында адамдын укуктары жана эркиндиктери жогорку баалуулуктар катары таанылган, алар өлкөнүн негизги мыйзамында бардык мамлекеттик органдардын ишинин маңызын жана мазмунун аныктоочу, түпкүлүктүү фундаменталдык негиздер катары каралган жана кепилденген.

## 4.1. Иштердин өз убагында каралуусуна укук

Инсандын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин коргоо ар түрдүү укуктук механизмдер аркылуу, анын ичинде сотко кайрылуу жолжобосу аркылуу жүзөгө ашырылат. Бул процессте процессуалдык каражаттардын болгону маанилүү, анткени, соттук териштирүүнүн жүрүшүндө жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин убактылуу чектөөнүн зарылдыгы келип чыгышы мүмкүн. Ушундай механизмдердин бири КР сотторунун иштерди кароодо процессуалдык мөөнөттөрдү сактоосу болуп саналат.

Жалпы юрисдикциядагы соттордун иштерди кароонун процессуалдык мөөнөттөрүн сактоосу сот адилеттигин өз убагында, адилеттүү жана сапаттуу ишке ашырылышына жетишүүдө жарандын укуктарын камсыз кылуунун негизги элементи болуп саналат. Мындан тышкары, ишти кароону адекваттуу каралган мөөнөттөрдө бүтүрүү, коомдун ишеним деңгээлин жогорулатуу менен, бүтүндөй сот тутумунун

натыйжалуу иштөөсүнө өбөлгө түзөт. Каралган мөөнөттөрдү бузуу ар түрдүү себептерден улам болот, мындай жагдайлардын келип чыгуусу көпчүлүк убактарда *негизсиз кармалуу менен кечиктирилип соттолууга*[1], тараптардын соттук коргоого укуктарынын бузулушуна жана артыкча белгисиздиктин пайда болушуна алып келет.

Акыйкатчы Институтуна жарандар соттордун алардын иштерин кароонун создуктуруп жатышканы жөнүндө кайрылышат. Натыйжада жарандарга өз иши боюнча акыркы чечимди бир нече жылдар бою күтүүгө туура келет. Бул жагдайлар психологиялык олуттуу тынчсыздануулардын, кыйла арбын финансылык каражаттарды чыгымдоонун, ошондой эле жеке убакытты жоготуунун себеби болуп саналат. Бул өз кезегинде, сот тутумуна карата болгон жарандардын ишеним деңгээлине белгилүү терс таасирин тийгизет.

Акыйкатчы Институту маалыматты биринчи колдон жыйноо максатында сот адилеттигин жүзөгө ашыруучу субъекттердин *(судьялардын, прокурорлордун, адвокаттардын, эксперттердин)* арасында анкетирлөө жүргүзгөн.

Сурамжылангандардын жалпы саны 358 респонденттти түзгөн, алардын ичинде 111 судья, 169 прокурор, 42 адвокат, ошондой эле КР Юстиция министрлигине караштуу Соттук-экспертиза кызматынын (СЭК) 36 эксперти болгон.

Эксперттик корутундуларды алуудагы кечигүүлөргө байланыштуу орун алган көйгөйлөрдү толук жакшы түшүнүү үчүн, Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери тарабынан КР ЮМ караштуу СЭК иши менен таанышуу өткөрүлгөн.

Таанышуунун жүрүшүндө СЭК ишин толук кандуу жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылган бир катар көйгөйлүү факторлордун бар экени белгилүү болгон.

1. Жабдуулардын жана кызматтык жайлардын жетишсиздиги.

СЭК өкүлдөрүнүн маалыматтарына ылайык, жабдуулардын жетишсиздиги 80%га жакынды түзөт. Совет мезгилинен берки 1963-жылкы эски жабдуулар да, жаңылар да бар. Мында, кызматтык жайлардын жоктугуна байланыштуу, СЭК бул жабдууларды андан ары жайгаштыруу боюнча көйгөйлөр келип чыгат. Ошону менен бирге, кызматтык жайлардын жетишсиздигинен улам, СЭК борбордук Аппаратынын бир иш кабинетине ар түрдүү башкармалыктардын кызматкерлери (химик, басма сөз-катчысы жана сапат боюнча менеджер) жайгашкан.

2. Кадрлардын тартыштыгы.

СЭК кызматкерлеринин жалпы саны – 127 кишини түзөт, мында 23 кызмат орду (18% ашууну) бош болуп саналат. СЭК жетекчилигинин сөзүнө караганда, кийинки жылдары кадрлардын келим-кетими абдан бийик деңгээлде болууда. Курулуш-техникалык экспертизалар бөлүмүндө *(2024-жылдын ноябрына карата абал боюнча)* 7 бош кызмат орду болгон. СЭК эксперттеринин баа берүүсүнө ылайык, ЖОЖ эми гана бүтүргөн жаш адисти практикалык жактан окутууга орточо 1 жыл зарыл. Анын үстүнө, бүтүндөй өлкө боюнча жардыруу-техникалык экспертизаларын жүрүзүү менен алектенген 1 гана эксперт бар.

3. Айлык акынын төмөндүгү.

51 жылдык иш стажы бар эксперт 28 миң сом эмгек акы алат, ошол эле убакта эксперт катары жаңыдан кызматка орношкон жаш адистер 17 миң сомдон алышат. СЭК эксперттеринин айлык акылары эң эле төмөн жана атаандаштыкка жөндөмсүз болуп саналат, ушул эле убакта Кыргызстанда 2024-жылы орточо айлык акы 35 298 сомду түзгөн.

4. Жумуштун оордугу.

Экономикалык *(бухгалтердик-финансылык)* экспертизанын алкагындагы материалдардын көп объекттүүлүк жана көлөмдүүлүк себептери боюнча эксперттин

[1] Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакттын 14-статьясы (мындан ары текст боюнча – ЖСУЭП).

окуп-үйрөнүүсүнө 5 томдон 100 томго чейинки документтер келип түшөт. Экспертизанын бул түрүн жүзөгө ашыруу, анын татаалдыгынан улам 1 жылга жакын убакытты ээлейт. Ошентип, окуп-үйрөнүүгө келип түшкөн материалдардын көлөмдүү болгону, ошондой эле кызматкерлердин штатынын толук эместиги эксперттердин ортосунда жүктөрдүн көп өлчөмүнүн тең эмес бөлүштүрүлүшүнө алып келет.

Сотко чейинки өндүрүш убагында соттук эксперттин алдына суроолорду коюуга адвокаттардын катышуусу бардык тараптардын кызыкчылыктарын эске алууга, ошондой эле экспертизаларды кайра кайталап жүргүзүү же кошумча түшүндүрмөлөрдү алуу зарылдыгынан качууга мүмкүнчүлүк түзөт, бул өз кезегинде сотто иштерди кароо мөөнөттөрүн кыскартууга өбөлгө болот. Мындай катышуу болбосо, экспертизанын кортундуларындагы түшүнүксүздүктөрдүн жана кемчиликтердин процесстик мөөнөттөрдүн кечеңдөөлөрүнө жана бузулууларына алып келүү тобокелдиктери бар.

Сурамжыланган 42 адвокаттын ичинен 30 кайра же кошумча экспертиза дайындоо жөнүндө өтүнүч билдирүү үчүн, эксперттин алдына суроолорду коюуда тергөөчүнүн коргоочу тараптын суроолорун эске албай койгону негиз болорун белгилешкен.

Кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарга ылайык, коргоочу тарапка тергөөчү дайындаган экспертиза боюнча суроолорду берүү укугу берилген. Анын үстүнө, тергөөчүнүн экспертизаны дайындоодон баш тартууга укуксуз экени көрсөтүлгөн. Мында ушул ченемдин мазмунунда, тергөөчүнүн экспертизаны дайындоону четке кагуу мүмкүнчүлүгүн пайда кылуучу учурларды санап көрсөтүүсү түрүндө көрүнгөн, тергөөчүнүн аракеттеринин мурда сыпаттамаланган диспозитивдик бөлүгүнөн чегинүүлөр бар.

КР КЖПК 182-бер., 1-б., ылайык, тергөөчү коргоочу тарапка экспертизаны дайындоодон баш тартканда, аны дайындоо жөнүндө маселени тергөө судьясына кайрылуу менен чечүү жолжобосу каралган. Бирок, КР КЖПК 182-бер., 6-б., 3-п., ылайык коргоочу тарап үчүн адвокаттын өз кардарын коргоого багытталган аракетин жүзөгө ашырууда белгилүү тоскоолдуктарды түзүүчү кошумча аракеттерди жасоонун зарылдыгы түзүлөт. Ошентип, айыптоочу тарап коргоочу тараптын алдында кыйла артыкчылыктуу абалга коюлат.

Өз кезегинде, бул жагдайлардын болгону кеңири чечмелөөдө, ага ылайык «Сот өндүрүшү тараптардын тең укуктуулугунун жана атаандаштыгынын негизинде жүзөгө ашырылат» деген КР Конституциясынын 100-бер. 3-б., шайкеш келбестикке өбөлгө түзөт.

Мындан тышкары, ЖСУЭП 14-бер., жобосуна ылайык, соттордун жана трибуналдардын алдында бартык адамдар тең укуктуу. Ар бир адам өзүнө коюлуп жаткан кандай болбосун кылмыш-жаза айыптоосун кароодо, же кандайдыр бир жарандык процессте анын укуктарын жана милдеттерин аныктоодо, иштин мыйзамдын негизинде түзүлгөн, иш-билги, көз карандысыз жана калыс сот тарабынан акыйкат жана ачык-айкын териштирилишине укуктуу.

Ошол эле убакта, ЖСУЭП 14-беренесине карата БУУ Адам укуктары боюнча комитетинин №32 Жалпы тартиптеги сын-пикирлеринин 13-п., ылайык, *бардык тараптар соттордун жана трибуналдардын алдында теңдикке укуктуу, ошондой эле атаандаштык мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги камсыз кылынат. Бул, эгерде айырма мыйзам менен каралгандан жана объективдүү жана акыл-эстүү негиздер боюнча акталышы мүмкүн болгондон тышкары, соттолуучуну иш жүзүндө ыңгайсыз абалга койбогон жана аны башка адилетсиз мамилеге кириптер кылбаган бир эле ошол процесстик укук бардык тараптар тарабынан камсыз кылынышы керек дегенди билдирет.*

Алынган маалыматтарды талдоонун натыйжалары боюнча, Акыйкатчы Институту тарабынан соттук териштирүүлөрдөгү создуктуруулар төмөнкү факторлор менен шартталганы аныкталды:

1. ***Тараптардын келбей коюусу*** иштерди кароонун процессуалдык мыйзамдарда белгиленген мөөнөттөрүнүн ашып кетүүсүнө олуттуу таасир этүүчү негизги көйгөй катары белгиленди. Бул көйгөйдүн кыйла көп айтылуучу себептери *«сот процессин атайлап создуктуруу», «отурум жөнүндө өз убагында кабарландырбоо», «күбөлөрдүн жана жабырлангандардын сот процессине катышуудан баш тартуусу» жана «тараптардын, анын ичинде адвокаттардын иштеринин көптүгү»* болуп саналат. КР процессуалдык кодекстеринде тараптарды кабарландыруу тартибине карата абдан так талаптар каралганына карабастан, укук колдонуу практикасында бул ченемдерди ишке ашыруу көйгөйлөрү дагы да болсо мурунку деңгээлинде калууда.

2. ***Эксперттик корутундуларды алуудагы кармалуулар.*** Кармалуулардын кыйла арбын саны курулуш-техникалык, экономикалык жана медициналык экспертизаларды жүргүзүүдө, ошондой эле кол жазманы жана колтамганы изилдөөлөрдө кездешет. Натыйжада иштерди кароо процесси созулат, анткени экспертизалардын бул түрлөрүнүн корутундулары көпчүлүгү иш үчүн мааниси бар жагдайларды аныктоодо негизги ролду ойнойт. Кармалуулардын себептери төмөнкү факторлордун болгону: *эксперттердин иштеринин көптүгү, кыйла татаал материалдар үчүн кошумча убакыттын керектиги, квалификациялуу адистердин жана техникалык ресурстардын (б. а. зарыл жабдуулардын жана эксперттерди жайгаштыруу үчүн жайлардын) жетишсиздиги.*

3***. Мамлекеттин ДНК жана фоноскопиялык экспертизаларды өз алдынча жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу***.

4. ***Сапаты жана мазмуну солгун эксперттик корутундулар.*** Бул көйгөй экспертизалардын кайрадан дайындалышына жана өткөрүлүшүнө алып келет. Сурамжыланган судьялардын 74% өздөрүнүн соттук практикасынын жүрүшүндө ушундай көйгөйлүү корутундуларды алышканын, натыйжада бир эле экспертизаны кайра кайталап дайындоого аргасыз болушканын билдиришкен. Өз кезегинде, мындай практиканын орун алышы дагы иштерди кароо мөөнөтөрүнүн узарышына өбөлгө болууда.

5. ***Коргоочу тараптын экспертизаларды демилгелөө тартибинин атаандашсыздыгы.*** Тергөө тараптан адвокаттардын эксперттин алдына суроолорду коюусу чектелген. Ошентип, айыптоочу тарап коргоочу тараптын алдында бир кыйла артыкчылыктуу абалга коюлат. Бул жагдай ишти кароонун мөөнөттөрүн узартуу менен экспертизаларды кайталап дайындоого себепчи болуп калууда.

6. КР ЮМ караштуу СЭК өзүнүн эксперттик иштерин жүзөгө ашырууда, жабдуулардын жана кызматтык жайлардын жетишсиздиги, кадрлардын тартыштыгы, аз айлык маяна жана эксперттердин жүгүнүн ашыкча оорлугу, арбындыгы сыяктуу ***объективдүү көйгөйлөрдүн комплексине*** кириптер болууда.

## СУНУШТАР:

**КР Жогорку сотуна:**

Кабарламаларды автоматтык түрдө жөнөтүү аркылуу процесстин катышуучуларын кабарландыруу мүмкүнчүлүгү менен, санарип платформа иштеп чыксын жана киргизсин.

**КР Башкы прокуратурасына:**

Эксперттик корутундуларды берүү мөөнөттөрүнүн сакталышын, ошондой эле соттук териштирүүнүн бардык этаптарында процесстик мөөнөттөрдүн сакталышын көзөмөлгө алууну күчөтсүн.

**КР Министрлер Кабинетине:**

1. Мамлекеттик соттук-эксперттик уюмдарды жетиштүү каржылоо менен камсыз кылсын, анын ичинде КР ДНК жана экспертизалардын фоноскопиялык түрлөрүн жүргүзүү үчүн зарыл шарттарды түзсүн.

2. Эксперттерди, өзгөчө курулуш-техникалык, экономикалык, ДНК жана экспертизалардын фоноскопиялык түрлөрүн жүргүзүү чөйрөлөрүндө талаптагыдай даярдоону камсыз кылсын.

3. Кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарга экспертизаларды дайындоо тартибинде жактоочу тарап үчүн бирдей атаандаштык берүүнү караган (КР К-жПК 179, 182-бер.) өзгөртүүлөрдү киргизсин.

## 4.2. Сот процессинин катышуучуларынын укуктарын камсыз кылуу

Эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укук – адамдын эл аралык келишимдерде жана Кыргыз Республикасынын Конституциясында кепилденген негизги укуктарынын бири. ЖСУЭП 9-бер. жана КР Конституциясынын 59-бер. өз билемдик менен кармоодон жана камоодон коргоону камсыз кылат. Бирок, эркиндикке укук чексиз болуп саналбайт жана мыйзам менен чектелиши мүмкүн. Кылмыш-жаза процессинин башында турган негизги принциптердин бири мыйзамдуулук принциби болуп саналат.

Акыйкатчы Институту 2024-жылы Бишкектеги Европадагы коопсуздук жана кызматташуу боюнча уюмунун программалык кеңсесинин колдоосу алдында, тартылган эксперттер менен биргеликте республиканын бардык жергиликтүү сотторунун соттук отурумдарына мониторинг жүргүзгөн. Экперттик топ 248 соттук отурумга барып катышкан.

Соттук процесстердин мониторингинин жүрүшүндө эксперттер айыпталуучунун укуктарын сакталуусуна жана соттук териштирүүнүн акыйкаттуулугуна түздөн-түз таасир этүүчү бир катар маанилүү өңүттөргө өзгөчө көңүл буруп, басым жасашкан, аларга: айыпталуучуну соттук отурумга алып келүүнүн жана кармоонун тартиби; айкын жана ачык соттук процесске карата жеткиликтүүлүк; соттук отурумду даярдоонун тартиби; соттук отурумда тараптардын теңдигин камсыз кылуу; айыпталуучуга көрсөтүлгөн юридикалык жардам; котормочу берүү; соттук чечимди жарыялоонун тартиби жана чыгарылган соттук чечимдердин түрлөрү сыяктуу негизги элементтер кирет.

Соттук отурумдардын мониторингинин жыйынтыктары боюнча ачык-айкындыкты, катышуучулардын процесстик укуктарын жана бөгөт коюу чараларын колдонууну камсыз кылуунун бир катар маселелери аныкталган. Мониторинг өнүктүрүлүүчү жагымдуу жагдайларды да, көңүл бурууну жана оңдоп-түзөтүүнү талап кылуучу олуттуу кемчиликтерди дагы көрсөткөн.

***Соттук териштирүүнүн чектелүү ачык-айкындыгы –*** соттук процесстердин ачык-айкындыгын камсыз кылуудагы тоскоолдуктардын бири катары аудио- жана видео-жазууну жүргүзүү жөнүндө катышуучуларды жетишсиз кабарландыруу болуп саналат. Байкоонун натыйжаларына ылайык, соттук отурумдардын жазылганы жөнүндө маалымат судьялар тарабынан 15% учурларда гана ачык жарыяланат, бул тараптардын жаздыруу процесси жөнүндө кабардарлыгынын төмөнкү деңгээлин көрсөтүп турат. Анын үстүнө, сот залдарында

камералар болгонуна карабастан, 61% учурларда аудио- же видео- жазуу жүргүзүлгөн эмес. Бир катар учурларда камералар иштеген эмес же пайдаланылбаган. Кээ бир учурларда судьялар, процесстин катышуучуларын аудио-видео-жазуу жүргүзүлүп жатканы жөнүндө кабарландырышпайт, бул ачыктык жана айкындык принцибин бузат. Айрым кырдаалдарда соттун катчылары, бул процесстерде жаздыруу жүзөгө ашылбай турганы билдиришет. Бул фактылар жаздыруу каражаттарын пайдалануу практикасын кайра карап чыгуунун жана тараптарды бул процесстер жөнүндө кабарландыруунун жакшыртуунун зарылдыгы жөнүндө күбөлөп турат.

***Катышуучулардын процесстик укуктарынын жетишсиз түшүндүрүлүшү –*** алардын процесстик укуктарын талаптагыдай жана жетиштүү түшүндүрүү, соттук процесстин катышуучуларынын укуктарын сактоонун маанилүү өңүтү болуп саналат. Мониторингдин жүрүшүндө 56% учурда тергөө судьясы катышуучуларга алардын укуктарын толук түшүндүргөнү, 35% учурда – түшүндүрүү жарым-жартылай болгону, ал эми 9% учурда айыпталуучулардын укуктары такыр түшүндүрүлбөгөнү белгиленген, бул өз кезегинде тараптардын теңдик принцибине жана акыйкат соттук териштирүү принцибин сактоого таасирин терс тийгизиши мүмкүн.

***Кармоонун жагдайларын билүүгө байланыштуу көйгөйлөр –*** кармоонун жагдайларын жана укук коргоо органдарынын аракеттеринин негиздүүлүгүн билүү процесси дагы жакшыртылууга муктаж. Тергөө судьялары 62% учурда шектүүнү кармоонун же жеткирүүнүн так убактысын билишкен, 30% учурда – кармалганга бир натыйжалуу телефон чалуу укугу берилгенин текшерген, 54% учурда – айыпталуучу катары тартуу жөнүндө токтомдун көчүрмөсү берилгени такталган, ал эми 42% учурда туугандары кармоо жөнүндө кабарланганы жөнүндө текшерилген. Формалдуу аракеттер болгонуна карабастан, кармоонун негиздүүлүгүн текшерүү процесси көпчүлүк учурларда үстүртөн, формалдуу мүнөздө гана жүрөт. Соттук териштирүүдө негизги көңүл бөгөт чарасын тандоо маселесине гана бурулат, бул кармоонун өзүнүн мыйзамдуулугун бир кыла терең талдоодон алагды кылат.

***Кармоонун мыйзамдуулугу жөнүндө токтом –*** басымдуу көпчүлүк учурларда кармоо мыйзамдуу жана негиздүү деп таанылат, бул судьялардын укук коргоо органдарынын иш-аракеттерине карата ишенимдеринин бийик деңгээлин көрсөтөт, бирок мындай чечимдерди кабыл алууга карата, өзгөчө кармоонун жагдайларын дыкат текшерүү жүргүзүлбөгөн учурларда, формалдуу мамиленин болуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбайт.

***Бөгөт коюу чарасын тандоо: кылмыштын оордугуна басым –*** бөгөт коюу чарасын тандоодо судьялар көпчүлүк учурларда көңүл чордонун кылмыштын оордугуна басым жасашат, бул тергөөчүлөрдүн өтүнүчтөрүнүн 60% негизги жүйө-далили болуп саналат. 59% учурларда шектүүнүн соттон жана тергөөдөн качуу коркунучу шылтоо кылынат. Ошол эле убакта жабырлануучулардын жана күбөлөрдүн (21%) кылмыш ишине тоскоолдук кылуу же кысым көрсөтүү коркунучу (22%) кыйла сейрек каралат. Кызыгы, кылмыш изин жок кылуу, эркиндигинен ажыратуу менен байланышпаган чараларды тандоонун зарылдыгы, же башка факторлор болгону 6% учурларда гана эскерилет, бул кыйла жумшак бөгөт чараларынын пайдасына жетишсиз жүйөлөштүрүү жөнүндө күбөлөйт.

***Ар түрдүү бөгөт коюу чараларын колдонуу –*** камакта кармоо бир кыйла арбын колдонулуучу бөгөт коюу чарасы болуп саналат, ал 78% учурларда дайындалат. Үй камагы 17% учурда пайдаланылат, бирок баары бир кеңири таралган чара болуп саналат. Электрондук билериктерди колдонуу же башка жакка чыкпоо жөнүндө кол коюу (тийиштүүлүгүнө жараша 1,6% жана 1,2%) абдан сейрек кездешет, бул кыйла жумшак бөгөт чараларынын жетишсиз колдонулаарын күбөлөп

турат. Соттор жашы жете электерди ата-энелеринин же социалдык уюмдардын кароосуна өткөрүп берүү сыяктуу чараларды колдонуу жөнүндө чечимдерди абдан сейрек чыгарышат, бул болгону 0,4% учурду түзөт. Кээ бир учурларда бөгөт чарасы катары адамга издөө салуу менен байланышкан иш-аракеттер колдонулат.

Сот өндүрүшүнүн тилин камсыз кылуу принциби жана котормочуну пайдалануу укугу сот процессинде сот адилеттигине карата бирдей жеткиликтүүлүк үчүн абдан маанилүү. Мониторинг көрсөткөндөй, сот өндүрүшү 71% учурларда мамлекеттик тилде, 29% учурларда расмий тилде жүргүзүлөт. 97% учурларда котормочуга муктаждык жаралган эмес, бирок 3% учурда ал зарыл болгон: 3% – айыпталуучу үчүн жана 1 учурда – адвокат үчүн. Котормочуну бир учурда – жактоочу тарап, ал эми 7 учурда – айыптоочу тарап берген. Сот отурумдарынын 71% судья айыпталуучунун сот өндүрүшүнүн тилин билер-билбесин тактаган, 27% – тактаган эмес. Котормочулардын ишинин сапаты ар түрдүү, бул алардын квалификациясын жана процесстин катышуучуларынын укуктарынын сакталышын олуттуу көзөмөлдөөнүн зарылдыгын баса көрсөтөт.

Көпчүлүк учурларда негизги процессуалдык талаптар сакталат. Алып айтканда, 97% учурларда катчылар кылмыш процессинин катышуучуларынын келгенин текшеришет, 99% учурларда сот отурумдарынын залдары мамлекеттик атрибуттар менен жабдылган. Дээрлик бардык учурларда судья сот отурумунун башталганы жөнүндө жарыялаган, бул стандарттык жолжобо болуп саналат жана негизги процессуалдык талаптардын сакталганы жөнүндө күбөлөйт.

Соттук отурумдардын мониторингинин натыйжалары жагымдуу жагдайларды да, көңүл бурууну талап кылуучу олуттуу көйгөйлөрдү дагы көрсөттү. Бир катар процессуалдык ченемдердин сакталганына карабастан, соттук териштирүүнүн *ачык-айкындуулук, кармоонун мыйзамдуулугу, процесстин катышуучуларына укуктарын түшүндүрүү жана бөгөт чараларынын маселелерин кароо* сыяктуу маанилүү өңүттөрү дагы мындан ары өркүндөтүүгө муктаж. Соттук териштирүүнүн катышуучуларын аудио- жана видео-жаздырууну жүргүзүү жөнүндө кабарландырууну күчөтүү, укуктарды түшүндүрүү процессин жакшыртуу, ошондой эле өзгөчө эркиндигинен ажыратуу жөнүндө сөз болгон учурларда, бөгөт чараларын тандоонун негиздемесине карата көңүл бурууну күчөтүү зарыл.

## СУНУШТАР:

**КР Жогорку сотуна:**

1. Сот отурумдарынын бардык залдарындагы колдонуудагы АВЖ тутумдарын модернизациялоо боюнча иш-чараларды киргизүү процессин күчөтсүн жана бүтүрсүн.

2. Жергиликтүү соттордун судьялары «Соттордун кармоонун жана бөгөт коюу чараларынын мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү жөнүндө кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдардын талаптарын колдонуу практикасы жөнүндө» КР Жогорку сотунун 2019-жылдын 13-сентябрындагы Пленумунун № 16 талаптарын бөгөт коюу чараларын колдонуу бөлүгүндө бекем сакташсын.

3. Жарандардын сот өндүрүшүнүн тилин камсыз кылуу укуктарын толук ишке ашыруу максатында кесипкөй тилмечтерди тартууну жүзөгө ашырсын. Соттордун аппарат кызматкерлерин котормочу катары тартуу практикасын токтотсун.

**КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаментине:**

Сот аппаратынын АВЖ тутуму менен иштеген кызматкерлерин окутууну туруктуу негизде жүргүзсүн.

## Соттолгондорду жана камакка алынган адамдарды конвой менен коштоп жүрүү тартибинин мониторинги

Камакта турган адамдарды конвой менен коштоп жүрүү жана соттордо күтүү мезгилде алардын укуктарын камсыз кылуу, кылмыш-жаза аткаруу тутумун гумандаштыруу менен байланыштуу негизги милдеттердин бири болуп саналат. Камактагыларга карата мамиле кылуунун БУУ Минималдуу стандарттык эрежелерин (Нельсон Манделанын Эрежелерин) кошуп алганда, адам укуктары жаатындагы эл аралык ченемдерде камакта турган бардык адамдардын коопсуздугун, саламаттыгын жана ар намысын сактоону камсыз кылуучу стандарттардын сакталышын талап кылат. Кыйноолорго жана башка катаал, адамкерчиликсиз же ар намысты кемсинтүүчү мамилелерге жана жазаларга каршы Конвенциясы сыяктуу эл аралык келишимдерде бекемделген негизги принциптер, этаптоо мезгилинде кармоонун адемкерчиликсиз шарттарын жана талаптагыдай эмес мамиле жасоону кошуп алганда, катаал мамиле кылуунун кандай болбосун формаларын жоюуну талап кылат. Бул өзүнө коопсуздукка, медициналык жардамга, тамак-аш жана санитардык шарттарга карата жеткиликтүүлүк укугун камтыйт.

Камакта турган адамдар үчүн, алардын укуктары бир кыйла аярлуу болгон конвой менен коштоо жана соттордогу күтүү мезгили кыйла кыйчалыш этап болуп калышы мүмкүн. Күзөт жайларындагы шарттардын талаптарга шайкешсиздиги, жеткирүүдөгү кармалып кечигүүлөр, тамактын жана медициналык жардамдын жоктугу, ошондой эле гигиеналык ченемдердин сакталбаганы алардын фундаменталдык укуктарынын бузулушуна алып келиши мүмкүн. Эл аралык стандарттарга ылайык, мамлекет мындай кырдаалдарды болтурбоо үчүн тийиштүү чараларды көрүүгө милдеттүү.

Конституцияны, КЖАК жана «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» КР Мыйзамын кошуп алганда, КР улуттук мыйзамдары гуманизм жана адамдын ар намысын урматтоо принциптерин бекемдейт. Бирок, иш жүзүндө айкын шарттардын бул талаптарга ылайык келбеген учурлары көп кездешет. Камактагылардын жактоочулары жана туугандары, медициналык жардам көрсөтүүнү, тамактануу шарттарын сактоону жана конвой менен коштоодо тийиштүү шарттарды камсыз кылууну кошуп алганда, ошондой эле сот органдарындагы узакка күтүү процессинде алардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча тынсызданууларын билдиришет.

Акыйкатчы Институту 2024-жылы аларды конвой менен коштоо мезгилиндеги медициналык жардам көрсөтүүнү жана тамактануу шарттарын сактоону кошуп алганда, камакта турган адамдардын укуктарынын абалына мониторинг жүргүзгөн.

Мониторингдин жүрүшүндө сот органдарына кайтарып коштоодо алардын тамак-ашка жана медициналык жардамга муктаждыктары тууралуу камактагыларды сурамжылоо өткөрүлгөн, ошондой эле соттор жана күзөт жайлары менен байланышкан уюштуруу процесстери талдоого алынган. Иш-чара Бишкек ш. райондук маанидеги бардык сотторунда, ошондой эле ЖАК Бишкек, Нарын, Каракол, Ош жана Жалал-Абад ш., жайгашкан тергөө изоляторлорунда өткөрүлгөн.

Изилдөөнүн жүрүшүндө айыпталуучулардын кармоо шарттарына укуктарын камсыз кылуудагы көйгөйлөр табылды. Тамак-аш маселеси негизги көйгөй болуп саналат. Этаптоодогу кармалып-кечигүүлөрдөн улам айыпталуучулар ырааттамага ылайык тамактануу үчүн ЖАК мекемесине кайтып келүүгө жетишпей калышат, ошол эле убакта соттордо тамактанууну уюштурулбайт. Жагдай соттордо туугандардын тамак берүүлөрүнө катуу тыюу салынганы менен ого бетер тереңдейт, бул кошумча кыйынчылыктарды жаратат.

КР ЮМ караштуу ЖАК №21 мекемесинин начальниги тарабынан бекитилген «Түзөтүү мекемесинин ички тартибинин эрежелерине» ылайык, тамактануу (түштөнүү) саат 11-30дан 12-30га чейин, кечки тамактануу 17-00дөн 18-00гө чейин жүзөгө ашырылат.

Иш жүзүндө бул убакта каматагы адам көпчүлүгү сот мекемелеринде же ТИЗО бараткан жолдо болот. Кайтаруу жана конвой менен коштоп жүрүү кызматынын ишин байкоонун жүрүшүндө айыпталуучулар кайтарып коштоо менен, соттордон Бишкек ш. ТИЗО –1 орточо саат 12:30–13:00 жана 17:30–18:30 чыгышканы катталган. Ошентип, айыпталуучу адамдарды сот мекемелерине жеткирүү, кайра алып келүүгө кеткен убакытты эске албаганда тергөө изоляторунун күн тартибинен 1-2 саатка кечигет. ТИЗО келгенден кийинки кароолорду жана тинтүүлөрдү өткөргүчө процесс дагы кармалып кечигет, бул жыйынтыгында айыпталуучулар отурган камераларына бир кыйла кеч келишет.

Медициналык тейлөө дагы бир катар маселелерди жаратат. Айыпталуучуларды же соттолгондорду медициналык тейлөө КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-июлундагы № 429 токтому менен бекитилген, «Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу тутумунун мекемелеринде кармалган адамдарга медициналык жардам көрсөтүүнүн Эрежелеринин» 8-главасына ылайык жүзөгө ашырылат, б. а. мекемелерден, анын ичинде сот органдарына конвой менен коштоп жүрүү учурунда бардык айыпталуучулар жана соттолгон адамдар мекеменин медициналык бөлүмүнүн шарттарында, аларды этаптоонун мүмкүндүгүн\максаттуулугун аныктоо үчүн милдеттүү медициналык кароодон өтүшөт.

Күн сайын убактылуу тергөө жайларынан соттук иш-чараларга 100дөн ашуун айыпталуучулар жеткирилет, бирок жетиштүү сандагы медициналык кызматкерлердин жоктугунан коштоо кош бойлуу жана эмчек эмизген аялдарга гана камсыз кылынат. Катуу оорулуу айыпталуучулар же соттолгон адамдар ЖАК №31 дарылоо-түзөтүү мекемесинде же болбосо КР Саламаттыкты сактоо мекемелеринде дарылоодон өткөндөн кийин соттук отурумдарга катышат.

Этаптоонун алдында ар дайым эле милдеттүү медициналык кароо өткөрүлбөйт, бул айыпталуучулардын саламаттыгы үчүн коркунуч келтириши мүмкүн. Айрым учурларда, кош бойлуу аялдарга, зарыл медициналык коштоонун белгиленгенине карабастан, талаптагыдай көңүл бурулбай жана жардам көрсөтүлбөй калат.

УКЖ жана ТИЗО кармоо шарттары көпчүлүк учурларда белгиленген ченемдерге шайкеш келбейт. Айыпталуучулар көпчүлүк учурларда негизги ыңгайлуулуктарсыз жана тамактанууга байланыштуу маселелерди кепилдөө бөлүгүндө канаатандырарлыксыз шарттарда турууга арагасыз болушат.

Этаптоо жана соттук процесстерди уюштурууга байланыштуу иштер дагы көп маселелерди жаратат. Камактагыларды жана айыпталуучуларды жеткирүүдөгү кармалып кечигүүлөр, тийиштүү кызматтардын ортосундагы иш-аракеттердин макулдашылбаганы жана белгиленген күн тартибин бузуулар аларды кармоону уюштурууда көптөгөн көйгөйлөргө алып келет.

Жогоруда саналган фактылардын бардыгы кайтарып коштоо жана камакта кармоо иштерин камсыз кылуучу пенитенциардык тутумдун жана кызматтардын ишин уюштурууда олуттуу тутумдук өзгөртүүлөрдүн зарылдыгын күбөлөп турат. Камакта кармоодогу кемчиликтерди четтетүүгө жана шарттарды жакшыртууга багытталган чечкиндүү чараларды ишке ашыруу талап кылынат.

## СУНУШТАР:

**КР Министрлер Кабинетине:**

1. Сот органдарынын, ЖАК жана ККК ортосундагы этаптоодо кечеңдетүүлөрдү болтурбоо максатында, жеткирүү процессин оптималдаштырууга багытталган өз ара аракеттенүү регламентин иштеп чыксын.

2. ЖАК жана ККК кызматкерлерин камактагылар менен мамилелердин эл аралык стандарттарына окутууну жүргүзсүн.

**КР Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматына:**

1. Соттордон жөнөтүү жана түшкү жана кечки тамактануу үчүн белгиленген убакыттардын ортосундагы шайкештикти камсыз кылуу үчүн камактагыларга тамак-аш берүүнүн учурдагы графигин талдоону жана кайра кароону жүргүзсүн же коштоодогу адамдарды соттук териштирүүнүн жеринде өз убагында тамактандыруу менен камсыз кылуу тутумун киргизсин.

2. Коштоодогу, оорулуу же өзгөчө кароого муктаж адамдарды коштоочу медициналык кызматкерлердин санын көбөйтүү мүмкүнчүлүгүн карасын.

**КР Башкы прокуратурасына:**

Айыпталуучулардын укуктарынын сакталышын, анын ичинде медициналык жардам жана тамак-аш менен камсыз кылуу маселеринде, аларды кармоонун шарттарын көзөмөлгө алууну күчөтсүн.

**КР Ички иштер министрлигине:**

УКЖ имараттарын жана жайларын камакта жаткан адамдарды кармоо шарттары БУУнун минималдуу стандарттарына ылайык келүүсү боюнча инвентаризациялоо жүргүзсүн. Жыйынтыктары боюнча республикалык бюджетти түзүүдө тиешелүү сунуштарды киргизсин.



# 5-ГЛАВА. СОЦИАЛДЫК, ЭКОНОМИКАЛЫК УКУКТАРДЫН САКТАЛЫШЫ

## 5.1. Саламаттыкты сактоого укук

Саламаттыкты сактоого укук – адамдын конституциялык социалдык негизги укуктарынын бири. Медициналык тейлөө, жеңилдетилген шарттардагы тейлөөнү кошуп алганда, мыйзамда каралган мамлекеттик кепилдиктердин көлөмүндө жүзөгө ашырылат. Калктын саламаттыгын сактоо, саламаттык сактоо тутумунун иштешин камсыз кылуу маселелери мамлекеттик социалдык саясатынын артыкчылыктуу милдеттеринин бири болуп саналат.

Тажрыйба көрсөткөндөй, жарандардын жана психикалык оорусу бар адамдардын укуктарын сактоо жана коргоо маселелерин чечүү саламаттыкты сактоо чөйрөсүндөгү маселелердин бардык багыттарын камтыйт. Ушуга байланыштуу Акыйкатчы Институтунун түзүмүн оптималдаштыруу жүргүзүлгөн жана Психиатриялык стационарлардагы бейтаптардын укуктарын коргоо кызматы Адамдын ден соолукка болгон укуктарын коргоо кызматына кайра уюштурулган.

2024-жылы КР 2022–2025-жылдарга АИЖВ жана КУ кызмат көрсөтүүлөрүнө карата укуктук тоскоолдорду жоюу боюнча Ведомстволор аралык иш-чаралардын планын ишке ашыруу максатында, Институттун кызматкерлери Бишкек ш., Жалал-Абад, Ош жана Чүй облустарынын кургак учукка каршы күрөшүүчү мекемелеринде мониторинг жүргүзүшкөн.

Ош облустук балдар жана өспүрүмдөр үчүн кургак учукка каршы күрөшүү ооруканасынын мониторингинин натыйжасында, скринингдердин *(ооруларды башталгыч баскычтарында аныктоого же алардын жок экенине ынанууга мүмкүнчүлүк берүүчү аппараттык же лабораториялык изилдөө)* жоктугуна байланыштуу балдарды баштапкы баскычтарда дарттарын аныктоо жана дарылоо боюнча иш-чаралар жүргүзүлбөгөнү аныкталган. Мындай дарт аныктоо атайын аныктоочу жабдууларды пайдалануу менен, лабораториялык шарттарда жүргүзүлүшү керек. Бирок, 1973-жылы чыгарылган рентген аппараты эскирген жана иштебей калган. Дарыгерлер ооруларды башка ооруканаларга изилдөөгө жиберүүгө аргасыз болушат, бул бейтаптар үчүн кыйынчылыктарды жана татаалдыктарды пайда кылат.

Ошону менен бирге, мониторингдин жүрүшүндө, КР ССМ 07.07.2023-ж., № 816 буйругу менен бекитилген клиникалык протоколунда белгиленгендей, 14-15 жаштагы

балдардын дарылануу үчүн ушул ооруканада алты айлык мезгилден ашыкча болгондугуна байланыштуу суроо жаралган. Булар, эмгек мигранттардын балдары, бир жарым жылдан бери мекемеде жатышкандыгы аныкталган.

Оорукананын шарттарынын мониторинги анын имаратынын эскилиги жеткенин жана капиталдык оңдоп-түзөөнү, электр жабдуусун калыбына келтирүүнү талап кылаарын көрсөттү. Кир жуучу жайы, мончосу, сантүйүндөрү, ажатканасы санитардык-гигиеналык талаптарга шайкеш келбейт. Ашкана жайларынын, азык-түлүк сактоочу кампаларынын абалы дагы санитардык-эпидемиологиялык ченемдердин талаптарына жооп бербейт, азык-түлүктөрдүн сапатын жана коопсуздугун бышыктоочу шайкештик тастыктамалары жок.

Дары-дармек каражаттарынын коопсуз сактоонун техникалык регламентин бузуу менен сакталып турганы ашкереленди: сактоонун температуралык режими сакталбайт, дарыларды сактоо үчүн муздаткыч түзүлмө, абанын температурасын өлчөө үчүн термометр жок.

Кемин шаарындагы №1 Кургак учук оорулууларга паллиативдик жардам көрсөтүүчү республикалык ооруканасынын мониторингинин жүрүшүндө 12 бейтап ичинен 3 гана кургак учук оорулуу экени, 9 бейтап кургак учук оорусу менен байланышы жок экендиги аныкталган.

Оорукананын инфратүзүм жана жабдууларынын абалы дагы оңдоп-түзөөнү жана жаңылоону талап кылат. Палаталарды оңдоп-түзөө жүргүзүлбөгөн, дубалдары кир, жертактай-линолеум жыртылган, эмеректери эски. Дарыканада жарактуулук мөөнөтү эскирген дары-дармектер (цефазолин) сакталып турат, дарыкананын кызматкеринин фармацевтик билими жок. Тамак-аш кампасында азык-түлүктөрдү сактоо дагы санитардык-эпидемиологиялык ченемдерге жооп бербейт.

Ошону менен бирге, Ош жана Кемин ш., кургак учук ооруканаларынын кызматкерлери менен аңгемелешүүлөрдүн жүрүшүндө, эмгек маяна көйгөйү айтылды, анткени айлык акыны жогорулатуу кызмат орундук маянага гана тийиштүү дарыгерлер үчүн – 50%, орто медкызматкерлер үчүн – 20% жана кенже медкызматкерлер үчүн – 10% болгон.

Ош жана Кемин ш., кургак учукка каршы мекемелеринде жаткан бейтаптардын укуктарын тийиштүү ченемдерге жана талаптарга ылайык сактоо максатында, мониторингдин натыйжалары боюнча Акыйкатчы Институту тарабынан КР ССМ Көңүл буруу актылары жөнөтүлгөн.

Көңүл буруу актыларын кароонун жыйынтыктары боюнча Кемин ш., № 1 Кургак учук оорулууларга паллиативдик жардам көрсөтүүчү республикалык ооруканасында оптималдаштыруу жүргүзүлгөн, керебеттердин саны 40тан 20га чейин кыскартылган, тамактануу жайынын абалы жакшыртылган, заманбап жабдуулары менен рентген-кабинет пайдаланууга берилген, дарыкана квалификациялуу кызматкер жана зарыл дары-дармектер менен камсыз кылынган. КР ССМ ушул ооруканы республикалык бюджеттин «Капиталдык салымдар» беренесинен каржылануучу 2024–2025-жылдары оңдоп-калыбына келтирилүүгө муктаж саламаттыкты сактоо объекттеринин кошумча тизмегине киргизген.

Акыйкатчы Институтунун Көңүл буруу актысын кароонун жыйынтыктары боюнча КР ССМ Ош облустук кургак учукка каршы ооруканада балдар бөлүмүн ачуу жолу менен, Ош облустук балдар жана өспүрүмдөр үчүн кургак учукка каршы күрөшүү ооруканасын жойгон. Ош облустук кургак учукка каршы оорукананын жетекчилиги Институттун Көңүл буруу актысында көрсөтүлгөн бузууларды жоюу боюнча чараларды көрүүдө.

# СУНУШТАР:

**КР Министрлер Кабинетине:**

2025-жылы саламаттыкты сактоо мекемелеринин кызматкерлеринин эмгек акыларын көбөйтүү маселесин карасын.

**КР Саламаттыкты сактоо министрлигине:**

1. Балдардын курган учукка каршы мекемелерде болуусунун ашыкча мөөнөттөрүн КР ССМ 07.07. 2023-ж. № 816 буйругуна ылайык келтирсин.
2. Оорусу болбогон жарандардын саламаттыкты сактоо тутумунун кургак учук мекемелерине жаткырылган учурларына жол бербөө жана жоюу боюнча чараларды көрсүн.

## 5.2. Билим алууга болгон укук

### Майыптыгы бар адамдардын билим алууга болгон укугу

КР мыйзамдарына ылайык, ар бир адам билим алууга укуктуу. Жалпы негизги билим алуу милдеттүү болуп эсептелет. Ар бир адам мамлекеттик билим берүү мекемелеринде мектепке чейинки, негизги жалпы, орто жалпы жана баштапкы кесиптик билим алууга укуктуу. Ар бир адам жынысына, расасына, тилине, майыптыгына, этностук таандыктыгына, дин тутумуна, курагына, саясий жана башка ынанымдарына, мүлктүк жана башка жагдайларына карабастан билим алууга укуктуу.

БУУ «Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө» Конвенциясынын беренелерине ылайык, мамлекет эч кандай басмырлоосуз майыптыгы бар адамдардын билим алууга укугун тааныйт, баарына тең мүмкүнчүлүктөрдүн негизинде баардык деңгээлдерде инклюзивдик билим алууга жана өмүр боюу окуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттенет.

Инклюзивдик билим берүү муктаждыктардын жана жеке мүмкүнчүлүктөрдүн ар түрдүүлүгүн эске алуу менен, ошондой эле турмуштук оор кырдаалдарды эске алуу менен, эч кандай басмырлоосуз, бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталган. Инклюзивдик билим берүү принциби билим берүүнүн баардык баскычтарында жана өмүр боюу колдонулат. Инклюзивдик билим берүүнү ишке ашыруу максатында, баланы билим алууга жөндөмсүз деп таанууга, ошондой эле балдарды сегрегациялоонун (*өзгөчөлөп обочолонтуунун, мажбурлап бөлүүнүн)* башка ыкмаларын пайдаланууга тыюу салынат.

Бирок, майыптыгы бар адамдардын билим алууга карата жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу маселелерин жөнгө салуучу бир катар мыйзамдардын болгондугуна карабастан, билим берүү чөйрөсүндө орун алган көйгөйлөр майыптыгы бар адамдардын билим алууга укугун толук кандуу камсыз кылбайт.

Акыйкатчы Институту 2024-жылы майыптыгы бар адамдарга билимдин жеткиликтүүлүгүн изилдеп чыкты. Бул изилдөөнүн алкагында Акыйкатчы Институту Кыргызстанда билим берүүнү өнүктүрүү Ассоциациясы жана майыптуулугу бар балдардын ата-энелеринин «АРДИ» коомдук бирикмеси менен кызматташуунун алкагында майыптыгы бар балдар үчүн адистештирилген көмөкчү мектептерде, айрым жогорку окуу жайларда, жалпы билим берүүчү мектептерде (мындан ары – мектептер) мониторинг жүргүздү.

Тактап айтканда, Бишкек шаары боюнча: 5 ЖОЖ, 4 орто мектепте, 1 адистештирилген көмөкчү мектепте. Ош шаары боюнча: 3 ЖОЖ, 2 орто мектепте жана Сүлүктү ш. 1 көмөкчү жатак-мектебинде мониторингтер жүргүзүлдү.

Изилдөөнүн негизги максаты – билим берүү чөйрөсүнүн жеткиликтүүлүк деңгээлин аныктоо. Изилдөө билим берүү мекемелериндеги мониторинг учурунда алынган жана Институттун атайын сурамжылоосу боюнча билим берүү мекемелеринен жана КР ББжИМ алынган статистикалык маалыматтар менен негизделген.

**Орто билим берүү мектептер боюнча статистикалык талдоо**

Азыркы убакта өлкөдө 2158 мектеп иштейт. Алардын 1954 – мамлекеттик мектептер, 204 – жеке менчик мектептер. Орточо эсеп менен алганда ар бир мектепте 1-2 майыптыгы бар окуучу окуйт. Расмий маалыматтар боюнча Кыргызстанда 39 миң майыптыгы бар балдар жашайт. Ошол эле убакта мектеп жашындагы балдардын саны белгисиз.

Билим берүү министрлигинин маалыматтары боюнча окуучулардын 1,526 800 жалпы санынын ичинен 11249 майыптыгы бар балдар, бул 1% жетпеген үлүшүн (0,73%) гана түзөт. 11249 майыптыгы бар окуучулардын ичинен 2698 үй шартында (0,17%) окушат.

Бул көрсөткүчтөр майыптыгы бар балдар үчүн билимдин жеткиликтүүлүк маселесинде олуттуу көйгөйлөр бар экенин көрсөтөт.

**Билим берүү мекемелери жана аймактар боюнча мектептерде жана үйдө окуган майыптыгы бар балдардын саны**

| Облустар | Жалпы билим берүү мектептердин саны | Окуучулардын жалпы саны (1–11-класс) | Мектептерде окуган майыптыгы бар балдардын саны | % | Үйдө окуган майыптыгы бар балдардын саны | % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Ысык-Көл | 192 | 136383 | 1679 | 1,23 | 194 | 0,14 |
| Чүй | 298 | 247762 | 1120 | 0,45 | 626 | 0,25 |
| Талас | 111 | 60163 | 525 | 0,87 | 57 | 0,09 |
| Ош | 512 | 285669 | 1133 | 0,39 | 592 | 0,20 |
| Нарын | 141 | 87424 | 470 | 0,53 | 162 | 0,18 |
| Жалал-Абад | 474 | 286343 | 1066 | 0,37 | 431 | 0,15 |
| Баткен | 240 | 113209 | 622 | 0,54 | 152 | 0,13 |
| Ош ш. | 70 | 108937 | 527 | 0,48 | 229 | 0,21 |
| Бишкек ш. | 120 | 200910 | 1409 | 0,70 | 255 | 0,12 |
| **Бардыгы** | **2158** | **1526800** | **8551** | **0,56** | **2698** | **0,17** |

**Майыптыгы бар балдар үчүн атайын көмөкчү билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү**

Атайын көмөкчү билим берүү – бул майыптыгы бар балдарды атайын көмөкчү мектептерде жана жатак-мектептерде окутуу.

Мониторингдин жыйынтыктары  көмөкчү мектептерде жана жатак-мектептерде төмөнкү көйгөйлөр бар экенин көрсөттү:

- кадрлардын (педагогдордун) алмашуусунун жогорулашы, мугалимдердин кесиптик жактан чарчашы жана күйүп кетүүлөрү. Жумуштун түйшүгүнүн оордугунан улам, мугалимдер көпкө чыдабай өз каалоолору менен жумуштан кетишет. Мындай мектептерде орус жана кыргыз тилинде окутуучу олигофренопедагогдор, логопеддер, эмгек боюнча адистердин жана мугалимдер үчүн тьюторлордун (жардамчылардын) мугалимдердин жетишсиздиги;

- майыптыгы бар балдар үчүн күндүзгү адистештирилген көмөкчү мектептер жетишпейт. Өлкөдө майыптыгы бар балдар үчүн болгону 4 гана күндүзгү мектеп иштейт: Бишкек ш., – 3 (№ 30, № 22 жана № 34) жана Ош ш. – 1 (№ 12), жалпысынан алганда бул мектептер 660 орунга ылайыкташтырылгандыгына карабастан, жалпысынан бул мектептерде 1121 майыптыгы бар балдар окуйт (таблица 9);

- көмөкчү мектептерде окутууга муктаж болгон майыптыгы бар балдардын саны жыл сайын өсүүдө. Мектеп директорлорунун айтымында, акыл-эси кем, тили чулдур, Даун өксүктүгү бар, аутизм жана интеллекти бузулган балдардын саны көбөйүп баратканын баса белгилешкен. Мугалимдер үчүн ар түрдүү майыптыгы бар балдарды бир класста окутуу абдан кыйынчылыктарды туудуруп жатканын билдиришкен. Эксперттердин билдирүүсү боюнча айрыкча, аутизмден жабыркаган балдарды өзүнчө окутуу маанилүү экендигин жана бир класста 8ден 12ге чейин гана балдар окутулушу керек экендигин баса белгилешет. Бирок, өлкөбүздө көмөкчү мектептердин жетишсиздигинен улам, мындай класстарда иш жүзүндө 20 жана андан ашык балдар окушууда;

-көмөкчү мектептерде окуу китептер жетишпейт. Окуу программалары жана китептер Советтер Союзунун мезгилинен бери жаңыланган эмес. Өзгөчө алыскы райондордо жана жатак-мектептерде кыргыз тилиндеги окуу материалдары жетишсиз;

- көмөкчү мектептердин материалдык-техникалык базасы жакшыртууга муктаж. Ажатканалар майыптыгы бар балдардын керектөөлөрүн эске алуу менен жабдылган эмес. Мектеп кызматчылары үчүн өзүнчө ажатканалар жок. Мектептерде дарылоо дене-тарбия жана эмгекке окутуу кабинеттери жок;

- балдарды көмөкчү жана жатак-мектептерге жайгаштырууда психологиялык-медициналык-педагогикалык консультациялардын (мындан ары – ПМПК) ишиндеги комплекстүү көйгөйлөр орун алган. Мындай адистештирилген көмөкчү мектептерге балдар ПМПК жолдомолору (корутундулары) боюнча келип түшүшөт. Мисалга, майыптыгы бар балдарга арналган Сүлүктү жатак-мектебининде МСЭК корутундусу жок, ПМПК корутундусу менен гана калктын аярлуу катмардагы башка социалдык категориядагы балдар окуп, жашап жатканы аныкталган. Белгилей кетсек, ПМПК корутундусу сунуштама мүнөзгө гана ээ. Бирок, иш жүзүндө аталган комиссия өз корутундусунда ден соолукка байлыштуу диагноздорду белгилеп, ошонун негизинде балдарга көмөкчү мектептерге окууга жана жашоого жолдомо берет. Ошол эле убакта майыптуулук аныктоочу КР ЭСКММ караштуу ыйгарым укуктуу МСЭК органы тарабынан аныкталаарын баса белгилейбиз.

*Мисалы, Сүлүктү көмөкчү жатак-мектебинде жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы менен аталган жатак-мектебинде ПМПК корутундусу боюнча: социалдык жетимдер – 23, жарым жетимдер –6, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдары – 23, жалгыз бой энелердин балдары – 14, ошондой эле мамлекеттин камкорчулугундагы балдар – 3 деген сыяктуу башка категориядагы балдар окушат. Бул балдардын МСЭК корутундусу аныкталган майыптуулук статустары жок. Аталган жатак-мектебинде баардыгы 107 окуучунун ичинен 35 окучуунун гана майыптылуугу боюнча МСЭК корутундусу бар. Ошону менен бирге 35 окуучунун ичинен 12синин майыптуулугун кайрадан МСЭКтен кароо мөөнөттөрү өтүп кеткен.*

**Бишкек жана Ош шаарлары боюнча майыптыгы бар балдар үчүн атайын - көмөкчү мектептердин саны**

| № АКМ | Стандарт боюнча | Окуучулардын иш жүзүндөгү саны | Ашыкча толтурулушу | Үйдө окугандар | Майыптыгы бар окуучулардын саны |
|---|---|---|---|---|---|
| № 22 | **120** | **275** | **155** | **52** | **259** |
| № 30 | 160 | 271 | **111** | 47 | 254 |
| № 34 | 180 | 300 | **120** | 28 | 271 |
| Ош ш.№12 | **200** | 275 | **75** | 18 | 275 |
| **Бардыгы** | 660 | 1121 | **461** | 145 | 1059 |

**Майыптыгы бар балдар үчүн билим берүүчү атайын (көмөкчү) жатак-мектептердин саны**

Республика боюнча майыптыгы бар балдар үчүн **14 жатак-мектеп** бар, аларда майыптыгы бар **2295** бала жашап окуйт.

**Майыптыгы бар балдар үчүн жатак-мектептердин саны**

| № | Облустар | Мектептердин саны | Окуучулардын саны |
|---|---|---|---|
| 1 | Бишкек ш. | 3 | 812 |
| 2 | Талас облусу | 1 | 120 |
| 3 | Чүй облусу | 5 | 686 |
| 4 | Баткен облусу | 2 | 240 |
| 5 | Ош облусу | 1 | 184 |
| 6 | Ош ш. | 1 | 113 |
| 7 | Жалал-Абад облусу | 1 | 140 |
|  | **Бардыгы** | **14** | **2295** |

**Жогорку окуу жайлар боюнча статистикалык маалыматтар:**

Кыргызстанда 63 жогорку окуу жай бар: алардын ичинен 28 – мамлекеттик, ал эми 35 – жеке менчик. Расмий маалыматтар боюнча орто эсеп менен өлкөдө 200 000–220 000 студент окуйт. Бул статистикага жогорку жана атайын кесиптик орто окуу жайлардын студенттери кирет.

Азыркы убакта жогорку окуу жайларында окуган майыптыгы бар студенттердин саны жалпы окуп жаткандардын санынын эң эле аз үлүшүн түзөт. Изилдөөнүн маалыматтарына ылайык, орточо эсеп менен ар бир университетте майыптыгы бар студенттердин саны 1- 3 чейин, пайыз менен алганда , студенттердин жалпы санынын (200 000–220 000 кишинин) 0,0005%дан 0,0015%га чейин түзөт.

Акыйкатчы Институту тарабынан тандоо ыкмасы менен 5 ЖОЖда мониторинг жүргүзүлгөн, аларда жалпысынан 39 миң студенттин ичинен 11 студент гана майыптыгы бар студенттер окушат. Майыптыгы бар 11 студенттин ичинен – 3 бюджеттик негизде, ал эми 8 – контракттык негизде окушат.

Ошентип, изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, майыптыгы бар адамдар үчүн орто жана жогорку билим толук кандуу жеткиликтүү болбой келүүдө.

Жогоруда көрсөтүлгөн статистикалык маалыматтардын талдоосу, орто жалпы билим берүүчү мектептерде окуучулардын жалпы санынын (1.526. 800) 1% (бир пайыздан аз) майыптыгы барлар окушаарын көрсөттү. Жогорку жана атайын кесиптик окуу жайлар боюнча деле кырдаал ушундай. Жогорку жана орто кесиптик окуу жайлардын инфраструктуралары универсалдуу дизайнга ылайык келишпейт. Ошондой эле, майыптыгы бар адамдар үчүн ЖРТ тапшыруу үчүн талаптагыдай шарттардын жана атайын методиканын жоктугунан улам, майыптыгы бар абитуриенттер ЖРТ тапшырууда кыйынчылыктарга учурашып ЖОЖ өтө алышпайт. Ошондой эле, майыптыгы бар адамдар үчүн бюджеттик квоталар жана ЖОЖ тарабынан берилүүчү жеңилдиктер жөнүндө маалыматтын начардыгынан улам, майыптыгы бар студенттер контракттык окууга туш келип калуусуна алып келүүдө.

Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары орто жана жогорку билим өз алдынча кыймылдай алган, бирөөнүн жардамына муктаж эмес жеңил формадагы майыптуулугу бар адамдар үчүн гана жеткиликтүү экенин көрсөттү. Ошол эле учурда, орто жана оор формадагы майыптуулугу бар адамдар, интеллекти жайында болсо дагы орто жана жогорку билим алууда олуттуу тоскоолдуктарга кабылууда. Акыл-эстери жайында болуп, өзүн өзү тейлей алган гана окуучулар Кыргызстандын орто жана ЖОЖ окушат, ал эми орточо оор б. а. көптөгөн формадагы майыптуулугу бар жаштар билим берүү системасынан сыртта калышууда, мыкты эле дегенде, мындай окуучулар үй шартында окушат. Ошол эле учурда үйдө окуу дагы майыптуулугу бар баардык балдарды жана жаштарды камтыбайт.

Майыптуулугу бар адамдарды билим менен камсыз кылуу дагы деле олуттуу көйгөй бойдон калууда. Мунун бирден бир себеби, ЖОЖ жана мектептерде өзгөчө керектөөлөрү бар майыптыгы бар адамдар үчүн тийиштүү инфраструктуранын жеткиликсиздигинен баштап, адистик педагогдук кадрлардын жана тийиштүү окуу методика базанын жетишсиздиги, жабдуулардын жоктугу, инклюзивдик билим берүү боюнча жакшы тажрыйбанын жоктугу.

Жогоруда аталган көйгөйлөр майыптыгы бар адамдардын билим алууга болгон укугун ишке ашырууда негизги тоскоолдуктарды жаратат.

Ошондуктан артыкчылыктуу тартипте КР күндүзгү жана жатак көмөкчү мектептерин модернизациялоону баштоо зарыл. Анткени, интеллектуалдык жана ар түрдөгү майыптуулугу бар жаш балдардын саны өскөн сайын, аталган көйгөйлөр өрчүшү ыктымал.

Өзгөчө керектөөлөргө муктаж майыптуулугу бар балдар үчүн жаңы күндүзгү көмөкчү мектептерди кошумча ачуу зарыл.

Ошондой эле, ПМПК ишинде комплекстүү көйгөйлөр болгондугуна байланыштуу МСЭК ыйгарым укуктуу органдары тарабынан ПМПК корутундуларында көрсөтүлгөн диагноздорду кайра карап чыгуу керек. ПМПК ишин кайра карап чыгуу менен бирге, майыптыгы бар балдарды көмөкчү мектептерге жана жатак-мектептерге жайгаштыруу боюнча ыйгарым укуктуу органды аныктоо зарыл. Ошол эле убакта КР Билим жана илим министрлиги тарабынан сапаттуу билим берүүнү камсыз кылуу, инклюзивдик программаларды киргизүү жана күндүзгү жана жатак-мектептерде окуучулар үчүн талаптагыдай шарттарды түзүү боюнча максаттуу саясат жүргүзүшү керек.

## СУНУШТАР:

**КР Министрлер Кабинетине:**

1. КР баардык облустарында майыптыгы бар балдар үчүн күндүзгү көмөкчү мектептерди ачуу мүмкүнчүлүгүн караштырсын.

2. Майыптыгы бар балдар үчүн көмөкчү мектептердин жана жатак-мектептердин материалдык-техникалык базасын жакшыртуу үчүн (кыргыз жана орус тилдеринде окуу китептерин жана программаларын иштеп чыгуу, эмгекке окутуу кабинеттерин жана дарылоо дене-тарбия кабинеттерин ачуу, инфратүзүмдөрүн жакшыртуу, мугалимдердин квалификациясын жана айлык маяналарын жогорулатуу ж.б. керектөөлөрдү камсыз кылуу үчүн) финансылык каражаттарын бөлүп берүү маселесин караштырсын.

3. Балдарды көмөкчү мектептерге жана жатак-мектептерге жайгаштыруу боюнча ПМПК ишмердүүлүгүн кайра карап чыгуу үчүн комплекстүү комиссияны түзсүн.

**КР Билим берүү жана илим министрлигине, Бишкек шаарынын мэриясынын билим берүү департаментине:**

1. КР мыйзамдарынын талаптарына ылайык, майыптыгы бар адамдар үчүн баардык окуу жайларынын физикалык жеткиликтүүлүгүн камсыз кылсын.

2. Майыптыгы бар студенттердин жана балдардын билим берүү процессине ийгиликтүү аралаштыруу үчүн майыптыгы бар эксперттер менен биргеликте майыптыгы бар балдардын жана студенттердин комплекстүү баалоо керектөөлөрүн иштеп чыксын.

3. Майыптыгы бар адамдар үчүн билим алууда жеке керектөөлөрүнүн негизинде мектептер жана ЖОЖ үчүн (анын ичинде ЖРТ даярдануу жана тапшыруу боюнча) инклюзивдик программаларды иштеп чыксын.

4. Көмөкчү мектептерде жана жатак-мектептерде окуу программаларын жаңылантып, окуучуларды окуу китептери менен камсыз кылсын.

5. Көмөкчү билим берүү мектептериндеги мугалимдердин жумушка болгон кызыгууларын (мотивацияларын) жогорулатууга жана аларга стимул берүү үчүн тийиштүү иш-чараларды жүргүзсүн.

**КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине:**

Көмөкчү жатак-мектептеринин окуучуларына ПМПК тарабынан корутундуларында коюлган диагноздордун ылайыктуулугун кайра карап чыгуу боюнча МСЭК тапшырма берилсин.

## Балдардын турмуш-тиричилик коопсуздугуна укугу, алардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо

КР Конституциясында «Балдар – Кыргыз Республикасынын эң баалуу байлыгы. Мамлекет балдардын ар тараптуу руханий, адеп-ахлактык, интеллектуалдык жана дене-бой жактан өнүгүүсүнө өбөлгө болуучу шарттарды түзүү менен аларды мекенчилдикке жана атуулдукка тарбиялайт» деп баса белгиленген.

КР ЖК Социалдык саясат боюнча комитетинин 2024-жылдын 29-январындагы № 6-1239/24 чечимин аткаруу максатында, Акыйкатчы тарабынан 2024-жылдын 22-февралындагы № 16 буйругу менен түзүлгөн, курамы мамлекеттик органдардын, ӨКМ, ИИМ, ББжИМ, ССМ кызматкерлеринен турган мекемелер аралык жумушчу топ балдардын өмүрү жана саламаттыгы үчүн коопсуз шарттарды түзүү боюнча республиканын жана Бишкек ш., жалпы билим берүүчү уюмдарына тандалма рейддерди жүргүзгөн.

Окуучулардын өмүрүнө жана саламаттыгына коркунуч келтирген учурлардагы жүрүм-турум эрежелери жөнүндө кабардардыгын жана билим деңгээлин, ошондой эле жалпы билим берүүчү уюмдардын жана башка органдардын балдардын өмүрү жана саламаттыгы үчүн коопсуз шарттарды түзүү боюнча иш-чараларды

аткарылгандыгын билүү үчүн 1–11-класстардын окуучулары арасында анкеталык сурамжылоо жүргүзүлгөн.

Бишкек ш. жана облустардагы анкеталык сурамжылоо 70%дан 100%га чейин окуучулар көлмөлөрдө, өзөн сууларда жана сайларда коопсуз жүрүм-турум жөнүндө, 93,1% ишеним телефону жөнүндө маалыматынын жоктугу жана кайсы учурларда «111» балдар үчүн ишеним телефонуна кайрылуу керек экендигин билишпегенин көрсөттү. Сурамжылоого 1214 окуучу катышкан.

Окуучулардын көпчүлүгү биринчи жардамды көрсөтүү, таанытбаган киши менен сүйлөшүү боюнча, жер титирегенде, өрт учурунда, өспүрүмдөр менен чыр-чатактар жана башка кырдаалдардагы жүрүм-турумдан кабарлары барын белгилешкен.

Ошону менен бирге, окуучулардын коопсуздукка болгон укугу бир катар көйгөйлөрдүн актуалдуулугун ырастайт. Тийиштүү органдардын мектептердин администрациялары менен өз ара аракеттенишүүсүн күчөтүү милдеттери сакталып калууда.

Жарандык коргонуу боюнча иш-чаралардын жетишсиздиги билим берүү мекемелеринин базистик окуу планынан 2021-жылы «Жашоо-тиричиликтин коопсуздук негиздери» сабагын алып салууга жана бул сабакты тийиштүү даярдыктары болбогон педагогдордун окутканына байланыштуу. Жашоо-тиричилик коопсуздугу темасына тарбия сааттарында дагы жетишсиз көңүл бурулат, кээ бир учурларда бул сабактар таптакыр эле өтүлбөйт.

Финансылык камсыз кылуунун жоктугунан улам, өрткө каршы каражаттар менен жабдуу өрткө каршы коопсуздук талаптарына жооп бербейт.

Мектептерде, негизги кирүү жана чыгуу чөлкөмдөрүндө (фойеде, кире бериште) турникеттердин болгону (Бишкек ш., айрым мектептеринде) адамдарды өзгөчө кырдаалдар учурунда эвакуациялоодо олуттуу коркунуч жаратышы мүмкүн, бул өрт коопсуздугу эрежелеринин талаптарына карама-каршы келет[2].

Ошондой эле, билим берүү мекемелеринде жергиликтүү бийлик органдарынын мектеп окуучуларынын коопсуз жашоо-тиричилигин алдын алуу боюнча иштеринин жетишсиздигин, мектептердин жетекчилигинин ушул тематика боюнча иш пландарынын ишке ашырылышына талаптагыдай көзөмөл жүргүзүшпөгөнүн белгилөө керек. Ички иштер органдарынын кызматкерлери тарабынан отчеттор түзүлбөйт, жашоо-тиричиликтин коопсуздук негиздери боюнча иш пландар бирин-бири кайталайт.

Ченемдерге ылайык, бир класста 25-30 окуучудан ашпаган окуучу окушу керек болсо, 35–50 окуучуга чейин жетип, класстар ашыкча толтурулган. Бул өз кезегинде окуучулардын, мугалимдердин саламаттыгына жана окутуунун сапатына терс таасирин тийгизүүдө.

Жалпы билим берүүчү мектептерде санитардык-эпидемиологиялык шарттар белгиленген талаптарга ылайык келбейт. Алып айтканда, санитардык жабдыктардын саны төмөнкүдөй аныкталат: 20 кызга 1 унитаз, 30 кызга бир жуунгуч, 30 окуучуга 1 заара кылчу күлтүк, 1 унитаз жана 1 раковина. Балдар жана кыздар үчүн санитардык түйүндөрдүн аянты бир окуучуга 0,1 м² кем эмести түзүшү керек. Бул стандарт көпчүлүк мектептерде, өзгөчө республиканын аймактарында аткарылбайт.

Баткен ш., В. И. Ленин атындагы жана Чүй облусунун Сокулук районундагы № 4 мектептерде ажатканалар авариялык абалда жана балдардын коопсуздугуна олуттуу коркунуч келтирет.

---

[2] КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-августундагы № 381 Токтому менен бекителген, Өрт коопсуздугу эрежелеринин 32-п.

Мектептердин материалдык-техникалык базасы дагы жакшыртууну талап кылат, анткени буюмдардын эскилиги 75-80% түзөт.

Мониторингдин жүрүшүндө Институт тарабынан Башкы прокуратурага жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын балдардын жашоо-тиричилигинин коопсуздугун камсыз кылуу боюнча иш-милдеттерин аткарууларын текшерүүнү өткөрүү жөнүндө сунуштама жолдонгон. Балдардын жол-транспорттук кырсык жана суу көлмөлөрүндө өлүмгө учуроо фактылары дагы текшерүүлөр үчүн негиз болгон.

Аймактык прокуратура органдарынын текшерүүлөрүнүн жүрүшүндө түшүүгө тыюу салынган көлмөлөрдө, калктуу конуштарга жакын жайгашкан эс алуу чөлкөмдөрүндө коопсуздукту камсыз кылуу боюнча белгиленген талаптарды бузуулар аныкталган. Алып айтканда, жарандардын өмүрүн жана саламаттыгын коргоо боюнча чаралар камсыз кылынган эмес: эскертүү белгилер, маалыматтык такталар коюлган эмес, сактоо чордондору (күзөттөрү) ж. б. уюштурулбаган.

Көрсөтүлгөн бузуулар республиканын дээрлик бардык облустарында табылган. Прокуратура органдары тарабынан жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин дарегине талаптар чыгарылган жана табылган бузууларды жоюу боюнча сунуштар берилген.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аймактык прокуратура органдары менен биргеликте билим берүү мекемелеринде коопсуздук эрежелеринин сакталышы боюнча профилактикалык иш-чараларды жүргүзүшкөн, ӨКМ кызматкерлери менен биргеликте жашы жетелектердин коопсуздугун жана адам өмүрлөрүн сактоону камсыз кылуу боюнча, уруксат берилбеген жерлерде сууга түшүүгө тыюу салууну күчөтүүнү кошуп алганда, бардык зарыл чаралар көрүлгөн. Ушул иш-чаралардын алкагында өспүрүмдөрдүн арасында биргелешкен профилактикалык иш-чаралар күчөтүлгөн.

Жүргүзүлгөн рейддердин жыйынтыктары, тыянактар жана сунуштамалар КР ЖК Социалдык саясат боюнча комитетине берилген. Ушул маселени кароонун жыйынтыктары боюнча КР ЖК 2024-жылдын 30-майында № 2127-VII токтому кабыл алынган, анда КР Министрлер Кабинетине балдардын жашоо-тиричилигинин коопсуздугун камсыз кылуу жана жүргүзүлгөн жумуштардын натыйжалары жөнүндө квартал сайын парламентке маалымат берүү тапшырмасы берилген.

## СУНУШТАР:

**КР Билим берүү жана илим министрлигине:**

Жалпы билим берүү мекемелеринде талаптагыдай санитардык-эпидемиологиялык шарттарды камсыз кылсын.

**КР Ички иштер министрлигине:**

Балдардын жашоо-тиричилигинин коопсуздугун талаптагыдай камсыз кылууну уюштуруу боюнча чараларды көрсүн, аткарылган иш-чаралар боюнча отчетторду берүүнүн мезгилдүүлүгүн белгилесин.

**Жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына:**

Балдардын коопсуз жашоо-тиричиликке укугун коргоого каралган иш - чаралардын планын жыл сайын бекитсин.



# 6-ГЛАВА.
# АЯЛДАРДЫН ЖАНА БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

## 6.1. Үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган аялдардын укугу


Кыргыз Республикасында, көптөгөн бардык башка өлкөлөр сыяктуу эле, гендердик зомбулук көйгөйү өзгөчө көңүл бурууну жана жабыркагандардын укуктарын коргоо үчүн натыйжалуу чараларды көрүүнү талап кылат. Акыйкатчы Институтунун ишинде аялдардын жана балдардын укуктарын коргоого өзгөчө көңүл бурулат, анткени алардын укуктарын жана коопсуздугун камсыз кылуу биздин коомдун туруктуу өнүгүүсүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Кыргызстанда аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулуктун деңгээли өсүшүн улантууда. КР ИИМ маалыматы боюнча 2024-жылы Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулуктун 17316 учуру, ал эми 2023-жылдын ушул эле мезгилинде – 13104 учур

катталган. Үй-бүлөлүк зомбулук, башка укук бузуулардан айырмалуу жабык (латенттик) мүнөз алып жүрөөрүн белгилеп коюу маанилүү. Статистиканын жыл сайын өсүшү, көндүм кабыл алуунун өзгөрүүсү жана бардык жерлерде социалдык тармактардын колдонулушу менен шартталышы ыктымал, бул зомбулук учурларын ачууга кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө.

Акыйкатчы Институту аймактык деңгээлде үй-бүлөлүк зомбулукка байланыштуу кырдаалды аныктоо үчүн аялдар арасында изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Буга Баткен облусунда 11 жаш аялдын өз өмүрлөрүнө кол салуулары, анын ичинде 5 каза болгону түрткү болгон. Сурамжыланган респонденттердин көпчүлүгү (43,1%) жогорку билимге, төрттөн бири (25,5%) орто билимге, 17,5% атайын орто билимге ээ болушкан. Бүтпөгөн жогорку билимге ээ аялдардын саны дээрлик тең (5,1%) жана мектептин 9 классынын базасында бүтпөгөн орто билимге ээ болгондор (5,3) болушкан. Аялдардын дээрлик 3% эч кандай билимдери жок экенин билдиришкен.

**Билим деңгээли**




Аялдардын 61,3%ы катталган никеде турушарын белгилешсе, 9,9%ы – диний (катталбаган) никеде турушарын билдиришкен.

Сурамжыланган аялдардын басымдуу көпчүлүгү 18-24 жаштарында турмушка чыгышкан, ал эми 2,5% жашы жетелек (15–17) курактарында никеге турушканын айтышкан.


Сурамжыланган аялдардын 90,5% балдары бар. Аялдардын 73% биринчи баласы 18–24 жаштарында туулганын, 11% биринчи балдарын 15–17 жаштарында төрөшкөнүн билдиришкен.

**Нике жана балдардын төрөлүшү**




Натыйжада аялдардын 20,8% психологиялык, 12,7% – дене бойлук, 10,5% – экономикалык, 1,3% – сексуалдык зомбулукка кириптер болушканы аныкталган. Мында аялдардын – 8% зомбулуктун 2 жана андан ашуун түрүнө кириптер болушканын белгилешкен.

**Зомбулуктун түрү**




Ошондой эле, аялдарга аларга карата ким зомбулук кылган деген суроо берилген. Сурамжыланган аялдардын көпчүлүгү жолдошун (49,2%) айтышкан, экинчи орунда үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү (20,5), андан кийин – кайнене\кайната (18,3%) турат. Мурунку жолдошу тарабынан 11,9% жасалганы белгиленген.

**Ким зомбулук кылган**





Аялдардын улам көбүрөөк үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыгына айланып баратканын изилдөө аныктаган. Акыркы эки жылдын ичинде үй-бүлөлүк же мамиледен тарткан зомбулук жөнүндө түз суроого 17,9% бышыктап жооп беришкен. Бирок, респондент кириптер болгон зомбулуктун түрү жөнүндө суроого 35,4% тигил же бул вариантты белгилешкен. Бул аялдардын көпчүлүгү мындай кыйчалыш суроого түз жооп берүүдөн коркушканын, ошондой эле мыйзамда аныкталган зомбулуктун айрым түрлөрү, коомдо зомбулук деп эсептелбесин көрсөтүп турат. Ошол эле убакта, мыйзамдар дагы, эл аралык стандарттар дагы үй-бүлөлүк зомбулукка дене бойлук, психологиялык, сексуалдык, ошондой эле экономикалык зомбулуктарды киргизет.

Респонденттердин укук коргоо органдарына кайрылуулары абдан төмөн бойдон – 20% деңгээлинде калууда. Аялдардын жардам сурап кайрылышпаганынын негизги себептери үй-бүлөнүн бузулушунан, айыптоолордон коркуу, башкаларды кийлигиштирүүнү каалабоо, ошондой эле укук коргоо органдарына карата ишенбөөчүлүк болуп саналат.

Укук коргоо органдарына кайрылгандардын 32,7% аларга жардам кылышпаганын, 32,1% – ооз эки кеп-кеңеш берилгенин белгилешкен. Зомбулук кылган адам менен 15,4% учурда профилактикалык аңгемелешүү жүргүзүлгөн, ал эми кармоо – аялдардын милицияга кайрылууларынын 7,4% боюнча гана болгон. Кайрылгандардын 6,2% аларга коргоо ордери берилгенин, ошончо эле аял кризистик борборго, ооруканага же башка мекемелерге жөнөтүлүшкөнүн айтышкан.

**Укук коргоо органдарынын мамилеси**




Кайрылуунун төмөндүгүнүн негизги себептери укуктарды жана коргоо механизмдерин билбегендик, укук коргоо органдарына карата ишеним деңгээлинин төмөндүгү, жабырлануучуларга жардам көрсөтүүнүн талаптагыдай эмес уюштурулган тутуму же болбосо аларды башка органдарга кайра жиберүү болуп саналат. Ушуга байланыштуу ички иштер органдарынын кызматкерлерин ушундай укук бузууларды жана кылмыш-жаза кылмыштарын териштирүүнүн өзгөчөлүктөрүнө туруктуу окутуу тутумун киргизүү абдан маанилүү. Ошондой эле гендердик зомбулуктан жабыркаган аялдарга жана кыздарга жардам көрсөтүнүн «Бирдиктүү терезе» мамлекеттик борборун ишке киргизилишин жана иштешин тездетүү зарыл.

Акыйкатчы Институту жер-жерлердеги үй-бүлөлүк зомбулуктан коопсуздукту жана коргоону жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу органдар тарабынан көрүлүп жаткан чаралардын жетишсиздигин белгилейт.

Көрсөтүлгөн факторлордун таасири аялдар жана кыздар үчүн ишке орношууга жана билим алууга көмөк көрсөтүү, ошондой эле эрте никелерди алдын алуу боюнча программаларды ишке ашыруунун маанилүүлүгүн ырастап турат.

Алдын алуу чараларды көрүү максатында Акыйкатчы Институту «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» КР Мыйзамынын мамлекеттик органдар тарабынан аткарылышын талдоону өткөргөн. Талдоо үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоонун жана сактоонун субъекттери ортосунда жетиштүү деңгээлде өз ара аракеттенүү төмөн экендигин жана аялдарга карата зомбулук менен күрөшүүдө өз милдеттерин толук аткарбагандыгын көрсөттү. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үй-бүлөлүк зомбулукту болтурбоо боюнча программаларды ишке

ашыруу пландарын иштеп чыгышпайт, ошондой эле алардын натыйжалуулугунун мониторингин жана баалоону жүргүзүшпөйт.

Буга байланыштуу жер-жерлердеги субъекттердин ишин дыкат талдоо, ошондой эле аялдарга карата зомбулукту болтурбоо жана жабыркагандарга жардам көрсөтүү боюнча ЖӨБ органдарынын жана башка субъекттердин өз милдеттерин аткарууларын катуу көзөмөлдөө талап кылынат.

Натыйжалуу укук колдонуу иш тажрыйбасынын жетишсиздиги мамлекеттен укуктук ченемдердин так аткарылышын көзөмөлдөө кошумча күч-аракеттерди, ошондой эле гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулук менен күрөшүү чөйрөсүндөгү мыйзамдардын аткарылышына комплекстүү баа берүүнү талап кылат. Мындай баа берүү укук коргоо жана башка мамлекеттик органдар тарабынан жабырлануучулардын укуктарынын сакталышын кайтарымдуу камсыз кылууга жана күчөтүүгө багытталышы керек.

Акыйкатчы Институту 2024-жылы үй-бүлөлүк зомбулук маселеси боюнча аялдардын 40 ашуун кайрылууларын караган. Бул багыттагы иштерди өркүндөтүү максатында, Институттун кызматкерлери үчүн аялдарга жана балдарга карата зомбулук маселелери боюнча кайрылуулар, ошондой эле майыптыгы бар адамдар менен иштөө боюнча усулдук колдонмо иштелип чыккан жана КР Акыйкатчысынын 2024-жылдын 8-апрелиндеги № 32 буйругу менен бекитилген. Бул усулдук колдонмосунун негизги максаты арыздануучуга жана жабырлануучуга сапаттуу жардам көрсөтүүнүн натыйжалуу тутумун түзүү, Институттун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ортосунда натыйжалуу ички өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу, аялдардын жана балдардын укуктарын коргоо маселелери боюнча мамлекеттик органдар, өкмөттүк эмес уюмдар менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу болуп саналат.

## СУНУШТАР:

**КР Ички иштер министрлигине:**

1. Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин арасында гендердик сезимталдыкты жогорулатуу боюнча программа иштелип чыгып, киргизилсин.

2. ИИМ Академиясында жана ИИМ республикалык окуу борборунда окутууну өркүндөтүү боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу үчүн үй-бүлөлүк зомбулукту жеңүү жана чара көрүү маселелери боюнча курсанттарды жана угуучуларды окутуунун сапатына аудит жүргүзсүн.

**КР билим берүү жана илим министрлигине жана КР ИИМ:**

Коопсуз жүрүм-турум көндүмдөрүн окутуу аркылуу үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүү боюнча профилактикалык чараларды ишке ашырсын.

**КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине:**

1. Калкты социалдык коргоо органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана чара көрүү боюнча практикалык колдонмо иштеп чыксын.

2. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандарды кайра жиберүүнүн жана жардам көрсөтүүнүн бирдиктүү тутумун иштеп чыксын жана киргизсин.

3. Ар бир облуста үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыктары үчүн мамлекеттик кризисттик борборлорду жана жардам көрсөтүү борборлорун уюштуруу мүмкүнчүлүгүн карасын.

4. Аялдар – үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыктары үчүн эмгекке орношууга жана квалификциясын жогорулатууга, квалификациясын өзгөртүүгө көмөк көрсөтүү

программаларын ишке ашырсын жана бул программалар боюнча маалыматтык кампанияларды өткөрсүн.

5. Үй-бүлөлүк зомбулук учурлары жөнүндө билдирүүлөрдү кабыл алуу жана психологдун кеңештерин берүү үчүн «Шыр байланыш – 117» ишин жолго койсун.

**КР Юстиция министрлигине:**

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандар үчүн мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардамды кошуп алганда, алардын укуктары жана коргоонун жеткиликтүү механизмдери жөнүндө аялдардын кабардардуулугун жогорулатууга басым жасоо менен, маалыматтык кампанияларды өткөрсүн.

**КР Министрлер Кабинетине:**

1. Гендердик зомбулукка каршы күрөшүүнү өркүндөтүүчү мыйзамдарды жана ушул чөйрөдөгү ратификацияланган конвенцияларды ишке ашырууга багытталган ченемдик укуктук актыларды кабыл алууну тездетсин.

2. Аялдардын укуктарын коргоо жана үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүү боюнча чаралардын натыйжалуулугу боюнча мониторинг жана баалоо тутумун киргизсин. Ар жылдык негизде үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекттеринин ишин баалоонун стандартташтырылган инструменттерин киргизүү мүмкүнчүлүгүн карасын.

## 6.2. Эрте никеге туруунун кесепеттери

Кыргыз Республикасы 1996-жылы адам укуктары боюнча бир катар эл аралык конвенцияларды ратификациялаган. Алардын арасында – «Баланын укуктары жөнүндө» Конвенция, «Никеге турууга макулдук, нике курагы жана никени каттоо жөнүндө» Конвенция болгон. Өлкөнүн Конституциясы, алардын ар тараптан өнүгүүсү үчүн зарыл жашоо деңгээлин камсыз кылууну кошуп алганда, балдардын бардык укуктарын кепилдейт.

Мыйзамда белгиленген никеге туруу курагы 18 жаш, ал эми мажбурлап никеге туруу максаты менен кыздарды уурдагандык үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилиги каралган. Мыйзамдагы тыюу салууларга карабастан, эрте никеге турган учурлар али да болсо кездешет.

Кыргызстанда никелешүү каадасын жүргүзүүгө да 18 жаштан уруксат берилген. Жашы жетелектердин катышуусу менен никеге туруу каадасын өткөрүүчүлөр үчүн дагы 3 жылдан 5 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндө кылмыш-жазасы каралган[3].

КР БП маалыматы боюнча 2024-жылы аялдарды жана кыздарды никеге туруу максатында ала качуу боюнча - 11 жана диний ырым-жырымдарды өткөрүүдө нике курагы жөнүндө мыйзамдарды бузуу боюнча – 29 кылмыш иши эсептик каттоого коюлган.

КР ССМ маалыматтары боюнча[4] катталган 15 жаштан 17 жашка чейинки эрте төрөттөрдүн саны Чүй облусунда 2023-ж. – 60, 2022-ж. – 74. Жалал-Абад облусунда 2023-ж. – 68, 2022-ж. – 57 болгон. Эң аз эрте төрөттөр Ош ш. катталган, 2023-ж. – 6, 2022-ж. – 6.

Институт 2024-жылы анкетирлөө усулу менен, Жалал-Абад облусунун Сузак районунун үч мектебинин окуучу кыздары арасында сурамжылоо өткөргөн, ага 8–10-класстардын 135 окуучу кызы катышкан. Натыйжалар сурамжылангандардын 47,2%

---

[3] КР КЖК, 75-бер.

[4] КР ССМ, кир. №07-1/14878, 02.12.24-ж.

алар жашаган жерде эрте никеге туруу көйгөйү бар экенин белгилешкенин көрсөткөн. Мындан тышкары, 59 окуучу кыз сабактарды такай калтырышат. Бул кыздардын ата-энелеринин экономикалык кыйынчылыктарга жана эрте никеге туруунун зарылдыгы жөнүндө ынанымдарынан улам кыздар үчүн билим алуунун максатка ылайыксыздыгы жөнүндө ой-пикирлерине байланыштуу.

Мониторингдин жүрүшүндө 2024-жылдын 9 айы ичинде Сузак районунда жашы жетелектердин арасында 21 кыз эрте никеге турганы катталганы аныкталган.

Мындан тышкары, мониторинг учурунда мурун Сузак районунун Саты а., 10-класстын окуучусу күйөөгө берилгени жөнүндө маалымат түшкөн. Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча 2008-ж., туулган И. Т. карата диний «нике кыюу» каадасы жасалганы аныкталган. Бул боюнча мектептин директору жана окуучу кыздар менен эрте нике темасында профилактикалык аңгемелешүүлөр өткөрүлгөн, ошондой эле Базар-Коргон ИИБ кайрылуу жөнөтүлгөн.

Аталган факты боюнча Базар-Коргон РИИБ тарабынан 2024-жылдын 7-октябрында КР КЖК 175-бер. менен кылмыш иши козголгон жана андан ары кароо үчүн сотко жөнөтүлгөн.

Институттун кайрылуусуна КР Мусулмандарынын дин башкармалыгы[5] диний «нике кыюу» каадасын жүргүзгөн имам бошотулганын жана башка жакка чыкпоо жөнүндө кол коюу менен тергөө жүрүп жаткандыгы жөнүндө кабарлаган.

Эрте никелер кыздардын саламаттыгына, алардын билим алуусуна жана социалдык абалына терс таасирин тийгизүүдө. Эрте никеге турган кыздар, теңсиз мамиледе болушкандыктан, турмуш-тиричилик жана сексуалдык зомбулуктар алдында кыйла аярлуу келишет, кош бойлуулук жана төрөт учурларында организмдеринин жетилбегенине байланыштуу, өлүмдү кошуп алганда, татаал кокустуктарына кабылышат. Эрте никеге турган кыздар үчүн сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүүлөргө карата жеткиликтүүлүк чектелет, анткени көпчүлүк учурда мындай фактылар жашырылат. Эрте никеге туруу алардын билим алуусунун чектелишине алып келет, кыздардын инсандык жактан өсүү мүмкүнчүлүгүнөн жана курбулары менен өз ара мамилелерден ажыратат, алардын татыктуу жумушка орношуу жана андан аркы социалдык бакубатчылыкка жетүү мүмкүнчүлүктөрүн төмөндөтөт.

Мажбурлап никеге туруу формалары ар түрдүү болушу мүмкүн: кыз ала качуудан тартып, диний ынанымдарга ылайык зордоп күйөөгө берүүгө чейин. Мында жашы жетелек кыздардын өздөрүнүн оюу жана каалоосу эске алынбайт.

Эрте никелердин жайылуусунун себептери төмөнкүлөр:

- жакырчылыкты жана жумушсуздукту кошуп алганда, социалдык жана экономикалык кыйынчылыктар;
- ала качуу жана мажбурлап никеге туруу практикасын колдогон маданий нормалар жана салттардын болушу;
- калктын баланын укуктары жана эрте никелердин зыяны жөнүндө маалыматы жетишсиздиги;
- Үйбүлө кодексинин 14-бер. ылайык нике курагын төмөндөтүү мүмкүнчүлүгү;
- Жашы жетелектерге карата диний нике кыйгандык үчүн негизсиз жумшак санкциялар;
- Жергиликтүү бийлик органдары жана билим берүү тутумунун мекемелери жүргүзгөн түшүндүрүү иштеринин төмөнкү деңгээли.

[5] чыг. №10/1671, 26.11.24-ж.

## СУНУШТАР:

**КР Министрлер Кабинетине:**

1. Үйбүлө кодексинин 14-бер. никелешүү курагын төмөндөтүү каралган ченем алынып салынсын.

2. Минималдуу никелешүү курагынын сакталышын (18 жаш) бузгандык үчүн катаал санкцияларды колдонуу менен көзөмөлдөөнү күчөтсүн.

**КР Билим берүү жана илим министрлигине:**

1. Кыздардын ден соолугу, билим алуусу жана социалдык абалы үчүн эрте никенин зыяны жөнүндө маалыматтык кампанияларды уюштурсун.

2. Мектеп программасына балдардын укугуна, гендердик теңчиликке жана эрте никенин кесепеттерине тийиштүү темаларды киргизсин.

3. Эрте никеге жол бербөө жөнүндө маданий ченемдерди өзгөртүү боюнча жергиликтүү коомдоштуктардын лидерлери жана өкүлдөрү үчүн тренингдерди өткөрсүн.

**КР Саламаттыкты сактоо министрлигине:**

Мектеп мекемелеринде жашы жетелектердин эрте төрөттөрүн алдын алуу боюнча иш-чараларды жүргүзсүн.

**КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине:**

1. Маалыматтарды жыйноону жана талдоону кошуп алганда, эрте никелешүү учурларынын мониторинг тутумун иштеп чыксын.

2. Кыздар үчүн психологиялык жана медициналык жардамдарды алуучу борборлорду уюштурсун.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына:**

Коомдоштуктардын жана диний уюмдардын лидерлери менен эрте никелешүүлөр менен күрөшүү боюнча биргелешкен пландарды иштеп чыксын.

**КР Ички иштер министрлигине:**

Ички иштер органдарынын тергөөчүлөрүнүн квалификацияларын жогорулатуу программасына гендердик кылмыштар боюнча кылмыш иштерин тергөө Стандарттары жана жашы жетелектерге карата иштерди тергөө Стандарттары боюнча окутуучу курстарды киргизсин.

## 6.3. Жатак мекемелериндеги балдардын укуктары

Баланын үй-бүлө чөйрөсүндө болуу укугу, алып айтканда үй-бүлөдө жашоо жана тарбиялануу укугу КР Конституциясында жана «Балдар жөнүндө» КР Кодексинде белгиленген. Мамлекет балдардын ар тараптан руханий, адеп-ахлактык, интеллектуалдык жана дене бойлук өсүшүнө, алардын жарандык-патриоттук тарбия алуусуна өбөлгө болуучу шарттарды түзөт. Баланын укуктары жөнүндө Конвенциянын 20-бер., убактылуу же биротоло өзүнүн үй-бүлөсүнүн чөйрөсүнөн ажыраган, анын эң мыкты кызыкчылыктарында ушундай чөйрөдө кала албаган бала, өзгөчө коргоого жана мамлекет тарабынан берилүүчү жардамга укуктуу экени белгиленген.

Ата-энелеринин камкорчулугусуз калган балдардын укуктарын сактоону көзөмөлдөө максатында, Акыйкатчы Институту 12 ИТБМ мониторинг жүргүзгөн. Алардын ичинен 3 – мамлекеттик, 5 – муниципалдык, 1 – аралаш (мамлекеттик жана муниципалдык), 3 – жеке менчик болгон.

Документтерди изилдөө төмөнкүлөрдү көрсөттү:

- 4 – ИТБМ ишинин негизги түрүнө ылайык келбеген код менен катталган, бул аларга ИТБМ катары аккредитациялоого укук бербейт;
- 1 – колдонуудагы аккредитациялык тастыктамасы жок (Элистан балалык борбору);
- 1 – аккредитациялоо процессинде турат (Ак-Ниет), ошол эле убакта КР Юстиция министрлигинин маалымат базасында ИТБМ уюштуруучулары жөнүндө маалыматтар жок.

Көрсөтүлгөн ИТБМ жайгаштырылган 212 баланын ичинен – 52,4% бала соттун чечими жок турат, бул КР Балдар жөнүндө Кодексинин 37-бер., 1-бөлүгүн, КР ЖПК 280-бер., бузуу болуп саналат. 46 бала 6 айлык убактылуу туруу мөөнөтүн бузуу менен турушат, бул КР Балдар жөнүндө Кодексинин 37-бер., 3-бөл. талаптарына туура келбейт. Ошол эле убакта талаптагыдай документтердин болбогонунан 10 баланын ИТБМ болуу мөөнөтүн аныктоого мүмкүн болгон эмес.

| № | Балдардын ИТБМ болуу мөөнөттөрү | Балдардын саны |
|---|---|---|
| 1 | 6 айга чейин | 102 |
| 2 | 6 айдан 1 жылга чейин | 26 |
| 3 | 1 жылдан 3 жылга чейин | 29 |
| 4 | 3 жыл жана андан көп | 45 |
| 5 | Маалымат жок | 10 |
| | **Баары:** | **212** |

Балдардын өздүк иш көктөмөлөрүн кароодо, баланы жекече коргоо пландары 47 (22%), ал эми үй-бүлө менен жекече иштөө пландары 3 (1,4%) балага карата гана түзүлгөнүн көрсөттү. Демек, 78% учурда (165 бала) баланы биологиялык үй-бүлөсүнө кошуу же ата-энесинин камкордугусуз калган балдарды үй-бүлөгө тарбиялоого берүү (асырап алууга), камкорчулукка (көзөмөлчүлүккө) же баккан үй-бүлөөгө) өткөрүп берүү боюнча иштер жүргүзүлбөйт.

Үй-бүлө баланын өсүшүн, бакубатчылыгын жана корголуусун камсыз кылуучу жападан-жалгыз чөйрө болуп саналат, ошондуктан бардык күч-аракеттер биринчи кезекте баланын камкорчулукта калуусуна же ата-энесинин, же болбосо тийиштүү учурларда үй-бүлөнүн башка жакын туугандарынын камкордугуна кайтуусуна багытталышы керек.

Анын үстүнө, балдарды багуу боюнча БУУ Колдонмолук көрсөтмөлөрүндө ата-эне камкорчулугун колдоого алуунун зарылдыгы баса белгиленет. Атап айтканда, мамлекеттер ата-энелерге үй-бүлөгө карата өздөрүнүн жалпы милдеттерин, анын ичинде өзгөчө муктаждыктары бар балдарга кам көрүү боюнча кошумча милдеттерди жакшыраак башкарууга мүмкүндүк берүүчү, ата-энелерге кам көрүүчүлөрдүн эс алуу мезгилинде күндүзгү камкордукту, анын ичинде күндүзгү мектепти камтууга тийиш.

Мыйзамдарды талдоо КР БжК 37-бер., менен 43-бер. ортосунда карама-каршылыктар бар экенин көрсөттү. БжК 37-бер., үй-бүлөлүк альтернативдер болбогондо, алардын жатак жайларда болуу мүмкүнчүлүгүн иш жүзүндө бекемдөө менен, балдарды ИТБМ 6 айга чейинки мөөнөткө убактылуу жайгаштырууга мүмкүнчүлүк берет. Ошол эле убакта БжК 43-бер., баланын үй-бүлөдө жашоосу

артыкчылыктуу укук болуп саналарын, ал эми балдардын мындай мекемелерде узакка болуусуна жол бербеш үчүн, жатак жайларга жайгаштыруу мүмкүн болушунча минималдаштыруунун зарылдыгын карайт.

Мониторинг ошондой эле балдарды багуунун шарттары санитардык талаптарга жооп бербегенин көрсөттү. Ал эми Бишкек ш., жайгашкан муниципалдык «Ак-Ниет» жана «Айданек» мекемелеринде балдарды алдын ала каралгандай 5 маал тамактандыруунун ордуна 4 маал гана тамактандырышат.

Мекемелердин 12 уставынын (жоболорунун) 4 гана мыйзамдарда белгиленген талаптарга жооп берет[6]. 8 ИТБМ өздөрүнүн уставдык документтерин мыйзам талаптарына ылайык келтиришпегенине карабастан, азыркы убакта КР ЭСКММ аккредитациялары бар.

Ошондой эле, ИТБМ уюштуруу документтерин талдоо, каттоодон өткөн 12 мекеменин ичинен 8 – «Жашап туруунун камсыз кылуу менен башка социалдык тейлөө» 87.90.0 коду менен катталышканын көрсөттү. Ал өз ичине «балдарга социалдык жардам көрсөтүүгө багытталган ишин күнү-түнү жүзөгө ашыруучу, бирок дарылоо жана билим берүү негизги элементтери болуп саналбаган, жетим балдар үчүн башкалка жайлары (балдар үйлөрү), балдар үчүн жатак жайлар жана жатканалар, күнү-түнү иштөөчү бала бакча, үйү жоктор үчүн башкалка, жалгыз бой энелерди жана алардын балдарын багууну камсыз кылуучу жайлар ж. б. сыяктууларды» камтыйт. Калган 4 мекеме дагы өздөрүнө ИТБМ катары аккредитацияга укук бербеген, негизги ишинин түрүнө шайкеш келбеген код менен каттоодон өткөн.

Ош ш., «Боорукердик» үй-интернаты карыган жана улгайган адамдар менен катар эле, ата-энелеринин камкордугусуз калышкан, оор турмуштук кырдаалдарда калган балдарды дагы кабыл алат[7]. КР мыйзамдарында бир эле убакта балдарды жана улгайган (кары) адамдарды кармоочу социалдык мекемелердин түрү каралган эмес.

ИТБМ жайгаштырылган 212 баланын ичинен 54 соттун чечими менен жиберилген.

| Категориясы | Балдардын саны | Пайыз | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| **Сот тарабынан жиберилген** | 54 | 25,47% | Өзгөчө өндүрүш тартибинде каралган |
| **Алардын ичинен:** | | | |
| Негиздемеси, БжК 37-бер., жана КР ЖПК 280-бер., ылайык | 38 | 70,37% | ИТБМ мыйзамдуу аныктоо |
| Негиздемеси, БжК 37-бер., жана КР ЖПК 280-бер., ылайык эмес | 16 | 29,63% | Негиздемеси мыйзамдардын талаптарына ылайык келбейт. |

[6] «Оор турмуштук кырдаалга кабылган балдарга социалдык кызмат көрсөтүүчү мекемелерде балдарды багуу, тарбиялоо жана социалдаштыруу боюнча Минималдык стандарттарды бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 9-октябрындагы № 691 Токтому менен бекитилген.

[7] Ош шаарынын мэриясынын 2024-жылдын 2-декабрындагы № 345 токтому менен бекитилген «Боорукердик» үй-интернаты жөнүндө Жобо.

ИТБМ жайгаштырылган 212 баланын ичинен 130 мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, Балдар иштери боюнча комиссиянын (БИК) чечимдерине жана корутундуларына, камкорчулардын же ата-энелердин арыздарына ылайык жайгаштырылган.

| Категориясы | Балдардын саны | Пайыз | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| **Маморгандардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу, БИК чечимдеринин негизинде жайгаштырылган** | 130 | 61,32% | |
| **Алардын ичинен:** | | | |
| Негиздемеси, БжК 43-бер. ылайык | 63 | 48,46% | 37-бер. боюнча 16 баланы (12,3%) камтыйт |
| Негиздемеси, БжК 37 жана 43 бер. ылайык эмес | 46 | 35,38% | |
| Социалдык жактан коркунучтуу үй-бүлөдөн алып коюу актыларынын негизинде | 14 | 10,77% | ИИМ, соц. кызматкерлердин ж. б актылар |
| Жөнөтүү субъектери жана себептери жөнүндө маалыматтары жок | 7 | 5,38% | |
| **Маморгандардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу, БИК чечимдеринин негизинде жайгаштырылган** | 130 | 61,32% | |

Табылган бузуулар боюнча Акыйкатчы Институту Башкы прокуратурага, Чүй облусунун прокуратурасына, Ош, Бишкек, Токмок, Каракол ш., мэрияларына 7 Көңүл буруу актысын жиберген.

Аталган органдар тарабынан жүргүзүлгөн иш-чаралардын жүрүшүндө ашкереленген бузуулар бышыкталып, тийиштүү кызмат адамдары тартиптик жоопкерчиликке тартылышты.

Бирок, «Алтын уя» балдар мекемесиндеги бузуулар боюнча прокуратуранын ишкердик субъекттерди текшерүүлөрдү жүргүзүү мүмкүн эместиги жөнүндө жообу келип түшкөн. Мораторийлер бизнести текшерүүлөрдү чектесе да, балдардын укуктары артыкчылыктуу экенин жана Баланын укугу жөнүндө Конвенция сыяктуу эл аралык стандарттар менен корголгонун эске алуу маанилүү. Мындай учурларда мамлекеттик органдар колдонуудагы чектөөлөргө карабастан, балдардын укуктарын коргоону камсыз кылуунун ыктарын табуулары тийиш. Көзөмөлдүн жоктугу дене бойлук, эмоционалдык же психологиялык зомбулук, ошондой эле балдарды эксплуатациялоо учурларын жашырып-жабууга өбөлгөлөрдү түзөт. Балдарды кармоонун жана багуунун талаптагыдай эмес шарттары, начар тамак-аш, жетишсиз гигиена ж. б. балдардын өмүрүнүн коопсуздугуна коркунучтарды келтириши мүмкүн.

## СУНУШТАР:

**КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине:**

1. Эл аралык стандарттарды эске алуу менен, КР Балдар жөнүндө Кодексинин 37 жана 43-беренелеринин ортосундагы карама-каршылыктарды четтетүү боюнча ЧУА долбоорун иштеп чыксын жана КР Министрлер Кабинетинин (КР МК) кароосуна киргизсин.
2. ИТБМ жайгаштырылган балдарды, ата-энелеринин камкордугусуз калган балдар жөнүндө маалыматтардын мамлекеттик банкына киргизүүнү камсыз кылсын.
3. Бир социалдык мекемеде балдардын жана чоң кишилердин жайгаштырылышынын (Ош ш., «Боорукердик» үй-интернаты) жол берилбестиги жөнүндө талаптарды карасын.
4. Социалдык коргоонун жергиликтүү органдарынын иштерин ИТБМ кармалган балдар боюнча Баланы коргоонун жекече пландарын жана Балдар менен иштөөнүн жекече пландарын өз убагында түзүү жана аткарылышын көзөмөлдөө предметине текшерүүлөрдү жүргүзсүн.
5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 9-октябрындагы № 691 Токтому менен бекитилген Оор турмуштук кырдаалга кабылган балдарга социалдык кызмат көрсөтүүчү мекемелерде балдарды багуу, тарбиялоо жана социалдаштыруу боюнча Минималдык стандарттардын талаптарынын аткарылышын камсыз кылсын.

**КР Башкы прокуратурасына:**

Балдарды ИТБМ жайгаштырууга тийиштүү мыйзамдардын так жана бир түрдүү аткарылышын көзөмөлгө алууну жүзөгө ашырсын.

**КР Жогорку сотуна:**

Балдарды ИТБМ жайгаштыруу каралган соттордун чечимдерин талдоону жүргүзсүн.

**КР Юстиция министрлигине:**

ИТБМ уставдык документтеринин мыйзам талаптарына ылайыктуулугуна инвентаризациялоону жүргүзсүн.

## 6.4. Балдардын мүлктүк укуктары

Балдар жана алардын корголгондугу – кандай болбосун коомдо өзгөчө көңүл буруунун предмети. Бул концепцияда принципиалдуу аярлуу курактык топ катары балдарды коргоонун маанилүүлүгүн таануу сакталган.

Баланын бакубаттуулук деңгээлин аныктоочу, анын эң маанилүү керектөөсү турак жайга укугу болуп саналат. Бул укук, КР Конституциясынын 45-беренесинин жоболорунан көрүнүп тургандай, кандай болбосун субъекттин ажыралгыс укугу болуп саналат.

Акыйкатчы Институту 2024-жылы ЭСКММ аймактык органдарынын балдардын мүлктүк укуктарын сактоосуна жана коргоосуна мониторинг жүргүзгөн.

Мониторингдин жүрүшүндө ЭСКММ аймактык органдары, Балдар иштери боюнча комиссиялар тарабынан кабыл алынган актылар, мүлктү ээликтен ажыратуу боюнча материалдар жана башка документтер каралып чыкты.

ЭСКММ аймактык органдары тарабынан 2021–2023-ж. ж. мезгилинде Бишкек ш., камкорчулардын (көзөмөлчүлөрдүн) балдардын мүлкүн ээликтен ажыратууга 474

арызы каралган, алардын ичинен 405 канааттандырылган жана мүлктү ээликтен ажыратууга уруксат берилген.

Облустарда 2021-жылдан тартып 2023-жылга чейинки мезгилде, Балдар иштери боюнча комиссияларда мүлктү ээликтен ажыратуу маселелери боюнча 215 арыз каралган жана уруксаттар (токтом, тескеме) берилген. Чүй облусунда – 100, Нарын облусунда – 11, Ысык-Көл облусунда – 64, Баткен облусунда – 14, Ош облусунда – 26, Жалал-Абад жана Талас облустарында – каралган эмес.

Мүлктү ээликтен ажыратуу боюнча материалдардан көрүнүп тургандай, аймактык органдарда, балдардын мүлкүн ээликтен ажыратуу үчүн документтердин тизмегин аныктоочу Колдонмо документтер жок. Анткени, арыздануучулардан ар кандай мүнөздөгү (өздөрү каалагандай) документтерди талап кылышат, райондук мамлекеттик администрациялар балдардын мүлкүн ээликтен ажыратуу боюнча ар кыл формалардагы чечимдерди кабыл алышат, бири тескеме түрүндө, башкалары токтом формасында, үчүнчүлөрү – ажыратуу жөнүндө буйрук чыгарышат (Бишкек ш.. Октябрь райондук администрациясы) ж. б. Ошол эле учурда чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө, ошол актыны кабыл алган кызмат адамына жүктөлөт.

Мониторингдин жүрүшүндө төмөнкүлөрдүн жоктугу аныкталды:

- балдардын мүлкүн ээликтен ажыратуунун бирдиктүү тартибин белгилөөчү ченемдик укуктук акты;
- мүлктү ээликтен ажыратуу үчүн Балдар иштер боюнча Комиссияга берүү үчүн зарыл документтердин тизмеги;
- балдардын мүлктүк абалынын начарлоосуна жол бербөө үчүн жооптуу ыйгарым укуктуу органдын.

Ошентип, балдардын мүлкүн ээликтен ажыратуу маселелерин жөнгө салуучу бирдиктүү ченемдик укуктук актынын жоктугунун натыйжасында, БИК жана балдардын укуктарын коргоо маселелерин алып баруучу мамлекеттик органдардын ортосунда координациялоо жүзөгө ашырылбайт. Көпчүлүк учурларда көзөмөлчүлүктөгүлөрдүн өкүлдөрү тарабынан, анын мүлкү ээликтен ажыратылгандан кийин баланы (көзөмөлчүлүктөгү) турак үй менен камсыз кылуу боюнча, кепилдик каттар менен жол-жоболоштурулган милдеттенмелер аткарылбайт, балдарга салынган депозиттер жана пайыздар байкоого алынбайт, бул балдардын кызыкчылыгына пайдаланылышы боюнча суроолорду пайда кылат (Камкорчулук жана көзөмөлчүлүк жөнүндө Жобо 34-п.)[8].

БИК балдардын мүлкүн ээликтен ажыратууга алдын ала уруксат берүү жөнүндө чечим кабыл алгандан кийин, балдардын мүлкүн коргоону жана кайтарууну көзөмөлдөө жүзөгө ашырбайт.

Балдардын мүлкүн ээликтен ажыратуу тууралуу чечимди кароо жана кабыл алуу механизми жок, БИК тарабынан кабыл алынган чечимдер БИК жөнүндө типтүү жобого ылайык келбейт. БИК типтүү жобосунун 18-пунктуна ылайык, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн сунушу боюнча ээликтен ажыратуу, анын ичинде камкордукка алынгандын мүлкүн алмашуу же белекке берүү, аны жалдоого (ижарага) берүү, кайтарымсыз пайдаланууга берүү же күрөөгө коюу, анын мүлкүн бөлүштүрүү же аны үлүштөргө бөлүү, ошондой эле камкордукка алынгандын мүлкүнүн азайышына алып келүүчү ар кандай бүтүмдөрдү жасоого алдын ала уруксат берүүчү долбоорлорду карайт.

Жогоруда баяндалган көйгөйлүү маселелер БИК, райондук мамлекеттик администрациялардын иш-милдеттерин жана ыйгарым укуктарын аныктоочу ченемдик укуктук актыларды Граждандык кодекстин (72-бер.), Үйбүлө кодексинин

---

[8] «Камкорчулук жана көзөмөлчүлүк жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 24.09.2013-жылдагы №522 токтому.

(65-ст.) балдардын мүлкүн ээликтен ажыратуу боюнча бүтүмдөрдү жана балдардын мүлккө менчик укугун жөнгө салуучу жоболору менен ылайык келтирүүнү талап кылат.

Балдардын мүлкүн ээликтен ажыратуу боюнча материалдардан көрүнүп тургандай, БИК тарабынан камкорчуга баланын мүлкүн ээликтен ажыратуу боюнча чечимдер аймактык камкорчулук жана көзөмөлчүлүк органынын тийиштүү бөлүмүнүн алдын ала уруксаты жок кабыл алынат. Бул КР Жарандык кодексинин 72-бер., 2-п. талаптарын бузат, ага ылайык, көзөмөлдүк кылуучу адам тиешелүү камкордукка алуу жана көзөмөлчүлүк кылуу органынын аймактык бөлүмүнүн алдын ала уруксатысыз, ал эми камкордукка алуучу адам көзөмөлчүлүккө алынган адамды мүлкүнөн ажыратуу, мунун ичинде мүлктү алмашуу же белекке берүү, аны жалдоого (ижарага), акысыз пайдаланууга же күрөөгө берүү боюнча бүтүм чыгарууга, камкордуктагы адамга таандык укуктардан баш тартууга алып келүүчү бүтүм чыгарууга, анын мүлкүн бөлүштүрүүгө же андан үлүштөрдү бөлүп чыгарууга, ошондой эле камкордуктагы адамдын мүлкүн азайтууга алып келүүчү башка кандай гана болбосун бүтүм чыгарууга макулдук берүүгө укуксуз. Чечим ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 24.09.2013-жылкы № 522 токтому менен бекитилген «Камкорчулук жана көзөмөлчүлүк жөнүндө» Жобонун 32-п., бузуу менен кабыл алынат, анда «аймактык бөлүм камкорчулукка алынгандын мүлкүн эгерде бул камкорчулукка алынгандын кызыкчылыгы үчүн зарыл болгон өзгөчө учурларды (кымбат дарылоону төлөө, жана башка) кошпогондо, кыймылсыз мүлккө болгон ээликтен ажыратууга алдын ала уруксат берүүгө укуксуз» экени каралган.

Бул бузуулар тутумдук мүнөзгө ээ, анткени БИК төрагасы жана балдардын мүлктүк укуктарын коргоо жана сактоо боюнча социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын жетекчилиги тараптан көзөмөл жок.

Мындан тышкары, балдардын мүлкүн ээликтен ажыратуу боюнча материалдарды изилдөөдө, БИК мүчөлөрү тараптан документтер дыкат жана талаптагыдай каралбагандыгы аныкталды, ошонун кесепетинен балдардын мүлкүн ээликтен ажыратууга уруксаттар талаптагыдай негиздери жок эле бериле берет. Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) СӨБ ҮБКБ арыз менен кайрылышкан, анда мүлктү ээликтен ажыратуунун негизи катары баланын турак жайын кеңейтүү же шарттарын жакшыртуу көрсөтүлгөн. БИК чечимдерин жана алдын ала уруксат берүү жөнүндө буйруктарын текшерүүнүн жүрүшүндө жогоруда көрсөтүлгөн негиздер формалдуу мүнөзгө ээ экени аныкталган, анткени баланын ээликтен ажыратылуучу мүлкүн изилдөө (ээликтен ажыратууга чейин жана мүлктү алгандан кийин да) жүргүзүлгөн эмес, бул комкордукка алынгандын мүлкүнүн азайышына жана анын мүлктүк абалынын начарлашына алып келиши мүмкүн.

Мониторингдин жыйынтыктары КР МК берилген, табылган бузуулар боюнча чараларды көрүү жана балдардын мүлктүк укуктарын коргоо боюнча КР Башкы прокуратурасына (КР БП) 2 Көңүл буруу актысы жолдонгон.

Прокуратура органдарынын аткарган иш-чараларынын натыйжасында күнөөлүү кызмат адамдары тартип жоопкерчилигине тартылган.

Бирок, жергиликтүү деңгээлде балдардын мүлкүн ээликтен ажыратуу маселелерин жөндөөчү колдонуудагы жоболорду укуктук жөнгө салуу маселелери өз актуалдуулуктарын жоготпостон, чечилбеген бойдон калууда.

## СУНУШТАР:

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

1. Төмөнкүдөй ченемдик укуктук акт кабыл алсын:

- ✓ мүлктү ажыратуу үчүн БИК көрсөтүлүүчү, балдардын мүлкүн ажыратуунун бирдиктүү тартибин жана документтердин тизмегин аныктаган;
- ✓ - балдардын ажыратылган мүлкүнүн корголушун жана кайтарылышын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруучу жана анын азайышына жана балдардын ажыратылган мүлкүнүн жоголушуна жол бербөөгө жооптуу ыйгарым укуктуу органды белгилеген;
- ✓ - Граждандык кодекстин жана Үйбүлө кодексинин жоболоруна ылайык, балдардын ажыратылган мүлкү боюнча бүтүмдөрдү жасоону жөнгө салуучу БИК иш-милдеттерин жана ыйгарым укуктарын караган.

2. КР «Балдар жөнүндө» Кодексине балдардын мүлктүк укуктарын коргоо каралган өзгөртүүлөрдү киргизсин.



# 7-ГЛАВА. ЖАРАНДАРДЫН АЙРЫМ КАТЕГОРИЯЛАРЫНЫН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

## 7.1. Майыптыгы бар адамдардын укуктары (сот адилеттигине жеткиликтүүлүк)

Майыптыгы бар адамдар үчүн жеткиликтүү чөйрө - бул майыптыгы бар адамдардын коомдук турмушка аралашуусунун маанилүү бөлүгү. Майыптыгы бар адамдардын баардык фундаменталдык укуктары жарандык, социалдык-экономикалык жана маданий, анын ичинде сот адилеттигине жеткиликтүүлүгүгүнүн ишке ашырылышы жеткиликтүү инфратүзүмгө жана чөйрөгө көз каранды.

КР Конституциясына ылайык, майыптуулугу бар адамдар Кыргызстандын баардык жарандары сыяктуу эле сотко кайрылууга жана коргоонууга укуктуу. Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган БУУнун "Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө" Конвенциясында майыптыгы бар адамдарды көз карандысыз өмүр сүрүүгө жана турмуштун баардык багыттарында катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ кылуу зарылдыгы белгиленген. Мамлекет майыптыгы бар адамдарды башка жарандар менен бирдей тең жетикиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн талаптагыдай чараларды көрүүгө милдеттүү. Өз кезегинде бул көрүлүүчү чаралар жеткиликтүүлүккө тоскоолдуктарды аныктап, четтетүүнү камтышы керек.

Расмий маалыматтар боюнча Кыргызстанда 217 миң майыптыгы бар адамдар бар, алардын 39 миңи балдар.

«Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» КР Мыйзамынын 19-бер., ылайык, мамлекет майыптыгы бар адамдардын укуктарын, эркиндигин жана мыйзамдуу таламдарын коргоону Кыргыз

Республикасынын мыйзамдарында белгиленген соттук же башка тартипте камсыз кылат.

Майыптыгы бар адамдар үчүн жеткиликтүү чөйрөнү камсыз кылуу маселелерин жөнгө салуучу бир катар мыйзам ченемдери бар болгондугуна карабастан, ар кандай чөйрөлөрдө инфратүзүмдөрдүн, анын ичинде сот органдардын жеткиликтүүлгүндөгү жаралган көйгөйлөр майыптыгы бар адамдардын укуктарын камсыз кылууда эң актуалдуу маселелердин бири бойдон калууда.

Майыптыгы бар адамдардын сот адилдеттигине жетүү укугунун сакталышын баалоого жана бул маселедеги тоскоолдуктарды аныктоо үчүн Акыйкатчы Институту 2024-жылы тандап алуу ыкмасы менен, майыптуулугу бар эксперттин катышуусу менен Чүй облусунун сот жана укук коргоо органдарында майыптыгы бар адамдар үчүн сот системасынын жеткиликтүүлүгүн аныктоо үчүн мониторинг жүргүзгөн.

Ошондой эле, бул изилдөө Акыйкатчы Институтунун соттук отурумдарына жүргүзүлгөн үзгүлтүксүз мониторингдердин жыйынтыктарына негизделген.

Сот жана укук коргоо органдардын майыптыгы бар адамдарга жеткиликтүүлүгүн баалоо атайын иштелип чыккан чек-баракча менен жүргүзүлгөн, анын жыйынтыктарын төмөн жакта көрсөтүлгөн шилтеме аркылуу таанышууга болот.

Мониторингдин жыйынтыктары сот адилеттүүлүгү чөйрөсүндө майыптыгы бар адамдар үчүн төмөнкү тоскоолдуктар бар экенин көрсөттү:

***Физикалык тоскоолдор***

КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти берген маалымат боюнча республиканын жергиликтүү соттор жана Сот департаменти 71 имаратта жайгашкан, алардын ичинен 54 имаратында гана пандустар бар. Ал эми Акыйкатчы Институтунун кызматкери сот процесстерине байкоочу катары үзгүлтүксүз жүргүзүлгөн монитрингдердин жыйынтыктары изилденген 65 соттук объекттердин 21 объектинде *(соттордун изилденген санынан 32%)* пандустар жоктугун көрсөттү. Ушундай эле көйгөйлөр ИИБ имараттарында дагы орун алган.

Жалпысынан алганда сот органдарынын жана ички иштер органдарынын жеткиликтүү эместиги: орнотулган пандустардын курулуш стандарттарына дал келбестиги, пандустардын рельстери түшүүдө же чыгууда тик бурч менен салынганы, мындай шартта майыптыгы бар адамдар өз алдынча чыгууга жана кирүүгө мүмкүн эместиги, имараттарда эшиктин босоголору (пороги) бийик болгондугу, айрым кабинеттердин эшиктеринин тардыгы, имараттардын ичинде тепкичтерден чыгуу үчүн жазылма пандустар жоктугу, эшиктерди ачууда автоматташтырылган системанын жоктугу, ажатканалар майыптыгы бар адамдар үчүн ыңгайлаштырылган эместиги, майыптыгы бар адамдар үчүн атайын сантүйүндөрдүн жоктугу. Ошондой эле, имараттарда жардам алууга чакыруу кнопкалары орнотулган эмес. *(Бишкек ш., Ленин районунун сотун кошпогондо).*





Мониторингдин жүрүшүндө сот ситемасынын кызматкерлери баардык сотко келген жарандарга жана кызматкерлер үчүн соттордун имараттарын жана инфратүзүмдөрүн олуттуу жакшыртуу талап кылынаарын белгилешти, анткени, сот имараттарында кабинеттердин жетишсиздигинен улам, ылайыксыз шарттарда аргасыздан иштешүүдө. Айрым сот органдарында сотко келген жарандар үчүн күтүү залдары жок.

Өзгөчө Ысык-Ата райондук сотунун эскилиги жеткен имаратынын абалын баса белгилеп кетебиз. Бул сотто баардык категориядагы жарандар үчүн шарттар түзүлгөн эмес. Сот процесстеринин отурумдарынын залдары тар, сот залдардын жетишсиздигинен улам, айрым учурларда сот процесстери судьялардын иш кабинеттеринде өткөрүлөт. Сотко келген жарандар үчүн күтүү залдары жок. Имараттын сотко кире беришиндеги жолдор оңдоп-түзөөгө жана көрктөндүрүүгө муктаж, ажатканалар эски, санитардык абалдары абдан начар жана эшикте жайгашкан.








Ошондой эле, Сокулук РИИБ имараты жана анын убактылуу кармоочу жайы майыптык кресло-коляска менен жүргөн, буту-колу иштебеген адамдар үчүн кирип-чыгууга мүмкүн эмес жана жеткиликсиз. Убактылуу кармоо камераларына жер төлөөдө жайгашкан, аларга темир тепкичтер аркылуу гана кирүүгө болот. РИИБ кире беришинде пандус жок, мониторинг убагында РИИБ кызматкерлери экспертти (майыптык кресло-коляска менен жүргөн майыптыгы бар эксперти) имаратка эки-үчөөлөп көтөрүп кирүүгө аргасыз болушкан. Ошондой эле, мониторинг учурунда убактылуу кармоо камераларынын ажатканаларынын канализация тутумдары иштебегендиктен санитардык абалдары абдан начар.







### *Коммуникациялык тоскоолдор*

Сот жана ички иштер органдарында көздөрү азиз, начар көргөн, кулактары укпаган адамдар үчүн ылайыкташтырылган маалыматтар жок. Бул мекемелердеги такталарындагы жана расмий сайттарында маалыматтар майыптыгы бар адамдардын керектөөлөрү эске алынган эмес. Мисалы, көздөрү азиздер үчүн соттук отурумдун башталганы жөнүндө, судьялардын иш ырааттамалары жана башка маанилүү маалыматтар жөнүндө жарыялоо үчүн үн угузуучу ситемалары каралган эмес. Арыздардын үлгүлөрү, тактыдагы маалыматтары, судьялардын иш ырааттамалары, жетекчилердин байланыш маалыматтары жана иш бөлмөлөрүнүн номерлери Брайл шрифттери менен кайталанып жазылган эмес.


Имараттарда начар көргөн адамдар үчүн жабыштыруучу белгилер, начар уккандар үчүн жарык-маяктары, тактилдик белгилер, тактилдик такталар (плиткалар), көрүүлөрү начар адамдар үчүн мейкиндикте адашпай жүрүүгө көмөк болуучу мекеменин мнемочиймелери, тактилдик сызмалар (ленталар) жана индикаторлор (тепкичтер үчүн), көрсөткүчтөр жана пиктограммалар жок.









Белгилей кетсек, бир гана Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунда гана тактыдагы маалыматтар Брайл шрифттери менен түзүлгөн, бирок алардын эскилиги жетип, жаңылоого муктаж.





### *Социалдык тосқоолдор*

Сот жана ички иштер органдарынын кызматкерлеринин арасында майыптыгы бар адамдардын керектөөлөрүнүн муктаждыктарын түшүнүүнүн жетишсиздиги олуттуу көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. Алардын көпчүлүгү майыптыктын ар кандай формадагы адамдар менен сүйлөшүүнүн этикасын билишпейт.

Көпчүлүк учурларда сот системасынын катышуучулары угуусу жана көрүүсү начар, басалбаган, психикалык жактан ооруган майыптыгы бар адамдар менен туура сүйлөшүү менен бирге, коммуникация түзүүнүн маанилүүлүгүн түшүнүшпөйт.

Буга *мисал, мониторинг учурунда Бишкек шаарынын пандусу жок РИИБ биринде мониторингдин катышуучуларынын бири кызматкерден майыптыгы бар адамга имаратка кирүүгө жардам берип коюсун суранган. Бирок, РИИБ кызматкери ага жардам кылуудан баш тартып, ага арызын ошол жерде – имаратка кирбей эле сыртта туруп жазууну сунуштаган. Бирок, мониторинг жүрүп жатканын билгенде гана РИИБ кызматкерлери кечирим сурашып, майыптыгы бар адамдын имаратка кирүүсүнө жардам беришкен.*

КР Жогорку Сотуна караштуу Сот адилеттиги Жогорку мектеби 2020-2024-жылдар мезгилинде жыл сайын майыптыгы бар адамдар менен байланыштуу иштерди кароонун өзгөчөлүктөрү, майыптыгы бар адамдардын сот адилеттигине жеткиликтүүлүгү боюнча бир күндүк семинарларды гана өткөргөн, аларда 96 судья жана аппараттын 13 кызматкери окуудан өткөн. Соттук иштерди кароодо майыптыгы бар арызденуучулар менен биринчиден болуп байланышка аппараттын кызматкерлери чыгышаарын белгилей кетүү маанилүү.

Ошондуктан, укуктук тейлөөнүн сапатын жакшыртууга сот системасынын майыптыгы бар адамдар үчүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууда сот системасынын кызматкерлерин сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү боюнча окууларды байма бай өткөрүү зарыл.

### *Угуусу жана сүйлөөсү бузулган адамдар үчүн сурдокотормочуну камсыз кылуу*

Сот жана ички иштер органдарынын кызматкерлери угуусу жана сүйлөөсү бузулган жарандардын иштери каралганда сот өндүрүшүнүн баардык катышуучуларынын тергөөчүлөрдүн, адвокаттардын, жоопкерлердин, доогерлердин, айыпталуучулардын, судьялардын ортосунда байланышты, өз ара сүйлөшүүнү камсыз кылуу үчүн сурдокотормочулар чакырылат.

Сот департаментинин маалыматтарына ылайык, 2023-2024-жылдары жергиликтүү соттордун жазуу жүзүндөгү суроо-талаптарынын негизинде 36 соттук процесс сурдокотормочу кызмат көрсөтүүлөрү менен камсыз кылынган. Баардык көрсөтүлгөн процесстер Бишкек ш., Чүй жана Ош облустарынын сотторунун өндүрүшүндө болгон[9].

КР ЭСКММ сайтында майыптыгы бар адамдарга алынган юридикалык кызмат көрсөтүүлөрдүн маанисин түшүнүүгө түздөн-түз жардам көрсөтүүчү юридикалык жааттагы, сертификацияланган сурдокотормочулардын тизмеси бар[10]. Мындай сурдокотормочулардын саны: Бишкек ш. – 29; Ош ш. – 8; Нарын ш. – 1; Талас ш. – 1 адис.

Сурдокотормочулар менен камсыз кылуу тууралуу маселени изилдөөнүн жүрүшүндө азыркы убакта **юридикалык квалификацияга ээ болгон сурдокотормочулардын** жетишсиздиги өзгөчө курч көйгөй экени белгилүү болду. Сурдокотормочулардын жетишсиздиги республикалык маанидеги шаарларда да,

[9] КР ЖС караштуу Сот департаментинин маалыматы, чыг. № 03-1/4242, 20.11.2024-ж.
[10] https://mlsp.gov.kg/ru/spisok-surdoperevodchikov-s-yuridicheskim-uklonom-2/

ошондой эле, өлкөнүн баардык башка аймактарында да ачык байкалат. Ошондон улам, сурдокотормочу менен өз убагында камсыз кылуу дагы курч көйгөй болууда, бул соттук териштирүүлөрдүн создуктуктурулушуна алып келип, иштерди кароонун мыйзамда белгиленген мөөнөттөрүнүн бузулуусуна өбөлгө түзүүдө.

Айрым сурдокотормочулардын пикирлерине ылайык, бүгүнкү күндө бүткүл өлкө боюнча юридикалык терминдерди анык түшүнгөн юридикалык билимге ээ болгон 5 гана сурдокотормочу бар. Ошол эле убакта жогоруда аталган окутуучу курстар юридикалык терминологиянын спецификасын жана сот процесстеринин өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө мүмкүндүк берүүчү көндүмдөргө ээ болуу үчүн жетишсиз. Мындан тышкары, сурдокотормочулардын сот процесстеринде котормочу болууга мотивациянын жоктугунда да көйгөйлөр бар, анткени, алардын кызмат акылары бир кыйла төмөн – орточо эсеп менен 2,5 сааттык жумушу үчүн 1000 сомго чейин алышат, бул сурдокотормочулардын билимге жана тажрыйбага кетирген убакыттарын актабайт.

КРӨ 2021-жылдын 18-мартындагы №101-токтому менен бекитилген «Сурдокотормо боюнча кызмат көрсөтүүнүн жана сурдокотормочулардын кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөөнүн тартибинин» 25 пунктуна ылайык, сурдокотормо боюнча кызмат көрсөтүүчүнүн ишине мониторинг жүргүзүүчү **ыйгарым укуктуу орган**, ошондой эле анын аймактык бөлүмү тарабынан жүзөгө ашырылат. Пландуу мониторинг кварталда бир жолу жүргүзүлөт. Ал эми, пландан тышкаркы мониторинг кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөөчүсү берген арызга ылайык жүргүзүлөт. Сурдокотормо боюнча кызмат көрсөтүүчүнүн иши ыйгарым укуктуу орган менен сурдокотормо боюнча кызмат көрсөтүүчүнүн ортосундагы келишимде белгиленген талаптарга ылайык келүүгө тийиш.

Мониторинг жүргүзүү тартиби ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилет.

Ыйгарым укуктуу орган өзүнүн расмий сайтында, анын ичинде аймактык бөлүмдөрдүн имараттарында кулактандырууларды жайгаштыруу аркылуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары тууралуу, ошондой эле сурдокотормо кызмат көрсөтүүлөрүн пайдалануу мүмкүндүгү жөнүндө калкка туруктуу негизде маалымат берип турушу керек.

Бирок, Өкмөттүн жогоруда көрсөтүлгөн токтомунун сурдокотормо көрсөткөн кызматтары боюнча статистика жүргүзүү талабы, ушуга ыйгарым укук берилген орган тарабынан ушул убакытка чейин аткарылбай келет.

Кыргыз Республикасында И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети сурдопедагогдорду даярдоо боюнча жогорку окуу жайлардын бири болуп саналат.

Төмөнкү таблицада сурдопедагогика багыты боюнча окуп жаткандардын саны жөнүндө маалыматтар келтирилген.

| Багыты | 2021-2022-окуу жылы | 2022-2023-окуу жылы | 2023-2024-окуу жылы | Бардык жалпы саны |
|---|---|---|---|---|
| Сурдопедагогика | | | | |
| Контракт | 10 | - | - | 10 |
| Бюджет | 4 | - | 3 | 7 |
| Итого | 14 | - | 3 | 17 |

Берилген маалыматтарга ылайык, аз гана сандагы студенттер сурдокотормо даярдоо үчүн арналган, адистештирилген сабак боюнча окуудан өтүшөт. Натыйжада студенттер жалпы программа боюнча окушат, бул сурдокотормо жаатында

ийгиликтүү иштөө үчүн зарыл болгон негизги көндүмдөрдү өнүктүрүүнү кыйла татаалдаштырат.

***Майыптыгы бар адамдар үчүн токтотмо орундардын жеткиликтүүлүгү***

Изилдөөгө алынган сот жана укук коргоо органдарынын имараттарынын көпчүлүгүндө майыптыгы бар адамдар үчүн орду атайын белги коюлуп, бөлүп көрсөтүлгөн автоунаа токтой турчу токтотмо жайлар жок.

Ушул мониторингдин алкагында, майыптыгы бар адамдар үчүн токтотмо жайлардын жеткиликтүүлүгүн баалоо үчүн Акыйкатчы Институту шаарлардын мэрияларына, майыптыгы бар адамдар үчүн токтотмо орундардын саны жөнүндө маалымат берүү өтүнүчү менен суроо-талаптарды республиканын Бишкек, Ош, Жалал-Абад жана Чолпон-Ата ири шаарларына жиберген.

Жогоруда көрсөтүлгөн шаарлардын мэрияларынан алынган маалыматтар төмөнкүдөй:

- ✓ Бишкек шаары боюнча баардыгы автоунаа токтой турчу 3129 орунга эсептелген 47 муниципалдык токтотмо бар, майыптыгы бар адамдар үчүн токтотмо орундарынын эсеби жана статистикасы жүргүзүлбөйт;
- ✓ Ош шаары боюнча, 52 токтотмо бар, алардын ичинен 7 орун майыптыгы бар адамдарга арналган;
- ✓ Жалал-Абад шаары боюнча, 200 автоунаага эсептелген 6 муниципалдык токтотмо бар, аларда майыптыгы бар адамдар үчүн белгиленген токтотмо орун жок;
- ✓ Чолпон-Ата шаары боюнча, шаардын жолдорунда оңдоо иштери жүргүзүлүп жаткандыгына байланыштуу, баардык токтотмолор убактылуу алынып, майыптыгы бар адамдар үчүн, заманбап токтотмолорду коюу пландаштырылууда[11].

Майыптардын укуктары жөнүндө БУУ Конвенциясынын жана улуттук мыйзамдардын сот адилеттигине карата тең жеткиликтүүлүк үчүн майыптыгы бар адамдарга тиешелүү шарттарды түзүүнүн зарылдыгы жөнүндө талаптары толук өлчөмдө ишке ашырылбай келет, анткени, бул маселеге карата комплекстүү мамиле (майыптыгы бар адамдардын сот адилеттигине карата жеткиликтүүлүк укуктарын камсыз кылуу боюнча программалар, иш-чаралардын пландары) жок.

Акыйкатчы Институтунун мониторингинин жыйынтыктары сот органдарынын жана ишки иштер органдарынын имараттары, инфратүзүмү жана аларды зарыл болгон материалдар менен камсыз кылуу маселелери майыптыгы бар адамдар үчүн **95% жеткиликсиз** экенин көрсөттү.

## СУНУШТАР:

**КР Жогорку сотуна:**

1. Майыптыгы бар адамдар үчүн сот органдарынын имараттарынын жеткиликтүүлүктүлүгүн аныктоо үчүн кеңири инвентаризациялоону жүргүзүү менен бирге, тоскоолдорду четтетүү боюнча (пандустар, эшик босоголор, кармагычтар, сантүйүндөр, тактилдик белгилер жана көрсөткүчтөр ж. б) тиешелүү чараларды көрсүн.

2. Майыптыгы бар эксперттердин катышуусу менен майыптыгы бар адамдардын сот адилеттигине карата жеткиликтүүлүк укуктарын камсыз кылуу боюнча программа жана иш чаралардын планын иштеп чыксын.

[11] Чолпон-Ата ш., мэриясынын жообу, чыг. №01-8-2364, 05.11.2024-ж.

3. Угуу жана көрүү боюнча майыптыгы бар адамдарга соттук маалыматтардын жана документтердин жеткиликтүүгүн камсыз кылуу үчүн муктаждыгына ыңгайлуу форматтарын (көрмө белгилер, аудиоформаттар, Брайл шрифти ж. б.) иштеп чыгып, киргизсин.

**КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине:**

1. КРӨ 2021-жылдын 18-мартындагы №101 токтому менен бекитилген «Сурдокотормо боюнча кызмат көрсөтүүнүн жана сурдокотормочулардын кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөөнүн тартибинин» 25-пунктунун аткарылышын камсыз кылсын.

2. Калкты Кыргыз Республикасынын сотторунда жана башка мамлекеттик мекемелеринде сурдокотормо кызмат алуу укугу жөнүндө кабарландырууга багытталган маалыматтык иш-чараларды жүргүзсүн.

3. Сурдокотормо боюнча кызматтарды көрсөтүүгө келишимдерди түзүүдө, сурдокотормочу милдеттүү түрдө юридикалык терминдерди билүү талабы келишимде каралсын.

**КР Билим берүү жана илим министрлигине:**

Жогорку окуу жайларында юридикалык түшүнүгү бар сурдокотормочуларды даярдоо үчүн окутуучу түрүндөгү курстар адистештирилген билим берүү программаларын түзсүн.

**КР Ички иштер министрлигине:**

1. Майыптыгы бар адамдар үчүн ички иштер органдарынын имараттарынын жеткиликтүүлүктүлүгүн аныктоо үчүн кеңири инвентаризациялоону жүргүзүү менен бирге, тоскоолдуктарды четтетүү боюнча (пандустар, эшик босоголор, кармагычтар, сантүйүндөр, тактилдик белгилер жана көрсөткүчтөр ж. б) тиешелүү чараларды көрсүн.

2. Майыптыгы бар эксперттердин катышуусу менен майыптыгы бар адамдардын укуктарын камсыз кылуу жана коргоо боюнча программа жана иш-чаралардын планын иштеп чыксын.

3. Угуу жана көрүүсү боюнча майыптыгы бар адамдарга соттук маалыматтардын жана документтердин жеткиликтүүгүн камсыз кылуу үчүн муктаждыгына ыңгайлуу форматтарын (көрмө белгилер, аудиоформаттар, Брайл шрифти ж. б.) иштеп чыгып, киргизсин.

**Республиканын шаарларынын мэрияларына:**

1. Майыптыгы бар адамдар үчүн белгиленген муниципалдык автотоктотмо орундар боюнча эсеп жана статистика жүргүзсүн.

2. Соттордун жана ички иштер органдарынын имараттарына жакын жерлерге майыптыгы бар адамдар үчүн белгиленген токтотмо орундар каралсын.

## 7.2. Психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктары

### Психиатриялык жана психоневрологиялык мекемелердеги бейтаптардын жарандык паспорт менен камсыз кылууга укугу

Психикалык бузулуулары бар адамдардын саламаттыгын сактоонун укуктук, экономикалык, социалдык жана медициналык негиздери, кепилдиктери жана чаралары «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» КР Мыйзамы менен аныкталат.

Психикалык бузулуулар адамдардын саламаттыгына жана өмүрүнө олуттуу зыян келтирет, ал эми психикалык саламаттыкты сактоо тутумдары жана кызматтары алардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, алардын муктаждыктарын канаатандырууга багытталуусу тийиш. Адам укуктарын кемсинтүүсүз, натыйжалуу психиатриялык жардам көрсөтүү тутумун өнүктүрүү – саламаттыкты сактоонун жана мамлекеттин артыкчылыктуу милдети. Жардам көрсөтүү зарылдыгы келип чыкканда, ар тараптан көп функционалдуу мамиле кылуу талап кылынат, анткени психикалык бузулуусу бар адамдарга көпчүлүгү кызмат көрсөтүү жана колдоо, багуу талап кылынат.

КР 15 психиатриялык мекеме иштейт, алардын ичинен: 5 КР ССМ караштуу, 10 КР ЭСКММ тийиштүү жатак тибиндеги психоневрологиялык социалдык-стационардык мекемелер (ПССМ).

Акыйкатчы Институту 2024-жылы КР ЭСКММ караштуу 6 ПССМ жана 5 ССМ мониторинг жүргүзгөн, аларда майыптыгы жана психоневрологиялык оорулары бар 1911 улгайган жаштагы адамдар жашап турушат. Мониторингдин жүрүшүндө социалдык кызмат алуучулардын 150 өздүгүн тастыктоочу документтери жок экени аныкталган.

Иликтенген документтерден көрүнүп тургандай, бул адамдардын көпчүлүгү мекемелерге 1988-жылдан тартып 2013-жылга чейинки мезгилде келип түшкөн. Туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн жоктугу же каттоо кызматтарынын базаларында эч кандай маалыматтардын, жекече идентификациялык номердин (ПИН) болбогону, алар үчүн паспортторду жол-жоболоштуруу процессинде бир кыйла кыйынчылыктарды жаратат. Бул паспорт алуу жол-жобосун бир кыйла кечеңдетет, татаалдаштырат же таптакыр токтотот.

Өздүгүн тастыктоочу документтердин жоктугу, пенсиялык камсыздоо, майыптуулук боюнча жөлөкпулдарды алуу, шайлоолорго катышуу сыяктуу жана башка жарандык жана социалдык-экономикалык укуктарды ишке ашырууда тоскоолдуктарды жаратат. Мында социалдык мекемелердин кызмат алуучулары үчүн паспортту алмаштырууда же калыбына келтирүүдө жеңилдиктер каралган эмес, бул бир канча финансылык чыгымдарды талап кылат, алар көпчүлүк учурларда социалдык мекемелердин кызматкерлеринин жеке каражаттарынын эсебинен жабылат.

Көйгөйдүн олуттуулугу, оорчулугу, ошондой эле дарылоо-психиатриялык мекемелерден ПССМ которууда дагы өз кедергисин тийгизет, анткени бейтаптар документтерди калыбына келтирүү боюнча маселени өз алдынча чече алышпайт.

Институттун демилгеси менен 2024-жылы өздүгүн тастыктоочу документтери жок, дарылоо-психиатириялык жана ПССМ турган адамдарды документтештирүү тартибин жөндөө үчүн КР СӨМ алдында, курамы КР ЭСКММ, ККД, Акыйкатчы Институтунун өкүлдөрүнөн турган Мекемелер аралык жумушчу топ түзүлгөн.

2024-жылы 30 ашуун ССМ, ПССМ кызматын алуучулар документтер менен камсыз кылынды, Институттун аталган Мекемелер аралык жумушчу топтогу иштери уланууда.

## СУНУШТАР:

**КР Министрлер Кабинетине:**

ПССМ жана ССМ турган, кызмат алуучулар үчүн, акысыз негизде, өздүгүн тастыктоочу документтерди даярдоо жана жол-жоболоштуруу маселесин карасын.

**Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине**: ПССМ жана ССМ кызмат алуучулар үчүн өздүгүн тастыктоочу документтерди берүүнүн жөнөкөйлөштүрүлгөн тартибин иштеп чыксын.

### Психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктары

Психикалык оорулардан жабыркаган же акыл-эс саламаттыгынан улам абакта кармоого болбогон адамдар, атайын мекемелерде, б. а. саламаттыкты сактоо мекемелеринде кармалышы керек. Бул КР КЖК мазмунуна туура келет, анда аларды өз иш-аракеттеринин иш жүзүндөгү мазмунун жана коомдук коркунучтуулугун аңдап-түшүнүү жана аларды башкаруу жөндөмдүүлүктөрүнөн айрылган, өнөкөт психикалык бузулуу менен ооруп калган соттолгондорду жаза өтөөдөн бошотуу жана аларга карата медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу маселелерин чечүү жөнгө салынган.

Кыргыз Республикасында медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларына кириптер болгондор Чым-Коргон а. (Чүй облусу) жана Кызыл-Жар а. (Жалал-Абад облусу) жайгашкан республикалык психиатриялык ооруканаларда кармалып турушат. 2024-ж., декабрь айына карата абал боюнча Чым-Коргон а. РПО – 63, Кызыл-Жар а., РПО – 89 пациент кармалып турат.

2024-ж., Акыйкатчы Институту ушул мекемелердеги бейтаптардын укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзгөн.

КР ССМ 12.09.2014-ж. № 521 буйругу менен бекитилген «Стационардык психиатриялык жардам көрсөтүүчү, катуу режимдеги байкоодогу мажбурлап дарылоо бөлүмдөрүнө жайгаштыруунун, кармоонун жана чыгаруунун тартиби жөнүндө» Нускамага ылайык, адистештирилген бөлүмдү кайтарууну жана коопсуз иштешин уюштурууну камсыз кылууну КР ЮМ караштуу ЖАК жүзөгө ашырат.

Бирок, мониторингдин жүрүшүндө Чым-Коргон РПО кайтаруу ыйгарым укуктуу орган тарабынан жүзөгө ашырылбаганы аныталган, мында кайтарууну пенсия курагындагы санитар-аялдар жүзөгө ашырууга мажбур болушууда. Мында видео байкоо тутуму дагы жок. РПО коомго каршы өзгөчө коркунучтуу жосундарды жасаган адамдар да кармалып турганын эстен чыгарбоо зарыл. Жыл сайын мажбурлап дарылоодо турган адамдардын качкан учурлары дагы катталган, бул медициналык кызматкерлерге жана коомго олуттуу коркунуч келтирээри анык. Алып айтканда, 2023-жылы мындай качуунун – 2 учуру, ал эми 2024-жылы – 12 учуру катталган.

Кызыл-Жар РПО мекемесин кайтаруу РПО (Кызыл-Жар а.) жана Таш-Көмүр ш., КР ИИМ КК түштүк башкармалыгы менен ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык «Охрана» кызматы камсыз кылаарын белгилеп коюу керек.

Акыйкатчы Институту КР Министрлер Кабинетине Чым-Коргон РПО кайтаруу зонасын түзүү жөнүндө кайрылган. КР ССМ маалыматы боюнча адистештирилген бөлүмдөрдү оңдоо жана коопсуздук тутумун (дубалдар, тикенек зымдар, видео байкоо ж. б.) камсыз кылуу үчүн зарыл болгон эсеп-кысаптардын абалын баалоо үчүн, КР ССМ жана КР ЮМ караштуу ЖАК өкүлдөрүнөн турган курамдагы жумушчу топ түзүлгөн. Жумушчу топ аталган мекемеге барып, көрсөтүлгөн чөйрөдө колдонуудагы ченемдик укуктук актылардын укуктук талдоосу жүзөгө ашырылды. Бирок, мажбурлап дарылоо мекемесин кайтарууну уюштуруу маселеси ушул күнгө чейин ачык бойдон калууда.

Көрсөтүлгөн мекемелердеги мониторингдин жүрүшүндө Акыйкатчы Институту тарабынан республика боюнча тергөөдөгү адамдардын соттук-психиатриялык экспертизасы да Кызыл-Жар РПО 15 керебетке эсептелген бөлүмүндө жүргүзүлөөрү аныкталган. РПО барууга кыйын жерде жайгашканы, камакта жаткан тергөөдөгү адамдарды ага жеткирүү бир кыйла транспорттук жана финансылык кыйынчылыктарды жаратат.

Акыркы эки жылда соттук-психиатриялык экспертизаларды жүргүзүүгө суроо-талаптар эки эседен ашкан (2022-ж. – 1951, 2023-ж. – 2602, 2024-ж. – 4748).

Мурда Чым-Коргон РПО Бишкек ш. жана республиканын түндүк аймагындагы тергөөдөгүлөр үчүн соттук-психиатриялык экспертиза бөлүмү иштеп турганын белгилей кетүү зарыл. Куралдуу кайтаруу алынып салынганы үчүн, КР ИИМ 2009-ж., 1-сентябрдагы буйругунун негизинде бул бөлүм жоюлган. Ошол убакыттан бери бардык облустардагы тергөөдөгү адамдар үчүн соттук-психиатриялык экспертизалар Кызыл-Жар РПО жүргүзүлөт.

## СУНУШТАР:

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:**

1. Чым-Коргон РПО аймагында кайтаруу чөлкөмүн уюштуруу боюнча чараларды көрсүн.
2. Бишкек ш. жана Чүй облусунда соттук-психиатриялык экспертизалар бөлүмүн ачууну камсыз кылсын.

## 7.3. Мигранттардын укуктары

Мамлекеттик жана коомдук институттар тарабынан калктын миграциясын жөнгө салуу үчүн пайдаланылуучу чаралардын комплекси эл аралык келишимдерге, улуттук мыйзамдарга, өкмөттүн жана ыйгарым укуктуу органдардын чечимдерине негизделет.

Миграциялык процесстерди жана миграциялык мамилелерди жөнгө салуу системдүү мүнөзгө ээ жана миграция чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдү жана аларды чечүү жолдорун чагылдырат.

Акыйкатчы Институту 2024-жылы КМШ мейкиндигиндеги мигранттардын укуктары жаатындагы ченемдик укуктук актылардын талдоосун жүргүздү. Талдоо, Россияга Кыргызстандан барган мигранттардын негизги көйгөйлөрү мурдагыдай эле каттоо, медициналык камсыздандыруу, өлкөгө кирүүгө чектөөлөр жана эмгек укуктарын бузуулар экенин көрсөттү. КМШ өлкөлөрүндөгү мигранттардын укуктук статустары жана миграциялык мыйзамдарды колдонуу практикасы жана ушул чөйрөдөгү актуалдуу көйгөйлөр изилденди.

Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин адам укуктары боюнча Комиссиясынын мүчөлөрү болуп саналган, КМШ катышкан-өлкөлөрдүн мамлекеттик миграциялык саясаттарынын айрым өңүттөрүн жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды талдоо жарандардын жана чет өлкөлүк жарандардын теңдигине, мигранттардын эмгек укуктарын сактоого, мигранттардын социалдык жана маданий адаптациясын жана интеграциясын калыптандырууга багытталган миграциялык процесстерди оптималдаштырууда мамлекеттик түзүмдөрдүн коомдун жарандык институттары менен болгон өз ара аракеттеринин маанилүүлүгүн көрсөттү.

2024-жылдын 27-июнунда РФ Санкт-Петербург ш., Эл аралык юридикалык форумдун алкагында КМШ адам укуктары боюнча Комиссиясынын II отуруму болуп өттү. Анда КР Акыйкатчысы эмгек мигранттарынын укуктарын коргоо жана бул чөйрөдөгү КМШ өлкөлөрүнүн мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча сунуштарын ортого салды.

КР Акыйкатчысы Россиядагы адам укуктары боюнча Ыйгарым укуктуусу Т. Москалькова менен биргеликте 28-июнда КР эмгекчи-мигрант жарандарын кабыл алууну өткөрдү. Кабыл алууга Санкт-Петербург ш., КР Башкы консулу, РФ Ыйгарым укуктуусунун жана Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери катышышты.

Кыргызстандан барган мигранттар миграциялык каттоого алуудагы жана каттоону жол-жоболоштуруудагы тоскоолдуктар, анын натыйжасында жеке менчик уюмдарга кайрылууга аргасыз болуп – ортомчулар каттоону жол-жоболоо үчүн өзүнчө төлөм алып жатышканы жөнүндө маселелерди көтөрүштү. Медициналык күбөлөндүрүү үчүн мигранттар «бирдиктүү терезе» принциби боюнча иштеген жеке менчик уюмдарга кайрылууга аргасыз. Пенитенциардык мекемелерде кармалып турган кыргызстандыктар медициналык жардамдарды алууда кыйынчылыктарга дуушар болушат.

Көптөгөн маселелер РФ адам укуктары боюнча Ыйгарым укуктуусунун көмөктөшүүсү алдында, РФ мамлекеттик органдары тарабынан жеринде чечилди, көзөмөлгө коюлду, арыздар кароого кабыл алынды. Акыйкатчы Институту тарабынан мындай иш-тажрыйба улантылмакчы. Ушул иш-чара орун алган көйгөйлөрдү аныктоо жана чечүү үчүн жекече баарлашуу мүмкүнчүлүгүн берген мындай кабыл алуулардын маанилүүлүгүн баса көрсөттү.

## СУНУШТАР:

**КР Тышкы иштер министрлигине:**

Мигранттардын укуктарын коргоо маселелери боюнча КР дипломатиялык өкүлчүлүктөрү менен РФ субъекттериндеги адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуулардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнү жолго салуу маселесин карасын.

**КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине:**

Кабыл алуучу өлкөлөрдүн миграциялык мыйзамдарындагы өзгөрүүлөрдү үзгүлтүксүз байкоого алсын жана эмгек миграциясына чыгып кетип жаткан КР жарандарын өз убагында кабарландырып турсун.

### Башпаанек издеген адамдардын, качкындардын жана жарандыгы жок адамдардын укуктарынын сакталышы

КР Конституциясына ылайык «Кыргыз Республикасы саясий себептер боюнча, ошондой эле адам укуктарын жана эркиндиктерин бузуу жүйөсү менен куугунтукталган чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга эл аралык милдеттенмелерге ылайык саясий башпаанек берет».

Адамды качкын деп таануу жөнүндө чечим качкын статусун берүү жөнүндө өтүнүч катталган күндөн тартып алты айдын ичинде, ыйгарым укуктуу орган тарабынан кабыл алынат. Эгерде адамдын ким экендигин же текшерүүнү талап кылган айрым фактыларды аныктоо бүтпөсө, акыркы чечим чыгаруу алар аныкталганга чейин кийинкиге калтырылат, бирок ал мөөнөт Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан чечимдер кабыл алынган учурларды кошпогондо бир жылдан ашпайт.

Ошентип, качкын статусун аныктоо жол-жобосу узак мөөнөттү ээлейт, мында аларга мамлекет тарабынан финансылык да, социалдык да жардамдар көрсөтүлбөйт.

Качкындардын, ошондой эле башпаанек издеген адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо Акыйкатчы Институтунун ишинин багыттарынын бири болуп саналат.

Ошентип, 2024-жылы Акыйкатчы Институту Борбордук Азия боюнча БУУ качкындар боюнча агенттигинин КР Тышкы иштер министрлиги аркылуу жиберилген 6 нотасын караган. Алардын ичинен 4 - башпаанек издеген адамдарга качкын

статусун берүү боюнча, 2 - мыйзам долбоорлору боюнча (КР КЖПК, «КР жарандыгы жөнүндө» КР Мыйзамы).

КР ЭСКММ берген маалыматына ылайык, КР аймагында турган качкындардын саны 2024-ж. карата 150 кишини түзгөн.

Акыркы үч жылда КР башпаанек издеген адамдардын санынын динамикасы:

| 2022-жыл | 2023-жыл | 2024-жыл |
|---|---|---|
| 670 | 1206 | 1883 |

Эл аралык укуктун адамдарды алардын өмүрүнө коркунуч келүүчү өлкөлөргө мажбурлап кайра кайтарууга тыюу салган принциптерине карабастан, депортациялоо жана экстрадициялоо тобокелдиктери бар.

«Качкындар жөнүндө» КР Мыйзамынын 4-беренесине ылайык, качкын статусун берүү жөнүндө расмий өтүнүч билдирген адамга мындай өтүнүч берүүгө чыныгы мүмкүнчүлүк камсыз кылынышы керек. Бирок, жабык мекемелерде кармалып турган чет өлкөлүк жарандардын көпчүлүгүнүн мындай мүмкүнчүлүктөрү жок. Чет өлкөлүк жарандар ыйгарым укуктуу органга качкын деп таануу жөнүндө өтүнүч менен кайрылган, бирок ыйгарым укуктуу органдын өкүлдөрү жабык мекемелердин тартибине байланыштуу каттоо жүргүзө албаган учурлар белгилүү.

## СУНУШТАР:

**КР Министрлер Кабинетине**:

Ыйгарым укуктуу органга, адамдын КР аймагында башпаанек берүү жөнүндө өтүнүчүн каттоо үчүн, КЖПК камакта кармоо жайларына токтоосуз жеткиликтүүлүк берүү каралган өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорун демилгелесин.

## 7.4. Аскер кызматчыларынын укугу

Жалпыга бирдей аскердик милдети Кыргыз Республикасынын жаранынын Ата мекенди коргоо боюнча конституциялык парызы жана милдети болуп саналат.

«Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык, КР Акыйкатчысы Куралдуу күчтөрдүн пайдалануусундагы бардык объекттерге жеткиликтүүлүккө ээ. Акыйкатчы Институту мөөнөттүү кызматтын аскер кызматчыларынын укуктарын коргоо боюнча жумушту туруктуу негизде алып барат.

Институт тарабынан 2024-жылы жоокерлердин, офицерлердин жана прапорщиктердин арасында өз ара уставдык эмес мамилелер фактыларына жол бербөө боюнча мөөнөттүк кызматтагы аскер кызматчыларынын укуктарынын сакталашына мониторингдин алкагында КР КМ Аламүдүн районунун Беш-Күңгөй а. жана Ош шаарында жайгашкан аскер госпиталдарына чыгып баруулар болгон.

Мониторингдин жүрүшүндө Аскер госпиталына 2024-жылы 1443 аскер кызматчысы кайрылганы аныкталган, алардын 412 (28%) мөөнөттүү кызматтын аскер кызматчылары болгон. Ошол эле убакта 2023-жылы алардын саны 2160 аскер кызматчысын түзгөн, алардын 663 (31%) – мөөнөттүк кызматтагы аскер кызматчылары болгон.

412 мөөнөттүк кызматтагы аскер кызматчыларынын ичинен 239 ар түрдүү соматикалык оорулар менен келип түшкөн. Мунун себептеринин бири Аскердик-дарыгерлик комиссия (АДК) тарабынан табылбаган, аскерге чакырылганга чейин болгон өнөкөт жана башка оорулардын, дене бойлук оорчулуктардан улам козголушу болуп саналат. Госпиталдын маалыматтарында көрүнүп тургандай, УҮИ аппараттарынын жоктугуна байланыштуу АДК аскерге чакырылуучулардын ички органдарын текшерүүлөрдү жүзөгө ашырбайт.

КР КМ Ош ш. аскер госпиталына (34594 а\б) 2024-жылы медициналык жардам көрсөтүү үчүн – 897 аскер кызматчысы кайрылган, алардын ичинен 355 мөөнөттүк кызматтагы аскер кызматчылары, мында 2023-жылы кайрылгандардын саны 676 түзгөн, алардын ичинен – 178 мөөнөттүк кызматтагы аскер кызматчылары болушкан.

| | **Беш-Күңгөй а.** | | **Ош ш.** | |
|---|---|---|---|---|
| | 2023-ж. | 2024-ж. | 2023-ж. | 2024-ж. |
| **Бардык кайрылгандар аскер кызматчылары** | **663** | **412** | **676** | **897** |
| Бөйрөк оорулары | 37 | 37 | | |
| Варикоцеле | 87 | 96 | | |
| Соматикалык оорулар | | | 177 | 346 |

*Мисал үчүн, 2024-жылы 4-декабрда Аскер госпиталына (44549 а\б, Беш Күнгөй а.) катардагы мөөнөттүк кызматтагы аскер кызматчысы келип түшкөн, АДК тарабынан анын аскерге чакырылганга чейин бронхиалдык астма оорусу бар экени табылган эмес. Узак аралыкка чуркоонун убагында ал жыгылып, думуга баштаган. Анын оорусу УҮИ аппаратынын жоктугунан аныкталган эмес. Ооруканада дарылануусу аяктагандан кийин аскердик кызматка жарактуулугун аныктоо үчүн АДК өтүүгө жиберилген.*

КР КК аскер бөлүктөрүндө жана мекемелеринде жүргүзүлгөн мониторингдер көрсөткөндөй, аскер кызматчыларынын жаракат алган учурлары токтобой келе жатат. Госпиталга буту, колдорунун ар түрдүү жаракаттары, сынган кабыргалар, айрым жаракаттуу контузиялар ж.б. менен мөөнөттүк кызматтагы катардагы жоокерлери түшүүдө. Натыйжада Аскер прокуратурасына 71 кабарлама жөнөтүлгөн.

Бишкек гарнизонунун Аскер прокуратурасы жогорудагы учурларды текшерип, 16 учур боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тарткан, алардын ичинен –14 кылмыштын курамы жоктугуна байланыштуу; 2 – жабырлануучунун арызы жоктугунан улам.

Балыкчы гарнизонунун Аскер прокуратурасы тарабынан 2 учур каралган, алардын ичинен: биринчиси боюнча – жабырлануучунун айыптоону колдобогондугунан улам кылмыш ишин козгоодон баш тартылган, экинчиси боюнча – 20636 а\б взод командирине (Балыкчы ш.) карата КР КЖК 337-бер., боюнча кылмыш иши козголгон (кызмат адамы тарабынан өз кызмат абалын кызматтын кызыкчылыктарына каршы пайдалануусу, атайылап же этиятсыздыктан олуттуу зыян келтирүүсү). 20 учур боюнча Аскер прокуратурасы тарабынан аскер бөлүктөрүнүн командирлери менен аскердик уставдын бузулушуна жол бербөө жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн.

Ош шаардык Аскер прокуратурасы тарабынан дене жаракаттарынын 33 учуру катталган. 32 учур боюнча алдын ала текшерүүлөрдүн натыйжаларында КР КЖПК 27-бер. 1-бөл. ылайык, кылмыш ишин козгоодон баш тартуу тууралуу чечим кабыл

алынган, бир учурда – КР КЖК 128-беренесинин 2-бөл. жана 338-бер. 1-бөл. боюнча кылмыш иши козголуп, сотко жөнөтүлгөн.

2024-жылы КР ССМ караштуу психиатриялык мекемелерине мөөнөттүк кызматтагы 10 аскер кызматчысы келип түшкөн, алардын ичинен – 8 Бишкек шаарындагы РПНБ, 2 – Ош шаарындагы ОПНБ келип түшкөнүн белгилеп коюу керек. Бул учурлардын жалпы себептери окшош - аскердик кызматка кирүү менен байланышкан физикалык жана психологиялык чөйрөнүн олуттуу өзгөрүүлөрүнөн келип чыккан стресстик бузулуулар, травмадан кийинки стресстик бузулуулар, депрессия жана тынчсыздануу.

Стресстик бузулуулардын негизги факторлорунун ичинен төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот: уставдык эмес мамилелер, башкаруунун катаал командалык ыңгайы, жеке мейкиндиктин чектелиши жана көнүмүш жашоонун кескин өзгөрүшү. Бул шарттар мындай жашоо ыңгайына көнбөгөн жаш адамдар үчүн өзгөчө оор болот, бул психикалык бузулууларга, айнууларга жана чүнчүүгө алып келет.

Көпчүлүк аскер кызматчыларына коюлган дарт – курч полиморфдук психотикалык бузулуу (МКБ F-23.0). Мындай бузулуу психоздун тез өрчүшү менен мүнөздөлөт, ал өзүнө ар нерселердин көзгө көрүнүүсүн, ашкеби ойлорду жана ойлонуунун бузулушун камтып, ошондой эле жүрүм-турумдун чаржайыттыгына алып келет. Мындай бузулуулар психоэмоционалдык жатыркоо жана ашыкча оорчулуктар менен коштолот, ал эми бул аскер кызматчыларынын психологиялык даярдыктарынын жана психикалык саламаттыктарынын мониторингинин маанилүүлүгүн бышыктайт. Мындай учурларды болтурбоо үчүн кызматтын башталышынан тартып аскер кызматчыларынын психикалык саламаттыгына өзгөчө көңүл буруу зарыл.

*Акыйкатчы Институтуна жабырланган аскер кызматчысынын (20636 а\б) энеси, анын уулун «АК-74» автоматынын кундагы менен үч ирээт уруп жиберген взводдун командири, ага лейтенент Н. У. катаал мамилесин айтып кайрылган, ошондон улам ал КР ССМ Улуттук ооруканасынын Ангиневрология бөлүмүнө жаткырылган.*

*Мөөнөттүк кызматтагы катардагы жоокердин укуктарын коргоо жана тийиштүү чараларды көрүү максатында, Акыйкатчы Институту КР БП жана КР КМ кайрылган. Балыкчы гарнизонунун Аскер прокуратурасынын текшерүүлөрүнүн жыйынтыгы боюнча соттун өкүмү менен, взводдун командири 500 миң сом өлчөмүндө айып пул төлөөгө кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылган.*

Аскердик тартиптин абалына жүргүзүлгөн талдоо, аскер бөлүктөрүндөгү жооптуу адамдар уставдык эмес мамилелерге жана жаракат алууларга алып келүүчү аскердик тартипти бузуу учурларынын алдын алуу, эскертүү жана жол бербөө боюнча өз милдеттерин талаптагыдай аткарышпаганын көрсөттү. Өткөрүлгөн жолугушуулардын жана аңгемелешүүлөрдүн жүрүшүндө аскер кызматчыларынын КР Куралдуу күчтөрүнүн катарында кызмат өтөөнүн тартибин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын талаптарын жетиштүү деңгээлде билишпегени ашкереленди.

Мамлекет аскер кызматчыларына укуктук жана социалдык коргоону кепилдейт, өмүрүн жана саламаттыгын коргоону, ошондой эле аскер кызматынын мүнөзүнө жана анын коомдогу ролуна ылайык турмуш-тиричилик жана иштөө шарттарын түзүүгө багытталган башка чараларды жүзөгө ашырат.

Акыйкатчы Институтуна «Аскер кызматчыларынын статусу жөнүндө» КР Мыйзамында белгиленген социалдык кепилдиктерди ишке ашырууга көмөк көрсөтүү тууралуу кайрылуулар келип түшөт. Көрсөтүлгөн Мыйзамдын 12-бер. ылайык, аскер кызматчыларына кызмат өтөгөн жери боюнча КР Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте турак жайга акы төлөө же жекече турак жай курууга, жеке турак үй

(квартира) сатып алууга финансы-кредит мекемелеринен алынган кредит боюнча карыздарын төлөөдө 15 календардык жыл ичинде аскер кызматын кынтыксыз жана үзгүлтүксүз өтөгөндөргө – 50 пайыз өлчөмүндө, 20 календардык жыл же андан ашык иштегендерге – 100 пайыз өлчөмүндө акысыз финансылык жардам көрсөтүлөт.

*Ошентип, Акыйкатчы Институту КР УКМК Чек ара кызматынын ардагери М. А. М. турак жай курулушуна алынган мамлекеттик ипотекалык кредит боюнча карызын жоюуга көмөк көрсөтүү тууралуу арызын кароодо, «Аскер кызматчыларынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 12-бер., ишке ашыруу механизми мыйзамдарда ушул убакка чейин аныкталбаганын белгилеген. Институт М. А. М. кайрылуусун кароонун натыйжалары боюнча КР Министрлер Кабинетине зарыл ЧУА кабыл алуу жөнүндө кат жиберген.*

*Акыйкатчы Институту тарабынан КР ЮМ караштуу ЖАК ардагери, жаран Дж. Т. кайрылуусун кароодо, Бишкек ш. мэриясы жазык-аткаруу тутумунун мекемелеринен жана органдарынан пенсияга чыгуу укугу менен, 20 жыл (жеңилдетилген эсептөөдө) жана андан ашык стажы бар бошотулган кызматкерлери үчүн, ошондой эле алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн коомдук транспортто бекер жүрүүгө укугу белгиленген «Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумунун органдары жана мекемелери жөнүндө» КР Мыйзамынын 35 жана 36-беренелеринин талаптары аткарылбай жатканы аныкталган.*

*Кайрылууну кароонун натыйжасында Бишкек ш., Мэриясынын Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдөрдү өнүктүрүү департаменти азыркы убакта аскер түзүмдөрүнүн пенсионерлерине субсидияларды аныктоо үчүн финансылык-экономикалык эсептөөлөрдү жүргүзүүдө.*

*Мындан тышкары, Акыйкатчы Институтунун КР БП кайрылуусунун негизинде, Бишкек ш. Ленин райондук прокуратурасы ченемдик укуктук актыларды бузууларды четтетүү тууралуу сунуштама киргизген. Бишкек ш., Мэриясы КР Президентинин Администрациясына күч түзүмдөрүнүн пенсионерлерине муниципалдык транспортто жүрүүлөрүнө жеңилдиктерди берүүдөгү чыгымдарды компенсациялоо үчүн республикалык бюджеттин каражаттарынан финансылык каражаттарды бөлүп берүү жөнүндө кайрылган.*

*Ошондой эле, күч түзүмдөрүнүн пенсионерлери А. М., Т. Дж. жана Э. А. аскер кызматчыларынын пенсиясын көбөйтүү тууралуу кайрылууларын карообо байланыштуу, Институт КР ПА кайрылган, анда азыркы убакта КР Президентинин тийиштүү Жарлыгынын долбоору иштелип жатканы билдирилген.*

## СУНУШТАР:

**КР Министрлер Кабинетине:**

1. «Аскер кызматчыларынын статусу жөнүндө» КР Мыйзамынын 12-беренесинин талаптарын ишке ашыруу боюнча жеке турак жай курууга, жеке турак үй (батир) сатып алууга алынган финансылык-кредиттик мекемелердин кредити боюнча карыздарды жоюуга акысыз финансылык жардам көрсөтүү боюнча чараларды көрсүн.

2. Аскер кызматчыларынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн коомдук транспортто бекер жүрүүгө укуктары каралган «Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумунун органдары жана мекемелери жөнүндө» КР Мыйзамынын 35, 36-беренелеринин талаптарын аткаруу боюнча чараларды көрсүн.

**КР Коргоо министрлигине:**

1. Аскерге чакырылуучулардын соматикалык жана өнөкөт ооруларын аныктоо үчүн АДКны тиешелүү медициналык жабдуулар менен камсыз кылсын.
2. Аскер бөлүктөрүнүн жана бөлүкчөлөрүнүн штаттык ырааттамасына психологдун бирдигин киргизсин.

**КР Аскер прокуратурасына:**

1. Куралдуу күчтөрдүн аскер бөлүктөрүндө мыйзамдуулуктун сакталышын көзөмөлгө алуу боюнча ишти, анын ичинде аскер кызматчыларынын арасында уставдык эмес мамилелердин жана аскердик тартипти бузуунун башка учурларын алдын алуу боюнча жумушту күчөтсүн.
2. Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин адистерин тартуу менен, Стамбул протоколунун принциптерине ылайык, ар бир жаракат келтирүү, майып кылуу жана аскер кызматчыларынын өлүмү менен байланышкан оор окуяларды дыкат териштирүүнү жүргүзсүн.

**№1 Тиркеме**

**2024-жылы жарандардын укуктарын бузган жана КР Акыйкатчысынын сунуштамаларын аткарбаган мамлекеттик органдардын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана алардын кызмат адамдарынын тизмеги**

| № | Мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын, ишкананын, мекеменин, уюмдун аталышы | Кызмат адамынын Ф.А.Ж., ээлеген кызмат орду | Адамдын бузулган укуктары жана эркиндиктери, ченемдик укуктук актылар (беренелер, жоболор) | Акыйкатчы Институту көргөн чаралар | Көрүлгөн чаралар боюнча натыйжалар (бузууларды жоюу, жоопкерчиликке тартуу ж.б.) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | КР Судьялар кеңеши | КР Судьялар кеңешинин мүчөлөрү<br><br>КР ЖС Соттук коллегиясы | Апелляциялык даттанууну кароодо «Тынч чогулуштар жөнүндө» КР Мыйзамынын 14-бер. 6-бөл. жоболору бузулган. | КР Судьялар кеңешине Көңүл буруу актысы жолдонгон, 11.05.2024-ж. чыг. № 11-36 | Судьялар кеңешинин 28.07.2024-ж. №02-257/05-24 чечими менен Көңүл буруу акты канааттандыруудан баш тартылган. |
| 2 | Бишкек шаардык соту,<br><br>Бишкек ш. Биринчи Май райондук соту | Бишкек шаардык сотунун төрагасы А.Калыбаев, Бишкек ш. Биринчи Май райондук сотунун төрагасы Н.Эсеналиев | Апелляциялык даттанууну кароодо КР «Тынч чогулуштар жөнүндө» Мыйзамынын 14-бер. 6-бөл. жоболору бузулган. | КР Судьялар кеңешине Көңүл буруу актысы жолдонгон, 23.07.2024-ж. чыг.№11/62 | Судьялар кеңешинин 15.11.2024-ж. чечими менен Судьяны тартип жоопкерчилигине тартуу жөнүндө Көңүл буруу акты канааттандыруудан баш тартылган. |
| 3 | КР Башкы прокуратурасы | | КР «Качкындар жөнүндө» Мыйзамынын 4-бер. талаптарын бузулган.<br>РФ жараны А.С. качкын статусун берүүгө өтүнүчүн кароо аяктаган учурга чейин КР чегинен тышкары чыгарып салынган. | КР Башкы прокуратурасы на Көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн 15.03.2024 чыг.№11/310 | Алынган жоопко ылайык, адам укуктарын бузуу жоктугуна байланыштуу Көңүл буруу акты эске алынган эмес. (№07-2/969, 26.03.2024-ж.). |
| 4 | КР Өзгөчө кырдаалдар министрлиги | | КР Өкмөтүнүн 15.11.2021-ж. №262 токтому менен бекитилген КР “Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жөнүндө” жобонун 11-п. 3-пунктчасы бузулган. | КР ӨКМ Көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн, 29.08.2024-ж. чыг.№ 11/1093 | Министрлик маңызы боюнча жооп бербей, конкреттүү аракеттер көрүлгөн эмес. (12.09.2024-ж. №02-6/7621) |
| 5 | «Алтын Уя» балдар мекемеси, Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Новопокровка айылы | Балдар мекемесинин директору М.Тагаев | «Акыйкатчы жөнүндө» КР Мыйзамынын 8-бер. талаптары бузулган. «Алтын Уя» мекемесинин жетекчилиги тоскоолдук кылгандыгына байланыштуу | КР Башкы прокуратурасы на Көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн, 09.10.2024-ж. чыг. № 1/1316 | КР Башкы прокуратурасынын жообуна ылайык, «Алтын Уя» мекемесинин жеке менчик болгонунан улам текшерүү жүргүзүлгөн эмес, жетекчилиги |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Акыйкатчы Институту мониторинг жүргүзүүгө мүмкүн болгон жок. | | жоопкерчиликке тартылган жок.<br>(04.11.2024-ж. чыг.№11/262-24) |
| 6 | КР Судьялар кеңеши | КР Судьялар кеңешинин мүчөлөрү<br><br>Судья Э.Р. Раимкулов | КР КЖПК 312-бер. 1-бөл. талаптары аткарылган эмес, КР Судьяларынын ар-намыс кодексинин 5-бер. талаптары бузулган. | КР Судьялар кеңешине тартиптик өндүрүшүн козгоо жөнүндө сунуштама жөнөтүлгөн, 12.04.2024-ж. чыг.№ 8/458 | КР Судьялар кеңешинин 28.06.2024-ж. чечими менен судьяны тартиптик жоопкерчилигине тартуу жөнүндө Көңүл буруу акты канааттандыруудан баш тартылган. |
| 7 | КР Судьялар кеңеши | КР Судьялар кеңешинин мүчөлөрү Судья Л.А. Байдаева | КР КЖПК 441-бер. 5-бөл. бузуу (сот адилеттигин жүзөгө ашырууда мыйзамдуулукту бузуу). Жогору турган инстанциядагы соттордун буйруктарын аткарбоо | КР Судьялар кеңешине тартиптик өндүрүшүн козгоо жөнүндө сунуштама жөнөтүлгөн, 20.04.2024-ж. чыг.№ 8/207 | КР Судьялар кеңешинин Тартиптик комиссиясынын корутундусунда сөгүш түрүндө жаза колдонуу сунушталган, бирок Судьялар кеңеши сунушту канааттандыруудан баш тарткан (КР Судьялар кеңешинин 2024-жылдын 28-июнундагы №02-737/12-23 чечими) |
| 8 | Чүй облусунун Кемин шаарындагы № 1 Кургак учук менен ооругандарга паллиативдик жардам Республикалык кургак учукка каршы ооруканасы | Ооруказнанын директору Абдувалиев Б.К. | КР «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» Мыйзамынын 9, 114-бер. бузулган. | КР Саламаттык сактоо министрлигине Көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн, 27.06.2024ж. чыг.№8/840 | Министрлик тарабынан Көңүл буруу актыга олуттуу жооп берген эмес жана эч кандай чара көргөн эмес. |
| 9 | Жалал-Абад облусунун Сузак РИИБ | РИИБ начальнигинин орун басары А.Аттокуров,<br><br>УКЖ улук инспектору Э.Салиев | КР «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» Мыйзамынын 22-бер. талабы бузулган. | Жалал-Абад облустук ИИБ Көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн, 12.01.2024-ж. чыг.№65/23 | Кызматтык иликтөөнүн жыйынтыгында Жалал-Абад облусунун ички иштер башкармалыгы тарабынан көзөмөлдү күчөтүү тапшырмасы берилип, көзөмөл жүргүзүү жана мыйзам бузууларды четтетүү жана алардын кайталанбашы боюнча чараларды көрүү зарылчылыгы боюнча кеңешме өткөрүү менен чектелип, тартиптик чаралар көрүлгөн эмес. |
| 10 | Ош шаарынын мэриясы | Ош шаарынын мэри Б.Жетигенов | КР «Ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамынын 33, 34, 37, 40, 43, 44 жана 45-бер. бузулган. | Ош шаардык мэриясына сунуштама жөнөтүлгөн, 16.10.2024-ж. чыг.№66/794 | Ош шаардык мэриясы тарабынан жооп берилбей, «Асман» маданий-агартуу борборунда мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга шарт түзүү иштери жүргүзүлгөн эмес. |

**№2 Тиркеме**

**2024-жылы жарандардын укуктарын бузган, КР Акыйкатчысынын сунуштамаларын аткарган мамлекеттик органдардын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана алардын кызмат адамдарынын тизмеги**

**№3 Тиркеме**

## КР Акыйкатчы Институтунун 2024-жылга бюджеттик сметасынын аткарылышы жөнүндө отчету

к приказу Министерства финансов КР
Приказ №137 от 25 декабря 2018 г.

**Форма 2. Отчет об исполнении сметы расходов по бюджетным средствам**

Учреждение: **4402011101000268 - Аппарат Омбудсмена (Акыйкатчы) Кыргызской Республики**

Отчетная дата: на 01.01.2025 г

Отчетный период: **2024 год (Годовой)**

Единица измерения:(сом)

Классификация ведомственная: '21110'

Классификация функциональная: 70337

| Показатели | Коды статей и элементов | Утверждено по смете на год | Уточнено по смете на отчетный | Кассовые расходы | Фактические расходы | Обязательства и контракты |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **РАСХОДЫ** | | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0** | **0** |
| **Заработная плата** | **2111** | **83 603 900** | **79 703 900** | **77 753 007** | **77 753 007** | **0** |
| Основная заработная плата | 21111100 | | | 29 216 983 | 29 216 983 | 0 |
| Надбавки | 21111200 | | | 20 772 689 | 20 772 689 | 0 |
| Дополнительные выплаты и компенсации | 21111300 | | | 27 763 335 | 27 763 335 | 0 |
| **Взносы в Социальный фонд** | **2121** | **11 482 200** | **10 964 700** | **10 613 713** | **10 613 713** | **0** |
| Страховые взносы в пенсионный фонд | 21211100 | | | 10 613 713 | 10 613 713 | 0 |
| **Расходы на служебные поездки** | **2211** | **1 900 000** | **1 790 000** | **1 649 445** | **1 649 499** | **0** |
| Транспортные расходы | 22111100 | | | 136 461 | 130 365 | 0 |
| Гостиничные расходы | 22111200 | | | 103 600 | 100 600 | 0 |
| Суточные расходы | 22111300 | | | 85 800 | 94 951 | 0 |
| Транспортные расходы | 22112100 | | | 646 634 | 646 634 | 0 |
| Гостиничные расходы | 22112200 | | | 377 815 | 377 814 | 0 |
| Суточные расходы | 22112300 | | | 299 135 | 299 135 | 0 |
| **Услуги связи** | **2212** | **1 400 000** | **1 400 000** | **766 078** | **714 316** | **0** |
| Услуги телефонной и факсимильной связи | 22122100 | | | 217 556 | 198 708 | 0 |
| Услуги почтовой связи | 22122400 | | | 271 823 | 246 914 | 0 |
| Прочие услуги связи | 22122900 | | | 276 699 | 268 694 | 0 |
| **Арендная плата** | **2213** | **70 000** | **180 000** | **180 000** | **180 000** | **0** |
| Аренда зданий и помещений | 22131100 | | | 180 000 | 180 000 | 0 |
| **Транспортные услуги** | **2214** | **1 950 000** | **1 950 000** | **775 784** | **878 989** | **0** |
| Бензин, дизель и прочее топливо | 22141100 | | | 445 134 | 589 401 | 0 |
| Приобретение запасных частей | 22141200 | | | 171 015 | 102 193 | 0 |
| Обслуживание транспортных средств | 22141300 | | | 139 635 | 143 895 | 0 |
| Прочие транспортные услуги | 22141900 | | | 20 000 | 43 500 | 0 |
| **Приобретение прочих товаров и услуг** | **2215** | **1 900 000** | **1 900 000** | **1 343 262** | **1 030 849** | **0** |
| Услуги в области информационных технологий | 22151400 | | | 66 868 | 64 808 | 0 |
| Приобретение санитарных услуг в содержании | 22152100 | | | 53 515 | 50 562 | 0 |
| Приобретение прочих услуг по содержанию зданий и помещений | 22152900 | | | 0 | 3 739 | 0 |
| Расходы на обучение государств. служащих | 22153100 | | | 31 000 | 31 000 | 0 |
| Представительские расходы | 22154100 | | | 247 542 | 113 743 | 0 |
| Расходы за изготовление бланков, медалей, значков | 22154200 | | | 351 580 | 205 050 | 0 |
| Оплата за оказание информационно-коммуникационных услуг | 22154300 | | | 170 767 | 170 767 | 0 |
| Проч. расходы, связанные с оплатой пр услуг | 22154900 | | | 421 990 | 391 180 | 0 |
| **Расходы на текущий ремонт имущества** | **2221** | **700 000** | **700 000** | **700 000** | **2 196 460** | **0** |
| Расходы на текущий ремонт зданий и помещений | 22211100 | 0 | 0 | 700 000 | 2 196 460 | 0 |
| **Приобретение предметов и материалов для** | **2222** | **1 200 000** | **1 100 000** | **772 850** | **515 542** | **0** |
| Приобретение оборудования и материалов | 22221100 | 0 | 0 | 339 004 | 21 400 | 0 |
| Прочие приобретение предметов и материалов для текущих хоз. целей | 22221200 | 0 | 0 | 433 846 | 494 142 | 0 |
| **Приобретение услуг охраны** | **2225** | **0** | **2 764 300** | **2 729 616** | **2 729 616** | **0** |
| Приобретение прочих охранных услуг | 22251900 | 0 | 0 | 2 729 616 | 2 729 616 | 0 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коммунальные услуги** | **2231** | **1 226 500** | **1 226 500** | **1 214 449** | **1 284 636** | **0** |
| Плата за воду | 22311100 | 0 | 0 | 14 795 | 16 237 | 0 |
| Плата за электроэнергию | 22311200 | 0 | 0 | 384 321 | 430 302 | 0 |
| Плата за теплоэнергию | 22311300 | 0 | 0 | 815 333 | 838 097 | 0 |
| **Текущие взносы организациям** | **2621** | **300 000** | **300 000** | **171 862** | **171 862** | **0** |
| Взносы в международные организации | 26211100 | 0 | 0 | 171 862 | 171 862 | 0 |
| **ИТОГО текущих расходов** | | **105 732 600** | **103 979 400** | **98 670 066** | **99 718 489** | **0** |
| | | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| **ОПЕРАЦИИ С АКТИВАМИ И ОБЯЗАТЕЛЬСТВАМИ** | | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** |
| Здания и сооружения | 3111 | 29 746 300 | 29 746 300 | 26 982 000 | 0 | 0 |
| **Приобретение** | **3111** | **29 746 300** | **29 746 300** | **26 982 000** | **0** | **0** |
| **Продажа** | **3111** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** |
| Капитальный ремонт прочих зданий | 31112390 | 0 | 0 | 26 982 000 | 0 | 0 |
| Машины и оборудование | 3112 | 1 800 000 | 1 900 000 | 1 600 348 | 0 | 0 |
| **Приобретение** | **3112** | **1 800 000** | **1 900 000** | **1 600 348** | **0** | **0** |
| **Продажа** | **3112** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** |
| Приобретение мебели | 31123210 | 0 | 0 | 176 071 | 0 | 0 |
| Приобретение компьютерного оборудования | 31123230 | 0 | 0 | 638 894 | 0 | 0 |
| Приобретение прочей мебели и оборудования | 31123290 | 0 | 0 | 785 383 | 0 | 0 |
| **ИТОГО нефинансовые активы** | | **31 546 300** | **31 646 300** | **28 582 348** | **0** | **0** |
| **Приобретение** | | **31 546 300** | **31 646 300** | **28 582 348** | **0** | **0** |
| **Продажа** | | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** |
| | | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| **Всего расходов** | | **137 278 900** | **135 625 700** | **127 252 414** | **99 718 489** | **0** |

**Руководитель:**

**Главный бухгалтер:**

**Руководитель ТУ МФ КР:**

**Исполнитель**

19.02

к приказу Министерства финансов КР
Приказ №137 от 25 декабря 2018 г.

**Форма 2. Отчет об исполнении сметы расходов по бюджетным средствам - Фонд развития и стимулирования государственных органов КР**

Учреждение: **4402011101175878 - Аппарат Омбудсмена (Акыйкатчы) КР**

Отчетная дата: на 01.01.2025 года

Отчетный период: **2024 год (Годовой)**

Единица измерения:(сом)

Классификация ведомственная: '21110'

Классификация функциональная: 70368

| Показатели | Коды статей и элементов | Утверждено по смете на год | Уточнено по смете на отчетный | Кассовые расходы | Фактические расходы | Обязательства и контракты |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **РАСХОДЫ** | | **0,00** | **0,00** | **0,00** | **0** | **0** |
| **Заработная плата** | **2111** | **0,00** | **11 407 200,00** | **11 399 185,00** | **11 399 185** | **0** |
| Дополнительные выплаты и компенсации | 21111300 | 0,00 | 0,00 | 11 399 185,00 | 11 399 185 | 0 |
| **Взносы в Социальный фонд** | **2121** | **0,00** | **1 867 800,00** | **1 867 800,00** | **1 867 800** | **0** |
| Страховые взносы в пенсионный фонд, фонд | 21211100 | 0,00 | 0,00 | 1 867 800,00 | 1 867 800 | 0 |
| **ИТОГО текущих расходов** | | **0,00** | **13 275 000,00** | **13 266 985,00** | **13 266 985** | **0** |
| | | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0 | 0 |
| **Всего расходов** | | **0,00** | **13 275 000,00** | **13 266 985,00** | **13 266 985,00** | **0** |

**Руководитель:**

**Главный бухгалтер:**

**Руководитель ТУ МФ КР:**

**Исполнитель**

19. 02

*Баяндама, төмөнкү курамда комиссия тарабынан даярдалды:*

Джаманбаева Дж. А., Назаралиева А. К., Жоробаев Ж. С., Токтосунова Н. Ж., Аралбаев У. С., Осмонова Р. Т., Жолдошбеков У. А., Джандаев Э. Дж., Дооронбеков Ч. Д., Абылгазиева Ү. Р., Касымбекова С. А., Абдрахманова Т. А., Абдукеримов А. М., Мойдунов М. Э., Медералиев Дж., Джумашалиева Ж. Б., Кармышаков И. М., Сабиров М. С., Андабеков Н. Т., Мамаев А. А., Узакбаева Ж. А., Шаршеева А. Ж.

**Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) “2024-жылы адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин абалы жөнүндө” баяндамасы**

---

Подписано в печать 07.03.25
Формат бумаги 60x84 $^{1}/_{8}$. Бумага офсетная.
Объём 13,5 п.л. Тираж 110 экз.

Отпечатано в типографии «ДЭМИ»
г. Бишкек, ул. Кулатова, 1А
Тел.: +996 312 44-23-22